*Омор Сооронов*

# «МАНАС» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү

ФРУНЗЕ 1981

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

О. СООРОНОВ

# „МАНАС“ ТРИЛОГИЯСЫНДАГЫ ЭПИКАЛЫК ОКУЯЛАРДЫН СҮРӨТТӨЛҮШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

(Тоголок Молдонун варианты)

«ИЛИМ» БАСМАСЫ
Фрунзе — 1981

Эмгекте кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын классиги, акын Тоголок Молдонун манасчылык өнөрү, андан жазылып алынган «Манас» трилогиясы иликтөөгө алынат. Ошондой эле акын-манасчы жазып калтырган казынанын «ачыла элек» бөлүгүн эл массасына таанышрыруга багытталып, негизинен «Манас», «Семетей» эпостору кеңири талданат.

Трилогиянын жыйынтыктоочу бөлүгү — «Сейтек» эпосунун айрым маселелери да учкай козголуп, анын айрым варианттары туурасында автор өз алдынча ой жүгүртөт.

Эмгек эпосту изилдөөчүлөр, мугалимдер, студенттер, мектеп окуучулары, жалпы эле коомчулук үчүн кызыгууну туудурат го деп ойлойбуз.

*Басмага Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар советы тарабынан бекитилген жана Кыргыз ССР илимдер академиясынын РИСОсу кабыл алган*

Жооптуу редактору — филология илимдеринин кандидаты *К. Кырбашев*

Рецензенттер: филология илимдеринин кандидаттары *С. Бегалиев*, *С. Байходжоев*

© Издательство «Илим», Фрунзе, 1980.

## СӨЗ БАШЫ

Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов) акын катары кыргыз элине гана эмес, боордош бир тууган республикалардын элдерине да маалым. Анын өмүрү жана чыгармачылык жолу, философиялык ойлору, чыгармаларынын педагогикалык мааниси, атеизмдеги ролу жана айрым чыгармалары жөнүндө ондогон сын макалалар жарыяланып, бирин-эки монографиялар да жарык көрдү[1]. Кошоктору, сатиралары, поэмалары, тамсилдери жана лирикалык ырлары тууралу кеңири талдоолор жүргүзүлдү. Акындын сексен жылдык, жүз жылдык юбилейлерине арналып анын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө бир нече эскермелер жазылды. Бул да болсо Айткулу Убукеевдин кыркынчы жылдары Тоголок Молдонун чыгармаларына байланыштуу айткан өкүнүчүнө жооп бергенсийт: «...Ал киши тарабынан жыйналып, тапшырылган элдик адабияттар ушул күнгө чейин илим жолу менен талданып, иштелип бүткөнү жок. Элдин мүлкү болуп жарыкка чыгып тарай элек»[2]. Сын макалалардын, эскермелердин, монографиялардын ичинен «Тоголок Молдо санжырачы, манасчы болгон» деген ойлорду кездештирип калабыз. Маселен, «Манас» эпосун изилдөө ишине түздөн-түз байланышы бар Ө. Жакишев Тоголок Молдонун чыгармаларына арналган бир макаласында анын манасчылык жагына учкай токтолуп, анын чоң манасчылар менен бир катарда турарын көрсөткөн адилет пикирин белгилей кетишибиз жөндүү: «Тоголок Молдо өзүнүн өмүрүнүн акыркы жылдарында кыргыз элинин улуу эпосу «Манас», «Семетейдин» үстүндө иштеп, институтка «Манас» эпосунан 190 басма табак өткөрөт. Азырынча Тоголок Молдонун тапшырган варианттары текшерилип чыга элек

---

[1] *Таштемиров Ж.* Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу. — Фрунзе: Илим, 1956; *Асаналиев К.* Тоголок Молдо. — Фрунзе: Мектеп, 1975; ж. б.

[2] *Убукеев А.* Тоголок Молдо. — Кызыл Кыргызстан, 1940, 2-июнь.

болсо да, анын аты эпостун чоң жомокчулары менен сөзсүз бир катарда каларын айта кетүү керек»[1]. Ошондуктан Тоголок Молдонун басма бетинен окуп жүргөн ырларына, поэмаларына гана маашыр болуп жүрө бербестен, анын чыгармачылык казынасындагы санжырасы, «Манасы» жөнүндө сөз кылууга убакыт жетти го деп ойлойбуз.

Акын өмүрүнүн 60—70 жашын эл аралап, элдик оозеки көркөм чыгармаларды угуп, өзүнүн поэтикалык дүйнөсүнө сиңирүү менен өткөргөн. Элдик ырлар, поэмалар, жомоктор, санжыралар, кошоктор анын бүткүл ой-сезимин ээлеп, чыгармаларына гүлазык болуп, түгөнгүс казынанын ролун аткарган. Акындын көркөм чыгармаларынын өзөгүн элдик сюжеттер, мотивдер, учкул сөздөр, элдик кайрыктар түзгөндүгү бекеринен эмес. Элдик көркөм казынага кызыккан Байымбет Абдырахманов Кыргызстанды кыдырып, сөз чеберлери, белгилүү акын, жомокчулар менен кездешип, алардан таалим алган. Жаш кезинде колунан кагаз, калемин түшүрбөй, кайсы жерде болбосун өз алдынча күңгүрөнүп, же бирөөдөн бир нерсе сурап, элден уккан окуялуу кызык сөздөрдү текке кетирбей, учурунда бүт жазып алуучу экен[2]. Бул жагынан Тоголок Молдону элдик фольклорду жыйноочу катары да ардактуу тизмелерге киргизүүгө болот.

Жазуунун баркын билген Тоголок Молдо 1936-жылдан тартып Кыргыз тилин жана жазуусун илимий изилдөө институту (мурда Маданий курулуш институту деп аталып келген) менен байланыш түзүп, өз чыгармаларын, ошондой эле ар түрдүү фольклордук материалдарды өткөрөт. Эки жыл ичинде 190 басма табак көлөмүндөгү материалды фондуга тапшырышынын өзү эле анын көркөм чыгармачылыкка, чыгармаларынын жазма түрүндө сакталып калышына кызыккандыгын, жазууну кадырлай билгендигин айгинелейт. Заманында Тоголок Молдо саналуу гана сабаттуу кыргыздардын өкүлү болгондуктан, чыгармаларын кол жазма түрүндө элге тараткан. Көпчүлүк кыргыздар анын чыгармаларын окуп, сабаттуулугун жогорулатышкан. Ушунун өзү эле анын

---

[1] *Жакишев Ө.* Тоголок Молдонун чыгармалары тууралуу. Китепте: Кыргыз адабияты жөнүндөгү макалалар жыйнагы. — Фрунзе, 1951, 121-бет.

[2] *Таштемиров Ж.* Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу. — Фрунзе, 1956, 11-бет.

чыгармаларынын агартуучулук милдет аткаргандыгынын айкын күбөсү. Тоголок Молдонун көркөм сөздүн чебери, элдик чыгармаларды тыкан жыйноочу, эмгекчил адам болгондугунан улам гана майда лирикалык ырлардан тартып залкар «Манаска» чейинки жүздөгөн элдик оозеки чыгармалар Кыргыз ССР илимдер академиясындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар жана жарыялоо секторуна өткөрүлүп, кыргыз элинин көркөм мурасы катары күнү бүгүнкүдөй сакталып турат.

Тапшырылган материалдардын басымдуу бөлүгүн «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» эпостору ээлейт. Булардын бардыгы 11 томдон турат жана 98703 ыр сабын түзөт. Трилогиянын ичинен көлөмү жагынан эң азы «Сейтек» эпосу. Болгону 100гө жакын бет. Ушул жүз бетте трилогиянын үчүнчү бөлүгүнүн традициялуу окуялары кыскача баяндалып, Сейтек Кыяс менен Канчорону жеңип, Таласка келип кыргызга кан болгону менен аяктайт.

Эми Байымбет манасчы, же семетейчи болгонбу? Бул залкар эпосторду эл алдына чыгып айтканбы? Эгер айткан болсо, аны кимден үйрөнгөн, кандай деңгээлде айта алган? Жалпы эле Байымбет Абдырахмановду манасчы катары кароого болобу? Болсо кандай баалоо керек? — деген сыяктуу суроолорго жооп берүүгө туура келет. Буларга жооп берүүдөн мурда манасчылыкка байланышкан айрым учурларга токтоло кетүү жөн.

«Манасчы» деген терминдин, же түшүнүктүн кандайча, качан пайда болгондугу, мааниси туурасында көптөгөн окумуштуулар ой жүгүртүшүп дээрлик көбү манасчылар «Манас» айтууну негизги кесипчилигине айландырышкан жомокчулар экендигин белгилешет[1].

---

[1] *Ауэзов М.* Киргизская народная героическая поэма «Манас», *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас», *Богданова М.* Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас».— См. в кн.: Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961; *Жирмунский В. М.* Среднеазиатские народные сказители. — В кн.: Народный героический эпос. — М.—Л., 1962; *Рахматуллин К. А.* Творчество манасчи. — В кн.: «Манас» героический эпос киргизского народа. — Фрунзе, 1968; *Юнусалиев Б. М.* Улуу эпос, укмуштуу жомокчу. — Ала-Тоо, № 1, 1967; *Абдылдаев Э.* Эпикалык традицияларды сактоочулар жана улантуучулар (манасчылар жана кайчылар). — Китепте: Манас эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. — Фрунзе, 1968.

Манасовед Э. Абдылдаев кыргыз элинде эпикалык чыгармаларды аткаруучуларды жомокчулар деп атап келишкенин, кийинки кездерде «Манас» эпосу эл арасында өтө кеңири тарап, жомокчулар аны аткарууну атайын кесип кылгандан кийин гана башка эпикалык традицияларды аткаруучулардан айырмалана турган «манасчы», «семетейчи» деген элдик терминдер пайда болгонун, «манасчы» деген термин «Манас» эпосунун кеңири таралышына, монументалдуулугуна байланыштуу зарылдыктан келип чыккандыгын белгилейт[1]. «Манасчы» термини азыркы кезде да кеңири таралып, элдин лексикасынан бекем орун алып, өз маанисинде жашап жатат. Демек, «Манас» эпосун айтуучулар жөнүндө сөз кылганыбызда терминди өз аты менен атап, жаралыш, таралыш тарыхын туура белгилешибиз керек. Ошентсе да кийин жазылган айрым макалаларда манасчылыкка байланыштуу терминдерди (чоң манасчы, чала манасчы ж. б.) акындарга байланышкан терминдер менен (нускоочу акындар, жамакчы акындар жана башкалар) чаташтырып, анализдөөнү талап кылбаган пикирлер кездешет. Маселен, М. Мамыров «Манасчылар» аттуу макаласында: «Кыргыз эли «манасчылар» деп өзүнүн баатырдык улуу эпосу «Манасты» акын уландылары болгон «Семетей» менен «Сейтекти» айта билген таланттуу акындарды айтышат. Манасчылар — кадимки акындар»[2], — деп белгилейт да «жамакчы-ырчылар» менен «жамакчы-жомокчуларды» (чала манасчылар) салыштырууга аркеттенет. Тилекке каршы М. Мамыров терминдердин чегин ажыратып берүүнүн ордуна чаташтырып жиберген. Манасчылык өнөрдүн акындык өнөр менен тыгыз байланышта экендигин көрсөтүүнү максат кылганы менен иш жүзүндө «акын», «манасчы» деген терминдерди чаташтырып: «Акындардын мындай түрү жомокчулукту атайын кесип кылып, турмуш тиричилигин, жашоосун өмүр бою жомок айтуу менен өткөргөн. Мындай таланттуу жомокчуларга Келдибек, Тыныбек, Акылбек, Балык, Чоңбаш, Калча, Дыйканбай, Чоюке, Доңузбай, Жандаке, Отунчу, Сагынбай. Саякбай өңдүү алптардын ысымдарын атоого болот»[3] деген жыйынтык чыгарат.

---

[1] *Мамытбеков З., Абдылдаев Э.* Манас эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, 146-бет.

[2] *Мамыров М.* Манасчылар. — Ала-Тоо, 1971, 151-бет.

[3] Ошондо, 153-бет.

Бул аталгандар элге акын катары эмес, манасчы катары белгилүү. Маселен Келдибек акын, Чоюке акын, же Саякбай акын дегенди эч жерден уга элекпиз. Мүмкүн макаланын автору К. Рахматуллиндин «Ушул маалыматтардын негизинде: манасчылар эпосту сактоону, өнүктүрүүнү жана аткарууну негизги иш катары тандап алган элдик акындар болушкан»[1] — деген пикирине таянып жаткандыр. Бирок К. Рахматуллиндин жыйынтыгы «манасчы» деген терминдин, же кесиптин айланасында болбостон, манасчынын (айтуучунун) ички мүмкүнчүлүгү, жөндөмү, таланты жана мурасты сактап калуудагы ролу жөнүндө болуп жатат.

Айрым манасчылардын «Манастан» сырткары топ жарып ырдап, акындык жөндөмдөрүн көрсөткөн учурлары да бар экени белгилүү. Ошентсе да ал жагы экинчи баскычта турганын унутпашыбыз керек. Ал эми акындык жагын көрсөткөн манасчылар кайсы мезгилинен (өмүрүнүн, же чыгармачылыгынын) баштап акындык өнөрдүн тизгинин колго алганына, ага эмне таасир бергенине байкоо жүргүзгөндө, тигил же бул манасчынын баары эле эң алды акын болуп аталып, анан манасчылыкка өткөн деген бир жактуу жыйынтыкка келүүгө болбойт. Жаш чагында ар бир кыргыз эки-үч түрмөк ыр чыгарууга жөндөмдүү экендиги талашсыз аксиома. Ошого карап туруп биз аны акын деп айта алабызбы? Көркөм сөз дүйнөсүнө дилгирленген жаш адам манасчыларды ээрчип «Манас» үйрөнүп, аны эл алдында айтып, анан ошол үйрөнгөн «Манасынын» таасири менен акындыкка өтүп, андан ары акын, же ырчы аталган учурлары да болушу мүмкүн. Демек, ички поэтикалык мүмкүнчүлүк сыртка чыгып, тигил же бул жанрда өзүн көрсөткөндө гана көркөм сөз ээси ырчы же манасчы аталып, аны өз кесибине айландырып алат. Сөз ички поэтикалык жөндөмдүүлүккө, акындык талантка (кесипке эмес) ээ болгон таланттар жөнүндө бара жатат. Ошондуктан А. Астахова белгилеген: «Жомокчулардын ар түрдүү категорияларын изилдеп көргөндө алардын дагы бир тиби—эпостун сюжетин гана эмес, бүткүл көркөм касиетин толук боюнча так сактоого аракеттенген жаттама жомокчу (сказитель передатчик) бөлүнүп чы-

---

[1] *Рахматуллин К. А.* Творчество манасчи. — В кн.: «Манас» героический эпос киргизского народа, 91-бет.

гат»[1] деген пикирине караганда, «Манасты» үйрөткөн устатынын оозунан, же китептен сөзмө-сөз жаттап алып айтып жүргөн манасчылардын дагы бир тиби болушу мүмкүн экендиги келип чыгат. Анткени, А. Астахова белгилеген жомокчулардын (сказители) тибин, негизинен, кенже эпосторду аткаруучулардын, улуу эпостун («Семетей», «Сейтек») бөлүмдөрүн айтуучулардын арасынан кездештирип жүрөбүз. Буга семетейчи Сейдана Молдокеева кантип «Семетейди» айтып калганына токтолсок эле жетиштүү. Анын айтканына ишенсек (биз семетейчинин вариантын жазганы барганда бул маселе боюнча аңгемелешкен элек), Молдокеева мурда жамактатып ырдап көргөн жан эмес экен. Качан гана «Манас» трилогиясынын бириктирилген варианты басмадан чыкканда «Семетей» бөлүгүн окутуп угуп, көп учурларда өзү окуп жүрүп акырында көңүлүнө жат болуп анан эл алдында айтууга өткөндүгүн, бара бара тигил же бул көрүнүштү жамактап ырдоого жетишкендигин айтат.

Андан жазылып алынган «Семетейдин» варианты да китептен анча алыс узай албагандыгын далилдейт. Сейдана Молдокеева «Семетейди» эл алдында толук айта алат. Буга караганда С. Молдокеева А. Астахова белгилеген жаттап айтуучуга жакын деп божомолдоого болот.

«Акын» жана «манасчы» деген өнөрлөрдүн (кесиптик маанисинде алганда) айырмасын жана бири бирине болгон карым-катнашын тереңирээк билиш үчүн Тоголок Молдонун чыгармачылыгына кайрылуу бир топ алгылыктуу жыйынтыктарды берээри шексиз. М. Мамыровго Тоголок Молдону жомокчулардын тигил же бул тобуна киргизүү бир топ татаалдыкты туудурган көрүнөт, негедир жомокчулардын эки тобуна тең кошкон эмес. Чынында да Тоголок Молдону манасчылардын тигил же бул тобуна жеңил-желпи ыйгара коюу кыйын. Себеби ал, биринчиден, журтчулукка акын катары белгилүү; экинчиден, «Манас» эпосун эл алдында айтып, чоң сыноолордон өткөндүгү жөнүндө да белгилүү маалымат жок; үчүнчүдөн, трилогияны өз колу менен жазып өткөргөндүктөн, импровизаторлук жагы ме-

---

[1] *Астахова А.* Импровизация в русском фольклоре. — В кн.: Специфика фольклорных жанров (Сборник статей, отв. ред. Б. П. Кирдан). — М.: Наука, 1973, 63-бет.

нен жазгыч акындарга мүнөздүү болгон чыгармачылык акты учурундагы моменттерди ажыратып айтуу кыйын. Ал эми колдогу материалдардын идеялык-көркөмдүк жагынан трилогиянын бөлүмдөрүндөгү эпизоддордун (окуялардын) камтылыш деңгээлине караганда Тоголок Молдону тайманбай эле чоң манасчылардын катарына кошууга болот. Анын чоң манасчылардын тобуна кирээрине «Манасты» үйрөнүү моменттери, эпоско болгон мамилеси, ал жөнүндө өзүнүн айткандары кошумча факты катары кызмат этет.

Байымбеттин элдик оозеки чыгармачылыкты мыкты билген Музоокенин колунда тарбияланышы анын ырга сезимдүү көркөм дүйнөсүнүн эрте ойгонушуна шарт түздү. Өзүнүн поэтикалык жөндөмүн көрсөтүүгө жаш кезинен эле мүмкүнчүлүк түзүлүп, ырчылыкка эрте киришкен, ошентип 15 жаш курагында бирди бирге кошуп, өзүнчө күңгүрөнүп ырдап жүргөн болот[1]. Байымбет ырларынын биринде 18 жашка толгондо акын деген атакка жетишип, ал турсун «Манасты» бүт үйрөнгөнүн айтат:

Он сегиз жашка келгенде,
Акын болдум атанып,
«Манасты» бүт үйрөндүм
Тыныбектен жат алып[2].

Байымбеттин чыгармачылыгына зор таасири тийген чоң атасы Музооке дүйнөдөн кайткандан кийин да, ал элдик чыгармалардан жана анын өкүлдөрүнөн алыстаган эмес. Бала кезинде майда ырларга караганда «Манасты» жогору коюп, аны берилүү менен үйрөнгөн. Демек, «Он сегиз жашта Байымбет манасчы деп атандым»[3]—деп, төгүн жерден айтпаса керек. Кыргыз элинин атадан балага калып келе жаткан мурасы «Манас» кылымдаган тарыхты, турмушту, көркөм сөздү, миңдеген адамдардын поэтикалык дүйнөсүн камтуу менен ченемсиз кадыр-баркка ээ.

---

[1] *Таштемиров Ж.* Тоголок Молдо. Чыгармалардын эки томдук жыйнагы, 1-том. — Фрунзе, 1970, 9-бет.

[2] Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусу, инв. 1468, 101-бет (мындан ары Тил жана адабият институту кыскартылып баш тамгаларынан гана берилет).

[3] ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1468, 103-бет.

Ошондон улам, биздин оюбузча, Байымбет ырчылык кесиптен манасчылыкты алда канча жогору коёру белгилүү эмеспи.

Байымбетке «Тоголок Молдо» деген лакап аттын (прозвище) кошулуп калышы да «Манас» жомогуна, белгилүү Тыныбек манасчыга байланыштуу экен. Күндөрдүн биринде Байымбеттин айылына кадимки улуу манасчы Тыныбек келип, күнү-түнү «Манас» айтат. Кичинекей Байымбет ичине эл толгон үйдүн бир капшытынан орун алып, көзүн ирмебей күнү-түнү улуу жомокчунун «Манасын» угат. Тыныбек айткан жомоктун көркөмдүк күчүнө жаш бала өтө кызыгат. Акырында кичинекей Байымбетке бул жомоксуз жана бул жомок айткан кишисиз анын күнү жоктой сезилет. Байымбеттин сөзгө дилгирлигин байкаган Тыныбек үйүнө кошо ала кетет. Ошентип бир жылча Тыныбектин үйүндө жүрөт. Манасчы жаш баланын жомокко берилгенин «Манастын» кээ бир окуяларын жаттап алганын билип: «Бул уйдун таскарынындай болгон томолонгон Тоголок Молдом ишке жарайт» — деп, кубанган экен. Улуу жомокчунун мактоосунан кийин кичинекей Байымбет Тоголок Молдо аталып калат[1]. Тыныбектин Тоголок Молдо атыктырып жиберишине Байымбеттин чарчы бойлуу келип, тоголок тарткан сырткы келбети менен бирге кат таанып, жаза, окуй билгендиги себеп болгон. Байымбеттин жогоркудай келбети жана касиеттери Тоголок Молдо деген псевдонимге ээ кылгандыгын Айткулу Убукеев мындайча белгилейт: «...Ал кезде кат билген кишинин баарын эле эл «Молдо» дей берчү экен. Байымбет чарчы бойлуу, кат билген бала болгондуктан атактуу жомокчу Тыныбек «Тоголок Молдо» атыктырып жиберген»[2]. Чоң манасчынын назар салып, бирге ала жүрүшү жаш Байымбеттин көңүлүн көтөрүп, «Манаска» болгон сүйүүсүн арттырып, тилегине жол ачкан. Көркөм казынаны жаратуучулардын таланттуу өкүлү болгон Тыныбектин көңүлүн бурушу Байымбеттин поэтикалык жан дүйнөсүнө чоң бурулуш жасап, алдындагы максатына айкын жол көрсөткөн. Байымбеттин Кыргызстанды кыдырып, элдик фольклордун ус-

---

[1] *Саманчин Т.* Акындын өмүрү. — Кызыл Кыргызстан, 1940, 9-июнь.

[2] *Убукеев А.* Тоголок Молдо. — Кызыл Кыргызстан, 1940, 2-июнь.

таттарына жолугушу, ал турсун алыскы Кетмен-Төбөгө барып Токтогулга эки жолу учурашып, сабак алып кайтышы бекеринен эмес. Ал элдик чыгармаларга аябай кызыккандыгынан, элдик көркөм дүйнөнүн Тыныбектей зор жаратуучуларына жолугуп каламбы деген үмүттө болгондугунан улам эл аралап көп жүрсө керек.

Байымбет 22—23 жаш курагында семетейчи катары таанылат. Трилогиянын «Семетей», «Сейтек» бөлүгүн айтып жүрөт[1]. Манасчы өзү 18 жашында «Манасты» толук үйрөндүм дегени менен, элге кеңири таанылып, такшалып калган учуру К. Рахматуллин белгилеген мезгилге туура келет. Тоголок Молдо андан аркы өмүр жолунда эл алдына чыгып, трилогиядан айтып жүргөндүгү жөнүндө анын өмүрүнө байланышкан илимий эмгектерде, эскермелерде далилдүү маалыматтар берилбейт. Ошентсе да элге семетейчи катары таанылып калган, поэтикалык дүйнөсүн «Манас» трилогиясы ээлеп алган Байымбет залкар жомокту айтпай коё албайт эле. Жетишпеген жетимдик, айла кетирген көр турмуштун айынан Байымбет табигый поэтикалык мүмкүнчүлүктөрүн, убактысын манасчылыктан сырткары ар түрдүү жагдайларга бөлүштүрүп жиберген. Оокат өткөрүүнүн амалын кылып Тоголок Молдо жерден жер которуп көчүп жүргөн. Түрдүү жумуштарды аткарган. Чүйдө жашап турганда полководец М. В. Фрунзенин атасы менен бирге дарыгерлик (лекарь) кылгандыгы белгилүү[2]. Тоголок Молдо чыгармачылык дареметин майда ырларды жаратууга, элдик арман, кошок, болмуштарды иштеп чыгууга, санжыралар жазууга көп жумшаган. Ал көп убактысын эл алдында жомок айтууга, ыр ырдоого караганда, элдик оозеки чыгармалардын жогоруда аталган жанрларын кагаз бетине түшүрүүгө аракет кылганын өзү да: «Өзүм жазуучулук жөнүнө түшүп, ашта, тойдо ырдаганым жок»[3], — деп эскерген жери бар.

Байымбет бардык ырларын жазып, жыйнап жүргөндүгүн Кайым Мифтаков мындайча белгилейт: «Ырларынын баарын картайганча дептер кылып жазып жүр-

---

[1] *Рахматуллин К. А.* Творчество манасчи. — В кн.: «Манас» — героический эпос киргизского народа, 87-бет.

[2] *Богданова М.* Киргизский народный акын Тоголок Молдо. Избранное. — М., 1958, стр. 6.

[3] ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1468, 74-бет.

со да, 1916-жылкы көтөрүлүштө мунуку да жоголгон. «Манас», «Семетейди» жакшы айталчу кишилерден саналса да, азырынча унуткан»[1]. Буга караганда «Манас» трилогиясынан да билген жерлерин жазып, катып жүргөн болуу керек. Бул оюбузду К. Рахматуллиндин пикири да кубаттайт: «Сабаттуу Байымбет үйрөнгөндөрүнүн баарын жазып калтырууга аракеттенген»[2]. Жазып катып жүргөн чыгармалары 1916-жылкы элдик көтөрүлүш учурунда жоголгон кол жазмалары менен бирге «Манастан» жазгандары да кошо жоголушу мүмкүн. Ошондон улам 1936-жылдан баштап кайра кагаз бетине түшүрүүгө катуу киришкен го сыягы. Мурда жазгандары бар болсо фондуга ошону эле өткөрмөк.

К. Мифтаков белгилегендей, Байымбет «Манас» айтууну биротоло унутпаса да, учурдагы татаал шартка, өзүнүн жекече турмуштук жагдайына жараша бир топ убакка токтотуп коюшу ыктымал. Жомокчулукту кесип катары дайыма ала жүрбөсө, көпчүлүк жерлери бүдөмүктөлүп, унутула берери белгилүү.

Тоголок Молдо өмүрүнүн аягына чейин улуу жомоктон кол үзбөй, башка чыгармалары менен бирге өркүндөтүп, унутпай алып жүргөн. Анын 80 жылдык юбилейи өтүп жаткандагы бир учурду Абдырасул Токтомушев: «Элдин сүйүүсүнө жык бөлөнгөн карыя акынды (Тоголок Молдону. — *О. С.*) ар ким алпештеп коноккo чакырып кетип жатып, меймандар үйүнөн бөлүнгөн жай (Нарын шаарында. — *О. С.*) ээн турду. Барган жеринде өзүнүн башынан өткөргөн түркүн татаал жана кызык окуяларды айтып берип: эрдикке, эмгекке жана адилеттүүлүккө шыктандырган сонун чыгармаларынан аңгемелеп, кай бир учурларда «Семетей» айтып берип угуучулардын көңүлүн ачып жүрдү»[3], — деп эскерсе, Кубанычбек Маликов Тоголок Молдонун 100 жылдык юбилейиндеги сөзүндө: «Акын жашынан «Манас», «Семетейди» көп угуп, өзү да бир аз ал жомоктордон айга койгон»[4] дейт. Мындан Байымбет «Семетей» айтып, эл сүймөнчүгү болгондугун баамдайбыз.

---

[1] ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1468, 74-бет.

[2] *Рахматуллин К.* Творчество манасчи. — «Манас» — героический эпос киргизского народа, 87-бет.

[3] *Токтомушев А.* Жаркырап эсиме түшөт. — Ала-Тоо, № 6, 1960.

[4] *Маликов К.* Замандаштарым жана каламдаштарым. — Фрунзе, 1964, 28-бет.

Белгилүү жомокчулардын ичинен вариантын өз колу менен жазып берген биринчи манасчы—Тоголок Молдо. Ал трилогиянын «Манас»бөлүгүнөн «Манастын балалык чагы» (жорго сөз түрүндө), «Чоң казат», «Кичи казат», «Манастын ашы» сыяктуу эпизоддорду жана «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн фондуга өткөргөн. Айрым жерлерин Ы. Абдырахманов жазган.

Тоголок Молдо жазгыч акын болгондуктан анын өткөргөн вариантын башка манасчылардын варианттары менен салыштырып карап чыгуу өзгөчө кызыгууну туудурат. Бирөөгө айтып берүү менен өзүнчө отуруп алып жазуунун ортосунда психологиялык ой жүгүртүү, импровизациялык абал жагынан, жалпы эле, манасчынын оюн кагазга так түшүрүүдө белгилүү айырма болушу мүмкүн. Ушул маселелерге байланыштуу Тоголок Молдонун варианты кызыктуу материалдарды берери шексиз.

Адатта манасчылар өздөрүнөн мурдагы жомокчулар жана «Манасты» кимден үйрөнгөндүгү жөнүндө үнчүгушпайт. Өзү айтып жүргөн вариантын табияттан сырткары «күчтүн», б. а., «кудайдын амири» менен үйрөнгөн сыяктуу түшүндүрүшөт. Бардык манасчылар түш көрүп, түшүндө Бакай же Каныкей, айтор жомоктогу персонаждардын бири «Манасты» айткын деп аян берет. Адатта алар түшүндө берилген аяндан улам манасчы болуп калгандыгын айтышат. Түштөрдүн баарысы эле бир-бирине окшобогондой мотивировкаланса да, негизи «кудайдын буйругу менен манасчы болгон» деген сыяктуу түшүнүктү берет. Бизге аты кеңири белгилүү болсо да варианты жазылып калбаган Келдибектен тартып, бүгүнкү биздин замандашыбыз Мамбет Чокморовго чейинки манасчылар түгөл түш көргөндүгүн баяндашат.

Манасчы Мамбет Чокморовдон эпосту кантип үйрөнгөнү жөнүндө (биз ал киши менен эпосту жазууда аңгемелешкен элек) сураганыбызда ал бизге жактырбагандай карап: «Манасты» бирөөдөн үйрөнбөйт, кудай берет», — деди. Айтымына караганда 4—5 жашар кезинде аны бир кереметтүү нерсе тоонун ичине алып кеткен имиш. Ошол жерден Манастын жүргөн жолдорун даана өз көзүм менен көргөм дейт. Бирок сөздөрүнүн маңызын байкап отурсак, бир тууган таякеси Доңузбай манасчы менен бирге жүрүптүр. «Манасты» эл алдында 18—20 жашка чыгып калганда биринчи жолу айтып-

тыр. Буга караганда анын «Манасты» кимден үйрөнгөндүгү өзүнөн өзү белгилүү болуп турат. Мамбет аксакал динге берилген киши болгондуктан, дайыма «Манасты» табияттан сырткары турган «күчкө» байланыштырып кеп салат. Түш көргөндүгү жөнүндөгү билдирүүлөрүн баамдап отурсак, «Манасты» бир топ деңгээлде үйрөнүп калган учуруна туш келет.

«Манас» жомокчунун бүткүл поэтикалык дүйнөсүн ээлеп, бийлеп алган учурда түшүнө сөзсүз кирүүсү мүмкүн (эгер манасчы бүткүл дүйнөсү менен жомокко берилип, андан башканы таназарга албай калган абалга жетсе). Поэзияга кан-жаны менен берилген жазгыч акындар деле түштөрүндө ыр жазган учурлары бар (А. С. Пушкин, Ж. Бөкөмбаев ж. б.). Мунун баары ички мүмкүнчүлүктөрү толук бойдон көркөм дүйнөгө берилгенде гана ишке аша турган нерсе. Түш көрүү жөнүндө манасовед Э. Абдылдаев бир топ орундуу пикирлерди айтат. Ал манасчы болгон адамдын түш көргөнгө чейинки жомокчулардан, элден угуп-көрүп жүргөн учурун «Манас» эпосун стихиялуу үйрөнүү мезгили катары карайт да, түш көргөндөн кийин чоң жыйындарга айтышына чейинки учурун аң-сезимдүү түрдө активдүү үйрөнүү мезгили деп белгилейт[1]. Мындан келечектеги манасчы эпосту стихиялуу түрдө үйрөнүп жүргөндө жаштык кыялын, бүткүл ой-сезимин (стихиялуу түрдө болсо да) «Манасты» үйрөнүүгө буруп, аны менен бирге жашап, деле айрыла албай турган учурга жеткенде түш да көрөөрүн, андан ары аң-сезимдүүлүк менен активдүү түрдө үйрөнүүгө киришээрин көрөбүз.

Тоголок Молдо түш көрүү жөнүндө эч нерсе айтпайт. Манасчылар үйрөнүү, үлгү алуу жөнүндө ооз ачышпастан, «кудайдын амири» менен түшүндө аян берилип, кокусунан эле жомокчу болуп калгандай түшүнүктү беришсе, Байымбет түз эле кимден үйрөнгөнүн, кимден сабаты ачылганын, ал гана эмес, кагазга түшүрүү абалынан бери ачык эле айтып кирет:

Баатыр Манас султандын
Тарыхын айтып башынан.
Тыныбектен үйрөнгөн
Сабаты чыгып жашынан.

---

[1] *Абдылдаев Э.* «Манас» эпосунун алтайлыктардын баатырлык поэмалары менен болгон эпикалык байланышы. — «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, 149—150-беттер.

Семетей менен Манаска
Башынан ойлоп күтүнгөн
Кагаз, сыя өзүнөн
Калтырбай жазып бүтүргөн[1].

Мында Тоголок Молдо өзү жөнүндө сөз кылып жатат. Эгерде ал башынан салт болуп келе жаткан түш көрүү сыяктуу жөрөлгөлөрдү колдогусу келсе, «Манастан» башталып, кандай ырчы кошуп жамаганы баяндалат» аттуу ырын жазып, андагы 31 манасчынын кимиси кимден үйрөнгөндүгүн сыпаттамак эмес. Тоголок Молдо өзү атаган 31 манасчынын көпчүлүгү менен замандаш болгон. Айтканын угуп, айрымдарынан үлгү алган. Алардын кээ бирлери кайсы манасчыдан үйрөнгөндүгүн да өз көзү менен көргөн:

Эл ичинде нече жыл
Акылбектен үйрөнүп,
Айтып жүрдү мына ушул[2].
(Жусуп манасчы жөнүндө).
Тыныбектин шакирти,
Сагынбайдын шериги[3]
(өзү жөнүндө).

Тоголок Молдо манасчылыкты, «Манасты» экинчи бир манасчыдан үйрөнүүнү закондуу нерсе катары карайт:

Балыкты жыккан Айтике —
Жумгалдагы саяктан.
Үйрөнгөнүн билбеймин
Айтике ырчы каяктан[4].

Байымбеттин жогоруда аталган ырын баамдаган киши «Манас» трилогиясы Ырамандын ырчы уулунан тартып оздон-оозго өтүп жүрүп олтургандыгы, бир манасчыдан экинчиси үйрөнүп келгендигин байкайт. Ырдан ар бир манасчынын деңгээли, жөндөмү ачык көрүнөт.

Ошентип, Тоголок Молдо кыргыз элинин классик акындарынын бири болуу менен трилогиянын үч бөлүгүн тең айта билген чоң манасчы болуп саналат. Ал акындыкты (кесип маанисине карай алсак), манасчы-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Чыгармалар. II т.—Фрунзе, 1970-жыл, 138-бет.
[2] Ошондо, 140-бет.
[3] Ошондо, 137-бет.
[4] *Тоголок Молдо.* Чыгармалар. II т., 135-бет.

лыкты да бирдей алып жүргөн көркөм сөз чеберлеринин өзүнчө бир тиби. Анын мындай универсалдуулугун санжырачылык жагы дагы бир жолу далилдейт.

Биз жогоруда Тоголок Молдонун манасчы экендигине, манасчылыкты кайдан, кантип үйрөнгөндүгүнө, ал жазып өткөргөн вариант алиге изилденбей келгендигине токтолдук. Эми Тоголок Молдо жазып Кыргыз ССР илимдер академиясындагы Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусуна өткөргөн варианты тууралуу сөз кылмакчыбыз. Андагы эпикалык окуялардын өзгөчөлүктөрүн Сагымбай Орозбаковдун, Саякбай Каралаевдин варианттары менен салыштырып чыгууну туура көрдүк.

# МАНАС

«Манас» трилогиясынын биринчи бөлүгү бир нече эпизоддордун жыйындысынан турат. Эпопеянын негизги варианттарын салыштырып карап көргөндө жогоруда аттары аталып өтүлгөн көрүнүктүү окумуштуулар[1] баса белгилегендей, «Манас» эпосун түзгөн традициялуу эпизоддор төмөнкүлөр:

1) Манастын төрөлүшү жана балалык чагы.
2) Алмамбеттин окуясы.
3) Манастын Каныкейге үйлөнүшү.
4) Көзкамандар окуясы.
5) Көкөтөйдүн ашы.
6) Казаттар.

Бул эпизоддордун ар бири өзүнчө бүткөн поэма. Аларды бир бирине жалгаштырып турган эпостун борбордук каарманы Манас.

Жогоруда саналып өткөн эпизоддордун ичинен биринчиси менен үчүнчү бөлүгү түздөн-түз Манастын өмүр жолуна арналып, анын төрөлгөнүн, өсүп жетилгенин, кан шайланганын жана үйлөнгөнүн баяндайт. Ал эми калган эпизоддордо Манастын досуна, тууган-дарына тиешелүү окуялар баяндалат. «Чоң казаттын» башталышына негизги себепкер болгон Көкөтөй ханга берилген аш жөнүндөгү өзүнчө чоң эпизод айтылганы менен жогорудагы эпизоддордун мазмунунун бардыгы тең бирдей эле даражада башкы каарманга байланыштырылат. Аш жана аштагы болуп өткөн окуялардын баары Манастын тегерегине топтоштурулуп, анын катышуусу менен өтүп, Манас башкы ролду ойнойт. Казаттар болсо түздөн-түз Манастын демилгеси менен

---

1 Караңыз: Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961; *Абдылдаев Э.* «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, 1966, 156-бет.

жүрүп, анда чоролордун, кандардын, баатырлардын эрдиктерине көп орун берилет. Ушул эпизоддордун баарын камтыган варианттын композициялык курулушу, сюжеттик, идеялык-мазмундук биримдиги эпопеянын эпикалык стилин түзөт.

Манасчылар чыгармачылык арымдарына жараша трилогияны бүт бойдон, же негизги «Манас» бөлүмүнүн традициялуу эпизоддорун толук айтышат. Айтуучулук кудуретине жараша айрым эпизоддорду, мотивдерди өркүндөтүп, жаңы көркөм каражаттар менен толуктап, сюжеттик байланышты кең масштабга алып чыгат. Буга бизге белгилүү Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдердин варианттары мисал болот. Айрым манасчылар традициялуу эпизоддордун жарым-жартылайын гана айткан учурлары кездешет. Мындай манасчылардын варианттарынын сюжеттери баштан аяк динамикалуу өсүштө болбостон, үзүлүп-үзүлүп толук кандуу айкашпайт. Буга Тоголок Молдонун вариантындагы трилогиянын биринчи бөлүгү айкын далил.

Трилогиянын Тоголок Молдо жазып өткөргөн биринчи бөлүмүндө: «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы», «Чоң казат», «Кичи казат» жана эпоско анчейин мүнөздүү эмес «Манаска аш берүү» сыяктуу эпизоддор бар. Тоголок Молдонун вариантында «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Алмамбеттин келиши», «Көзкамандардын окуясы», «Көкөтөйдүн ашы», «Алтайдан Анжиянга көчүү», «Алооке канды жеңүү», «Шоорук канды жеңип, Акылайга үйлөнүшү», «Самаркандан Таласка көчүү» сыяктуу элге кеңири белгилүү жана Сагымбай Орозбаковдун вариантына гана мүнөздүү болгон айрым эпизоддор жок. Ошондой болсо да манасчы жазып калтырган, «Манас» эпосунун орчундуу бөлүгүн камтыган, негизги каарман — Манастын эрдиктеринин кыл чокусун баяндаган «Чоң казат», «Кичи казат», борбордук каармандын жарык дүйнөгө келиши жөнүндөгү «Манастын төрөлүшү менен балалык чагы» өңдүү эпизоддор эпостун негизги сюжеттик бирдигин түзүү менен өзүнчө вариант болууга татыктуу. Демек, Тоголок Молдонун вариантынын сюжеттик курулушу жөнүндө сөз кылууда негизинен ушул үч эпизодго токтолууга туура келет.

## I

Бардык манасчылар сыяктуу эле Тоголок Молдо да Манастын төрөлүшү, балалык чагы жөнүндө сөз кылуудан мурда анын ата-тегин санап чыгат. Манастын түпкү аталарын териштирүү башка манасчыларга караганда Тоголок Молдодо алда канча күчтүүрөөк. Анын вариантында Манастын отуздан ашуун түпкү аталары саналып өтүлөт[1]. Атүгүл тууган-туушкандарынын таралышына чейин айтылат. Манастын 32 атасынын болгондугуна жана аталыш тартибинин так экендигине Тоголок Молдо күбө өтөт.

> Манастын жайы палан деп,
> Болбосун мында талашың,[2]—

деп кескин жыйынтык чыгарат.

Э. Абдылдаев белгилегендей, «Эпосто Манастын ата-бабаларын териштирүү принцибинен баштоо манасчылар үчүн адатка айланса да, туруктуу орток генеалогиялык система жок»[3] экени байкалат. Манастын түпкү аталарынын бири Түбөй кан жөнүндө Сагымбай Орозбаковдун, Молдобасан Мусулманкуловдун варианттарында гана эскерилсе, Түмөн кан Тоголок Молдонун вариантынан башкада жок. Жакып Радловдун, Каралаевдин, Мусулманкуловдун варианттарында Кара кандын баласы болуп берилсе, Орозбаковдун, Тоголок Молдонун варианттарында Ногой кандын баласы болуп айтылат. Багыш Сазанов болсо Жакыпты Ороздунун 10 уулунун бири катары көрсөтөт. Манастын ата-бабаларын санаганда орун тартибинин ырааты да бирдей сакталбайт, алмаштырылып айтыла берет. Мындай болуунун себеби манасчылар «Манасты» үйрөнгөн кезинде Манастын ата-тегин ырааты менен эсте сактап кала албагандыгы болуу керек. Санжырага анчейин кызыкпаган айрым манасчылар Манастын ата-бабасын саноо салт экендигине карабастан

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 832, 2—5-беттер.

[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 869-бет.

[3] *Абдылдаев Э.* Манасчы Багыш Сазанов жана анын вариантынын өзгөчөлүгү. Кыргыз ССР илимдер Академиясынын кабарлары (серия общественных наук), т. IV, выпуск 11, 1964, 72-бет.

көңүл бөлбөй коюшу да мүмкүн. Эл арасындагы санжыраларды, болмуштарды эпоско камтуу жагынан Сагынбай Орозбаков менен Тоголок Молдо айрыкча бөлүнүп турат.

Мунун себеби Тоголок Молдонун санжырага кызыгып, аны кеңири жыйноочулардын бири болгондугунан улам. Манасчынын вариантын изилдеп көргөндө ал жалаң гана санжыраларды жыйноочу гана болбостон, чыгармачылык менен пайдалануучу катары да көрүнөт. Ал жыйнаган санжыралардын ичинде Манастын ата-тегине байланыштуулары да арбын. Тоголок Молдонун кол жазмаларынын бир жыйнагынын 249-бетинен 284-бетине чейин[1] кыргыз элинин чыгышы, түпкү теги жөнүндө айтылат.

Манастын ата-бабалары жөнүндө илимий жагдайда сөз кылганда тереңирээк карап, шашылбастан жыйынтык чыгаруу зарылдай. Кээ бир окумуштуулар материал менен кеңирээк таанышпай туруп, айрым илимий багыттагы китептер аркылуу эле жыйынтык чыгара койгон учурлары жолугат. Казак окумуштуусу А. Х. Маргулан: «Атакты жыршылардан тек Сагымбай Орозбаков кана Манастын түп атасын Төбөй деп көрсөтөдү. Төбөйдүн ким экенин эске түсүрсөк оны бир гана эски үйсиндерге апарып тиреймиз. Өйткени халык шежиреси бойынша Төбөй — Жетисуды мекендеген үйсүндердиң түп атасы болуп саналады»[2] — деп, так кесе жыйынтык чыгарууга аракет жасайт. Сагымбай Орозбаковдун варианты менен таанышкан киши манасчы Манастын түпкү атасын Аланча кандан баштарына, ал эми Төбөй кан Аланча кандын баласы Байгурдун небереси, Бабыркандын уулу, Көгөй кандын атасы экенине күбө болот. А. Х. Маргулан белгилегендей санжыралар аркылуу сүрүштүрүп, Тоголок Молдонун санжырасына ишенсек, Манастын түп аталарынын Алач шаадан бери жагы Үйшүндөн эмес, анын бир тууганы Кабырандан тараганын көрөбүз. А. Маргулан В. М. Жирмунскийдин «Орозбаковдун версиясында Манастын түпкү аталарынын бири Тубей кан, анын баласы Кегей Манастын чоң бубасы (прадед) болот»[3] дегенинен Тубей канды Ма-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Жаңы жыйналып алынган материалдар. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1468.

[2] *Маргулан А. Х.* Шокан жанэ Манас. — Алма-Ата, 1971, 62-бет.

[3] *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас». — М., 1962, 98-бет.

настын түпкү атасы катары кабыл алган сыяктанат. Башка илимий эмгектерден Манастын түпкү атасы Түбөй кан болгондугун жолуктурбайбыз. Академик А. Х. Маргуландын «Манас» эпосунун материалдары менен терең таанышпай туруп, Манастын ата-тегине, чыккан уруусуна, жалпы эле эпостогу каармандардын тек-жайына, кыргыз элинин жашаган жерлерине байланышкан бир топ ишенимсиз ойлорду айткандыгын кыргыз окумуштуулары, адабият жана искусство кызматкерлери адилеттүү сынга алышты[1].

Эпосто Манастын ата-бабалары саналгандан кийин кытайлардын кыргыздарды чар тарапка тараткандыгы баяндалат. Бул мотив Тоголок Молдонун варианты боюнча Саякбай Каралаевдин вариантына жакындаштырылып берилет. Каралаевдин вариантында кытайлар Манастын төрөлөрүн, ким болорун даңазасынан, курасынан алдын ала билишип издеп чыгышат. Бирок анда Манастын жөнүн биле электе, Кара кан өлгөндөн кийин эле Молто кан чыгып кыргыздарды талкалайт. Кара кандын 8 уулун сегиз жакка таратып жиберип алык-салык алып турат. Андан кийин (Манас төрөлгөнгө чейин эле) жети жылдык окуяны жети күндө билүүчү аярлар Эсенканга киришип, Манастын төрөлөөрү, келечекте Бээжинге тополоң салаары бичикке жазылуу экендигин айтышат. Муну уккан Кара кан менен Эсен кан «Бурутта Манас аттуу болсо айдап келгиле», — деп аярлар менен аскерлерин жөнөтөт.

Бул вариантта «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» деген эпизодко кирген мындай мотивдер бар:

1. Жакыптын баласыздыгына арман кылганы.
2. Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөттөр түш көрүп, түшүн жорутуш үчүн той өткөргөнү.
3. Манастын төрөлүшү.
4. Манастын тентек чыгышы, Ошпурга койчу болгону.
5. Манастын 40 чилтенге жолугушу.
6. Манастын жер коруган Кортук калмакты өлтүргөнү.

---

[1] *Абдылдаев Э. А.* Маргуландын «Манас» эпосу жөнүндөгү эмгегине карата. — Кыргызстан маданияты, 1972, 16-июнь; *Маликов К.* «Манас» эпосун изилдөөнүн кайсы бир маселелери.— Кыргызстан маданияты, 1976, 21-октябрь.

7. Манас Эсенкан жиберген душмандарды ордо үстүндө өлтүрүп, төөлөрүн таратканы.

8. Нескаранын Манастан жеңилиши.

9. Айкожо Манасты издеп келип, Аккелте менен Ачалбарсты бергени.

10. Манасты издеп келген душмандын 11 дөөсүн Манас кулак, мурдун кесип айдап жибериши.

11. Манас 15 жашында жолдоштору менен салбырынга барып, өзүн кармаш үчүн келген 800дөй душманын кырганы.

12. Манастын кан шайланышы.

Бул мотивдердин дээрлик бардыгы Сагымбай Орозбаковдун вариантында бар. Жогорку Тоголок Молдо менен С. Орозбаковдун вариантындагы «Манастын балалык чагы» аттуу эпизод ыр саптарынын ыргагы, ритмикалык курулуш жагынан гана бир-биринен айырмаланышпаса, мотивдердин баяндалышы, айрым деталдардын берилиши, образдарды сүрөттөө ыкмалары, атүгүл көркөм каражаттарды пайдаланышы жагынан да бирин бири кайталагансыйт. Ыр саптарынын ыргагы (ритм) жагынан өзгөчөлөнүшү мүмкүн дегенибиздин себеби, Сагымбай Орозбаков өз вариантын кадимки 7—8 муундан турган традициялуу ыр саптары менен айтса, Тоголок Молдо жазып өткөргөн вариантта ырдын бул традициялуу муун өлчөмү сакталган эмес. Эпизод жорго сөз түрүндө баяндалып, уйкаштыкка жарды. Оюбузду далилдеш үчүн айрым бир мисалдарды келтирели. Орозбаковдуку боюнча Чыйырдынын түлөө өткөрөлү деген сөзүнө капаланган Жакып экинчи аялы Бакдөөлөттүкүнө бара жаткан жолдо бир үн чыгат:

Атаке неге кайгырдың,
Акылыңдан айрылдың.
Алты суу толгон мал кылдың,
Алганыңды дал кылдың...[1]

Ушул эле учур Тоголок Молдодо мындайча берилет:

Ой, атаке!
Эмне капа болуп кайгырдың?
Алты суу толгон малың жатып

---

[1] *Орозбаков С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв 571, 48-бет.

Тең карыган байбичеңди ыйлатып
Капа кылдың...[1]

Бул эки варианттан алынган эки куплеттин бир биринен айырмаланган жери эмнеде? Экөөндө тең «Алты суу толгон малың туруп түлөө өткөргөнгө кайгырасың. Өзүң менен кошо кемпириңди да бушайман кыласың» деген гана ой.

Сөзгө алынган эпизоддун Тоголок Молдонун вариантында берилишин баштан аяк ушул принципте Сагымбай Орозбаковдун вариантына салыштырып чыкса, анча деле айырма жок экенине ишенүүгө болот. «Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн бири Калим Рахматуллин да муну кыраакы байкап: «Тоголок Молдонун аткаруусунда «Семетей», «Манастан» үзүндү жазылып алынган. Андан башка дагы негизинен Сагымбайдын сюжетин кайталаган «Манастын балалык чагы» аттуу эпизод проза түрүндө жазылып калган»[2] деп жазган. Бул туура чыгарылган тыянак бир-эки кошумча сөз айтууну да талап кылат. Рахматуллин «в прозаическом изложении» деген сөздү бир аз калпысыраак пайдаланып койгон. Анын ордуна Тоголок Молдонун вариантындагы «Манастын балалык чагы» деген эпизод жорго сөз менен, же эркин ыр саптары менен жазылган десе бир топ чындыкка жакын болмок. Анткени, аталган варианттагы бул эпизод толук боюнча уйкаш саптардан (жарды болсо да) турат.

Фольклорист Жаки Таштемировдун билдирүүсүнө караганда Тоголок Молдо өзү да «Манастын балалык чагын» Орозбаковдуку боюнча жорго сөз кылып көчүрдүм» дегени бар экен. Тилекке каршы аны фондудан азырынча таба алган жокпуз. Мындай акыйкат сөздү Тоголок Молдо өз убагында кагазга түшүрүп кеткен болсо туура иш кылмак. Анткени эки вариантты баштан аяк салыштырып, майда деталдарына чейин көңүл бурган кишиге бул ачык байкалат.

Тоголок Молдо «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» аттуу эпизодду Сагымбай Орозбаковдукунан көчүргөндө (эгер ушундай айтууга мүмкүн болсо) айрым

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1069, 48-бет.

[2] *Рахматуллин К. А.* Творчество манасчи. — «Манас» героический эпос киргизского народа, 87-бет.

сөздөрдү аң-сезимдүүлүк менен алмаштырып, же кошумча сөздөрдү кийирген учурлары кезигет. Акындын мындай ыкмасы менен жогоруда келтирилген мисалдар аркылуу эле таанышкан элек. Дагы бир мисал аркылуу толуктай кетели. Жакып Чыйырдыга түшүн айтып жаткан жериндеги бир ыр түрмөгү Сагымбай Орозбаковдуку боюнча мындайча берилет:

Жыпар менен жуулган
Жибектен боону тагыпмын (кушка — О. С.)
Ай мунарын жем кылып
Абдан сыйлап багыпмын.
. . . . . .
Алача моюн Ак шумкар
Ага кошо байладым[1].

Ушул эле учурду Тоголок Молдо мындайча баяндайт:

Мен жыпар менен
жуулган
Алтымыш кулач
Жибек боону
Аягына тактым.
Айдын мунарынан
Жем берип
Асырап бактым.
. . . . . . . .
Бир алача моюн
Акшумкарды
Кошо байлап
Жүрүпмүн[2].

Мындагы Тоголок Молдо тарабынан кошулган сөздөр: жибек боонун узундугун билдирген «Алтымыш кулач» деген сан атооч жана «абдан сыйлаптын» ордуна колдонулган анын синоними «асырап» деген этиш сөз. Буларды, биздин оюбузча, көчүргөн эпизоду Орозбаковдукунан бир аз болсо да өзгөчөлөнүп турса деген ойдо, же инерция менен кошуп, алмаштырып койгон болуу керек. Тоголок Молдонун вариантындагы бул эпизод толук боюнча ушул принципте ишке ашкан.

Идеялык-көркөмдүк жагынан эч бир варианттан кем калышпаган Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча жыйырманчы жылдардын башында жазылып

---

[1] *Орозбаков С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 571, 16-бет.

[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1069, 43-бет.

алынган эпизод турса, Тоголок Молдонун отузунчу жылдардын аягында жорго сөз менен кайра көчүрүп чыгышына эмнелер түрткү болду экен? Карыган кишинин мынчалык кыйналышынын кандай зарылчылыгы бар эле? Бул суроолорго жооп берүү бир топ татаал. Ошондой болсо да төмөнкүдөй божомолдоолорду айтууга болот.

Тоголок Молдо арман, кошок ырларынан тартып бир нече жомокторду, легендаларды, болмуштарды, поэмаларды эл оозунан жыйнап, кайра иштеп, өз чыгармасына айландырган жазгыч акын болгондуктан, ошол дем менен «Манастын балалык чагын» да кайра жазып чыгууну туура көргөн болуу керек.

Трилогиянын «Семетей» бөлүгү, акыркы томунан башкасынын баары 1936-жылга чейин жазылган. Бул Байымбеттин «Семетейди» жакшы билгендигинен «Манастан» мурда жазып өткөргөндүгүн, анын нагыз семетейчи экендигин далилдейт. Ошондой эле «Манастын балалык чагы» эпизодуна кийин киришкендигин, аны жазуу учурунда бир топ кыйналгандыгын билдирет. Буга байланыштуу мындай жыйынтык келип чыгат: Трилогиянын «Манас» бөлүмүнө киришүүдө, манасчыларга салт болуп калган, Манастын төрөлүшү, балалык чагынан баштоону Тоголок Молдо туура көргөн да, өзү мурда айтып жүрбөгөндөн кийин, Сагымбайдын варианты боюнча жорго сөз менен көчүрүүгө киришкен сыяктанат. Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдо экөө тең Тыныбектин шакирттери болгондуктан, мүмкүн Орозбаковдун вариантысыз эле өзү үйрөнгөнү боюнча жорго сөзгө салып жазып чыккандыр, ал тууралу ачык маалымат жок. Түз эле өзүнө жат болгон «Чоң казаттан» кирүү өөн учураган өңдөнөт. Чындыгында да эпосту башынан баштоо зарыл болуп көрүнгөндүр. Баш-аяксыз, үзүп-жулкуп айтуу жаттама, жамакчы манасчыларга мүнөздүү көрүнүш.

Анын үстүнө Тоголок Молдо өз вариантынын көлөмүн көбөйтүш үчүн да көчүрүп коюшу ыктымал. Мүмкүн материалдык жагы, же бирөөнүн сунушу таасир эткендир.

Тоголок Молдо жазып өткөргөн «Манастын балалык чагы» Сагымбай Орозбаковдун вариантынан жорго сөз түрүндө көчүрүлгөндүгүнө карабастан ыр түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө, айрым деталдардын тарытылып же кеңейтилип берилишине, кээ бир мотивдердин (биз

башында сөз кылган) кошулушуна байланыштуу өзүнчөлүккө ээ болгон жактары бар. Бул жагынан ал вариант эпосту илимий жактан изилдөөчүлөргө кызыктуу материал берери шексиз.

Тоголок Молдонун вариантындагы «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» эпизоду жогоруда белгилегендей, Сагымбай Орозбаковдун вариантынын негизинде, ошого окшош болгондуктан ал жөнүндө кеңири токтолуп, эпизодду баштан-аяк талдап чыгуу кажетсиз.

## II

«Манас» эпосунда «Чоң казат» борбордук эпизод болуп саналат. Ага чейинки окуяларды «Чоң казат» үчүн даярдык десе да болот. Анткени «Чоң казаттан» мурдагы эпизоддордо негизги каармандын төрөлүшү, балалык чагы, үйлөнгөнү, жанына чоролорду жыйнап, күчүн бекемдегени, айрым казаттарды жасап, согуштук тажрыйбасын өстүргөнү, туугандар арасындагы чырчатактарды басып, орун которуп, туруктуу мекен күткөнү ж. б. баяндалат. Бул окуялардын бардыгы жыйналып «Чоң казатты» жасоого түрткү берет, бышып жетилип турган күчтү жумшоого шарт түзөт. Манастын, чоролордун, баатырлардын күчү ушу «Чоң казатта» сыналат. Көпчүлүк персонаждардын образы ушунда ачылат.

«Чоң казат» эпизоду белгилүү варианттардын дээрлик бардыгында бар. «Чоң казатсыз» трилогиянын биринчи бөлүгү толук кандуу эпос боло албайт. Ошондуктан бардык манасчылар бул эпизодду айтышкан. Талаш маселелердин баары ушул «Чоң казаттын» айланасында болуп келгени да бекеринен эмес.

«Чоң казат» көлөмү, камтыган окуялары жагынан эпостогу эң зор эпизод болуу менен сюжеттик структурасына көз чаптырганда бир нече мотивдерди кучагына камтыганын көрөбүз. Тоголок Молдонун варианты боюнча жазылган «Чоң казат» башка манасчылардыкынан эмнеси менен өзгөчөлөнөрүн көрсөтүү үчүн үч манасчыдан (Тоголок Молдо, Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев) жазылган «Чоң казатты» («Кичи казатты» кошо) шарттуу түрдө мотивдерге бөлүп, эң алдын ар бир вариантка тиешелүү мотивдерди ыраатты менен схема түрүндө жазып, ар бир мотивди үч манас-

чынын варианттары боюнча кыскача баяндап, бир бирине салыштырып, аягында өз корутундубузду бермекчибиз.

## Тоголок Молдонун вариантындагы «Чоӊ казаттын» негизги мотивдери

1. Манасчынын киришүү иретиндеги сөзү.

2. Манаска араздашкан 6 кан, 14 бектин Кошойго кеӊешкени барышы.

3. Кошойдун тилине кирбегендер Төштүктүн тоюнда өздөрүнчө кеӊеш курушуп, Манаска 6 элчи жибериши.

4. Элчилердин Манас баатырга учураганы. Манас той кылып, элчилерди шаани-шөкөт менен узатышы.

5. Элчилердин Манастан кайтып келиши жана алты канга айткан сөзү.

6. Алты кандын колунун Таласка түшүшү.

7. Конок күтүү.

8. Кандарды жыйып так үстүндө Манастын айткан сөзү.

9. Колдун жоого аттанышы.

10. Каныкейдин чоролорду жабдышы.

11. Алмамбет кан болуп, кошунду башкарганы.

12. Колдун жүрүшү. Кыргылдын чыдамсыздыгы.

13. Тазбайматтын Манасты унутуп калышы.

14. Алмамбет менен Сыргактын чалгынга жөнөшү.

15. Ордо оюнундагы чыр.

16. Чубактын жаӊжалы.

17. Алмамбет Манаска Бээжинди көрсөтүп, арман кылганы.

18. Алмамбет башынан өткөндөрдү (Манаска келгенге чейин) айтканы.

19. Макел дөөнүн өлүшү.

20. Алмамбет менен Сыргак чалгынга чыгып, көпүрө кайтаргандарды жайлап, Коӊурбайдын тилчиси Көдөӊ менен аӊгемелешкени.

21. Алмамбет менен Сыргак Чабаланы 6 дөөсү менен жайлап, аттарын Манаска жеткириши.

22. Алмамбеттин күн жайлаганы. Сыргак экөө душманча кийинип, душман аскерлерин дүрбөткөнү.

23. Алмамбет атасынын сарайын көргөндө арман кылганы.

24. Алмамбет менен Сыргак Каспандан Каракулду кармап алып жылкыларды айдаганы.

25. Манастын Айбанбоз минип Қоңурбайга каршы согушканы.

26. Сыргактын Бакайларга кабарга барганы.

27. Манас Қоңурбай менен беттешип аны жарадар кылганы.

28. Манастардын Қоңурбайды капкадан чыгарбай камап жатышы.

29. Қоңурбайдын кайрадан кол салып, Манастан жарадар болуп колго түшүшү. Манас экөө дос болгону.

30. Алмамбеттин Бээжинге кан болгону жана Бирмыскалга үйлөнүшү.

31. Манастардын Таласка кайтышы.

## ЧОҢ ҚАЗАТТЫН II БӨЛҮГҮ — ҚИЧИ ҚАЗАТ

Қиришүү ыры.

32. Қоңурбай эли менен кеңешип, Манасты алдап өлтүрмөк болуп, Шоодайды Таласка жибериши.

33. Қаныкей Манаска түшүн айтып, Бээжинге барба дегени.

34. Манастын Бээжинге (Қоңурбайга) аттанышы.

35. Қоңурбай Манасты алдап, беш күн меймандап, анан айбалта менен жарадар кылышы.

36. Кожожаштын чоролорду жайлаганы, өзү Сыргактан өлүшү.

37. Бакайдын кеңеши боюнча Қоңурбайдан 10 күн мөөнөт сурап, колдун качышы.

38. Чубактын Шыңгыга айткан керээзи. Ал жан таслим кылып жатканда (өлөр алдында жатканда) калмактардын кол салышы.

39. Бакайлардын жарадар Манасты Таласка алып келиши. Манастын керээзи.

40. Манас менен коштошуу.

41. Қаныкейдин Манаска күмбөз салдырганы.

### Манастын ашы

42. Қаныкей Манаска аш берүү жөнүндө кенеш салганы. Қөбөштүн аш берүүгө каршы чыкканы.

43. Ат чабылып, Тайбуурулдун чыкканы.

44. Эл чакырууга чабармандарды жөнөтүү.

45. Аш башкарууга Үрбү менен Агыштын дайындалышы.

46. Конок бөлүштүрүү.
47. Каныкейдин кошогу.
48. Көбөш Каныкейдин 6 жылкысын айдатып кеткени.
49. Балбан күрөш.
50. Эр сайыш.
51. Эр эңиш.
52. Төө чечмей.
53. Таздардын сүзүшү.
54. Камчы чабыш (жылаңач этке).
55. Ат чабыш.
56. Ашка Кошойдун баа бериши.

## Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы «Чоң чабуулдун» негизги мотивдери

1. Жети кандын Манаска бирди кылмак үчүн Кошойго барып кеңешкени.

2. Кошойдун акылына кирбегендер Төштүктүн тоюна келип, өздөрүнчө кеңеш куруп, Манаска 6 элчи жибергени.

3. Элчилердин Манаска барып учураганы. Манас той кылып, элчилерди шаани-шөкөт менен узатышы.

4. Элчилердин Манастан кайтып келиши жана алты канга айткан сөзү.

5. Алты кандын колунун Таласка келиши.

6. Конок күтүү.

7. Кандарды жыйып алып, так үстүндө Манастын айткан сөзү.

8. Колдун жоого аттанышы.

9. Каныкейдин чоролорду жабдышы.

10. Алмамбет кан болуп, кошунду башкарганы.

11. Колдун жүрүшү, Кыргыл чалдын жоругу.

12. Алмамбеттин чалгынга чыгышы, күн жайлап колду Орхондон өткөрүшү.

13. Тазбайматтын Манасты унутуп калышы.

14. Алмамбет менен Сыргактын чалгынга жөнөшү.

15. Ордо оюнундагы чыр.

16. Чубактын жаңжалы.

17. Алмамбет Манаска Бээжинди көрсөтүп арман айтканы.

18. Куштан кабар алган душмандардын даярдыгы, Макелге куштун канатына байлап кат жибергени.

19. Макел-Малгундун өлүшү. Бир жагына баш ар-

тып, бир жагына таш артып Алмамбет менен Чубактын Манастарга барганы.

20. Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргактын шаарга киргени.

21. Алмамбеттердин Чабаланы 5 аскери менен өлтүрушкөнү.

22. Алмамбеттин күн жайлаганы. Сыргак экөө душманча кийинип, душмандын аскерине дүрбөлөң салганы.

23. Алмамбет атасынын сарайын, жер-суусун көрүп арман кылганы.

24. Алмамбет менен Сыргак Каракулга жолугуп, Карткүрөндү жылкыга кошуп, жылкы сүргөнү.

25. Жылкы артынан келген Коңурбайдын колу менен болгон согуш.

26. Манастын уйкусу.

27. Сыргактын колду алып келүүгө барганы, Бакайга жолугуп, колду алып жөнөгөнү.

28. Манастын Айбанбоз менен чабуулга кириши.

29. Бакай алып келген Аккуланы минип, Манас Коңурбайды жарадар кылганы.

30. Душмандардын Манастардын алдына тартуу менен келиши.

## Чоң казаттын экинчи бөлүгү — Кичи казат

31. Манастын балам жок деп арман кылышы.

32. Семетейдин төрөлүшү.

33. Манастын уулуна той бериши.

34. Манастын баласына ат койдурушу.

35. Тойдо Коңурбай чатак чыгара турган болуп, кайра Манаска кыз тартуулоого аргасыз болушу.

36. Манастын ажыга жөнөшү.

37. Манас, Алмамбет, Сыргактар жолдо Көктатар менен согушуп жеңгени.

38. Манастын жогунан пайдаланып, душмандардын кол салышы.

39. Манас ажыдан келип, кол жыйнаганы.

40. Мыскал атасына айтып согушту токтоткону жана аярынан Алмамбеттин жайын билип издеп жөнөгөнү, Алмамбет экөөнүн үйлөнүшү.

41. Баатырлардын курман болушу.

42. Манастын Коңурбайдан жараланышы жана өлүшү.
43. Каныкейдин кошогу.
44. Каныкейдин Манаска күмбөз салдырганы.

### Саякбай Каралаевдин вариантындагы «Чоң казаттын» негизги мотивдери

1. Он эки кан эл чогулуп Манаска каршы масилет курганы. Кошойдун койгула деп акыл айтканы.
2. Жети кандын Таласка келип түшкөнү. Аларды байлап келүүгө Манас 40 чорону жибергени.
3. Конок күтүү. Алмамбеттин кан шайланышы.
4. Каныкейдин шайман, жабдыктарды жайнатышы. Баласы Семетейди алып келип, Кошойго чепкен жаап бата сурашы.
5. Аколпоктун жасалышы.
6. Алмамбет менен Сыргактын чалгынга чыгышы.
7. Чубактын чатагы.
8. Манастын Тал-Чокудан дүрбү салганы.
9. Алмамбет Бээжиндин жайын айтканы:
   а) Алмамбеттин төрөлүшү.
   б) Алмамбеттин ажыдаардан окуганы.
   в) Он эки жашында Алмамбеттин Каканчындын Бээжинге уруш салганы, Бурулчаны сүйүп калганы.
   г) Алмамбеттин 40 чоро курашы.
   д) Алмамбет атасын динге киргизмек болгону.
   е) Коңурбай менен сайышуу.
   ж) Алмамбеттин Көкчө менен дос болушу.
   з) Көкчө Алмамбетти Акеркеч менен ойнош деп күнөөлөгөнү. Алмамбеттин Манасты издеп жөнөшү.
   и) Алмамбеттин Мекеге барышы.
   к) Алмамбеттин Манаска кошулганы.
10. Алмамбет менен Сыргактын Бээжинге болгон чалгынынын андан ары уланышы.
11. Түлкүнү, кулжаны өлтүрүп, Алмамбет Коңурбайдын кеп тонун кийгени.
12. Алмамбет менен Сыргактын Малгунду өлтүрүшү.
13. Алмамбет менен Сыргактын Канышайды өлтүрүшү.
14. Алмамбет менен Сыргактын Бурулчага барышы

15. Алмамбет менен Сыргактын жылкы тийиши. Каракулдун качып кутулганы.

16. Алмамбет менен Сыргактын Коңурбайдын колу менен беттешкени.

17. Алмамбет менен Сыргакка Манас, Чубактардын келип кошулуп согушканы.

18. Мадыкандын өлүшү.

19. Чубак Нескараны колго түшүрүп, айдап келиши.

20. Ажыбай менен Үрбүнүн Бээжинге элчиге барышы.

21. Эсенкан Манаска Бурулча менен Бирмыскалды баш кылып тартуу бериши.

22. Коңурбайдын Карыканга: «Сураганын берели»— деп ыйлап барышы. Карыкан Манас Бээжинге 6 ай гана кан болорун айтышы.

23. Шуутуну Таласка сүйүнчүгө чаптыруу.

24. Шуутуга Коңурбай кол салып, Каныкей берген катты сууга түшүрүп жибергени.

25. Таласка кайтууну каалагандарга Манастын уруксаты.

**Чоң казаттын экинчи бөлүгү —**
**Кичи казат**

26. Коңурбайдын Манасты жарадар кылышы.

27. Коңурбай «Манас өлдү» — деп жарыялап, жоокерлерин кайра согушка алып кириши.

28. Баатырлардын курман болушу.

29. Каныкей Бакайга түшүн айтканы.

30. Манастын экинчи жолу жарадар болушу. Акыркы аракети.

31. Манас баатырдын Таласка келиши.

32. Манастын керээзи жана өткөндөрдү эскергени.

33. Тайбуурулдун жайы.

34. Манастын досу Көкбөрүнүн уулу Коеналы менен Сайкалдын сайышы жана экөөнүн өлгөнү.

35. Манастын күмбөзү.

Жогоруда аталган үч вариант боюнча «Чоң казатты» мотивдерге бөлүп чыккан соң, эми Тоголок Молдонун вариантынын негизинде ар бир мотивди үч манасчыныкы боюнча салыштырмакчыбыз. Эң алды Тоголок Молдодо кездешкен мотивдердин башка варианттарда кандайча мотивировкаланышы, окшош жана айырма жактарын териштирели.

1. **Манасчынын киришүү иретиндеги сөзү** Тоголок Молдонун вариантында гана кездешет. Бул «Манас» эпосун айтуу стилине байланыштуу нерсеби, айтор, Тоголок Молдо ар дайым эпизодду баштаарда киришүү иретинде ыр айтат. Сөз болуп жаткан эпизод төмөнкүдөй ыр менен башталат:

Бисмылда деп аяндап,
Билгенимди баяндап,
Баатыр Манас султанды
Байкатайын кабардап.
. . . . . . .
Айтсам келер оролу,
Айтпаганда болобу.
Көрүп келген адам жок,
Уламадан уккан сөз.
Карылардын жомогу
Кан Манас деп чыккан сөз[1].

Ошентип эл, жер, Манастын Таласка көчүп келиши, алдыда эмнелер болору жөнүндө сөз кылаарын манасчы алдын ала мындайча белгилейт:

Бабасы Түрктөн бер жакка
Тарык кылып илемин.
Тарык тамам бүткөн соң,
Жакып канга жеткен соң,
Алты канды бастаткан
Аңгемеге киремин[2].

Байкалып тургандай айтуучу түрктөн баштап Манастын 32 атасын санап чыгат. Алардын ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, сыпаттарын кошо айта кетет.

2. **Манаска араздашкан 6 кан, 14 бектин Кошойго кеңешкени барышы.** Көкөтөйдүн ашында: Манас көөп кетти

Тең атанын уулубуз,
Теңиринин кулубуз.
Тепкисин жеп тим болсок,
Теңдик эмес мунубуз[3] —

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 3/862-бет.
[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 4/863-бет.
[3] Ошондо, 873-бет.

дешип кандар, бектер каршы чыкмак болушканда, Кошой: «Бир жыл коё туралы. Ошого чейин өчүбүздү алып бериш үчүн Кытайга аттанбаса (Манасты айтып жатышат — *О. С.*) анан каршы чыгалы» — деп, аларды басып койгон эле. Эми кайра 6 кан, 14 бек чогулуп макулдашып алып, Ат-Башынын сазында отурган Кошойго барып кеңеш салышат. Кошой: «Манас ашта ката кетирген жок. Бул жоругуңарды койгула. Тил албаганың бара бергиле» дейт. 14 бек Кошойдун сөзүнө макул болушат, 6 кан макул болбой коюшат.

Бул эпизоддун мотивировкаланышы жалпысынан Орозбаковдукуна жакын. Айырмасы Тоголок Молдонукунда 14 бектин баарынын аты аталып, кыргыздын 7 беги, өзбектердин 7 беги айкын бөлүнүп берилет. Сагымбай Орозбаковдукунда 14 бек деп дүңүнөн белгиленип, 7 бектин гана аты аталат. Ашта жаңжал чыгарабыз дегендерди басуудагы Кошойдун тактикасында да айырма бар. Орозбаковдуку боюнча Кошой: «Бир эл, бир журтпуз. Койгула, Манасты мен өзүм басып берем» дегендей саясатты колдонсо, Тоголок Молдо душмандарына аттанууну себеп катары пайдаланганын жогоруда көрдүк. Саякбай Каралаевдики боюнча бул мотивдин берилиши берки эки варианттагыдан бир топ алысыраак. Манаска каршы масилетке катышкандар катары белгилүү 6 кандын жана эки вариантта тең жок Козубек, Малабек, Өзүбек, Ормонбектердин аттары аталат. Дагы бир өзгөчөлүгү—түз эле Төштүктүн тоюнда макулдашышкандыгы.

Кошой:

«Ушу турган мусулман
Багып алчу эр эле.
Ушу кезде Манастын
Кайраты кыйын эме эле[1], —

ал бизди Бээжинге алып барып талкалабасын, койгула», — дейт. Ага көнбөстөн 12 кан түз эле Таласка аттанышат. Мында Бээжин жөнүндөгү Кошойдун айтканы Тоголок Молдонун вариантында карама-каршы мүнөздө талкууланат. Алгач Кошой: «Манас кегибизди алып бериш үчүн кытайга (Бээжинге) аттанбаса, каршылашалы» — деген себепти шылтоолосо, кийинкисин-

---

[1] *Каралаев С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 540, 4-бет.

де «Бээжинге алып барып талкалап жүрбөсүн Манас» — деп коркутат. Негизинен эки манасчыда тең Манаска каршылашкан кандарды Кошой душмандарына байланыштырып басууга далалаттанат.

3. **Кошойдун тилине кирбегендер Төштүктүн тоюнда өздөрүнчө кеңеш куруп Манаска 6 элчи жибериши.** Кошойго көнбөй баса берген 6 кан Төштүктүн тоюна жыйналышат. «Кошой сатылып кетиптир. Башы-көзүбүздү жардырып кала беребизби?» деген жыйынтыкка келишип, Үрбүнү «унчукпай отуруп аласың» — деп демите баштайт. Үрбүнүн атасы Манас менен дос эле. Үрбү убададан тайбастыгын айтып Манас оңой жоо эместигин эскертет. «Мен үчүн ардык кылбагыла. Аксымдык кылып Манаска адам уккус кеп салдым. Ошондон улам азыраак камчы жеп калдым. Инисин ага урат, ал айып эмес. Биз күнүлүк кылып жатабыз. Манас келгиче кантип жүрдүк эле», — дейт Үрбү. Манас келгенге чейин 6 кандын ар кайсы жерде жүргөн учурун айтып, «Үрүмчүдө турганда Үрбүң кайсы киши эле» дегендей уяткаруу сөзү менен өзүнө кошуп 6 кандын баарын санап, туура эмес иш кылышканы жатканын айыптайт. «Андан көрө жата бербестен, Манасты аттантып алып алыскы жоого барсакчы» деген оюн айтат. Төштүк былтыркы шертинен кайтпай турганын билдирет. Алты кан, эгер Манас теңсинбесе, кырылышууну, конок болуп түшүп кордук көрсөтүп коюуну чечишти.

> Короодон коюн соёлук,
> Коломтосун оёлук.
> Конок менен шылтоолоп
> Кордук кылып коёлук[1]

Акырында:

> Ушу сөздөн жангaнды,
> Убадасын тангaнды,
> Кебинен ибеп жегенди,
> Киргеним жок дегенди,
> Төбөсү ачык көк урсун,
> Төшү түктүү жер урсун,
> Акбарандын огу урсун!
> Аккелтенин чогу урсун![2] —

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 908-бет.

[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 911-бет.

деп көкүрөгүнө куран кармап  ант беришти. Таласка баруута 6 элчи чыгарышты. «Чогоол-чогоол сүйлөп, кол көтөрсө бузукташып кайтуу» жөнүндө тапшырма берилет.

Салыштырып караганда бул мотив Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдодо бирдей мотивировкаланган. Өзгөчөлөнгөн жери Тоголок Молдо Үрбүнүн жүрүм-турумуна, 6 канга карата мамилесине көбүрөөк басым коёт. Кошойго караганда Үрбү көбүрөөк акыл айтып, алты кандын ар биринин өткөн күнүн чукулап, тигилердин демин басат .Саякбай Каралаевдин вариантында бул мотив жок*. Манаска элчи жиберишпей эле 12 кан түп көтөрө барып түшөт. Алты кандын аты кыскача гана эки сапта:

«Качкан катын болсун» деп
Келеме-шарип кармашты[1] —

деп берилет. Экөөндө тең (Тоголок Молдо, Сагымбай Орозбаков) куран кармап, Саякбай Каралаевде болсо келеме-шарип (куран сыяктуу) кармашып ант бериши диний-мистикалык планда баяндалганын көрөбүз.

4. **Элчилердин Манас баатырга учураганы. Манас той кылып, аларды шаан-шөкөт менен узатышы.** Бул мотивдер Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдодо окшош берилген. Оң жагында 32 кан, сол жагында 40 чоросу, алты кандан кол үзгөн 14 беги менен Манастын күүлдөп отурганы, капка кайтарган желдеттер, ар бир миңине өзүнчө түстөгү кийим кийгизген 12 миң аскери сүрөттөлөт. Сыпаалык менен кабыл алса да элчилер Манастын ордосунун сүрүнөн калтырап коркушат.

---

* Тигил же бул вариантта бир, же бир нече эпизоддун, мотивдин, каармандын, эпикалык сүрөттөөлөрдүн жок болуп калышы манасчынын жомокчулук талантына шек келтирбейт. «Манас» эпосуна башынан традициялуу болуп келген өзөктүн гана сакталуусу шарт. Ага көркөм табылгаларды кошуу, же тескерисинче, айрым окуяларды таштап кетүү манасчынын «Манасты» үйрөнгөн устатынын жомокчулук өнөрүнө, аны шакирттин өздөштүрүү жөндөмүнө, катышкан чөйрөсүнө, жекече талантына, вариантын жаздырган (же жазган) моменттеги аудиторияга байланыштуу. Ошондуктан эмгегибизде биздин айрым мотивдерди «бул вариантта бар, тиги вариантта жок» деп кеткен учурларыбызды манасчынын чыгармачылык (айтуучулук) кемчилдиги катары түшүнбөстөн, манасчылардын варианттарындагы өзгөчөлүк катары баалоо ылайыктуу.

[1] *Каралаев С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 540, 4-бет.

Алар алып келген катты окуп, элчилерге арнап той беришет. Ар бирине 60 сарпай кийгизип, бедөө мингизип жөнөтөт. «Эми көргөнүңдү көчүрбөй, укканыңды учурбай 6 канга айткыла», — деп тапшырма беришет.

**5. Элчилердин Манастан кайтып келиши жана алты канга айткан сөзү.** Бул мотив эки манасчыда (Тоголок Молдо, Сагымбай Орозбаков) окшош мотивировкаланат. Айрым жерлери сапма-сап дал келет. 13 күн жол жүргөн элчилер Төштүктүн тою бүтө электе алты канга келип уккан-көргөнүн айтышып, катты берет. Анда:

«Кара кулак эр келгин,
Үйөр аккан сел келгин,
Үй токтотпос жел келгин.
Үй токтотпос жел келсең,
Тобокелчи мен өзүм...

Кырк күн ичинде келгиле. Жеңе турган жериңерди белгилегиле...»[1] деп жазылган. Алты кан эмне дээрин билбей калтаарып туруп калышат. Төштүк: «Эми Манас түпкө жетет, же козголбой койбой. Өлбөй турган жан болбойт. Толгон кошун алып, эсеп жаткис эл менен, конуш жеткис кол менен дүбүрөп түшөлү», — дейт. Баары макул болушуп, 40 күндү белгилеп, тойдон тарашат.

**6. Алты кандын колунун Таласка түшүшү** Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдодо бири бирине жакын мотивировкаланган. Белгиленген убакыт 40 күнгө толгондо Манас чыканак жерге салбайт да, чырым этип уйку албайт. Түн ортосу болгондо Аккуланы жетелеп боз дөбөгө чыгып, чыгышка каратып мылтык атат. Казат. Жасайылчылар, замбирекчилер бардыгы өз ордуларын ээлешет. Бакай баштаган 40 чоро, алар менен 40 зардалы кошо келет. Чөп үстүндө намаз окушат... Алты кандын колу келгендиги сыпатталат. Жамгырчы 700000, Төштүк 7 түмөн, Үрбү 200000, Көкчө 700000, Сынчыбек 600000, Музбурчак 200000 кол менен түшөт. Музбурчак аз кол менен түшкөнүнө түркмөн, ооган, кебил, эран, кыйба, үргөнч, тажик, өзбекти жонунан Акун кан билгендиги, эркек аттууну Манастан кабар уккан соң алып кетип калганы себеп болот. Ошондуктан Букардан

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 950-бет.

200000 кол алып жөнөй берет. Сагымбай Орозбаковдо Музбурчактын аз кол алып келгенинин себеби ачылбайт.

> Элим алыс дегенсип
> Эки жүз миң кол алып,—

деген эки сап аркылуу гана билдирилет. Бул мотивдин мотивировкаланышында Тоголок Молдодогу дагы бир өзгөчөлүк, 40 чорону толук жана алардын ар биринин зардалдарын (найыптарын) атап чыгат. Зардал, Тоголок Молдонун айтуусу боюнча, чоронун орун басары. Буга мисал катары төмөнкү ыр саптарын келтирүүгө болот:

> Кырк чоронун найыбы
> Кырк зардалга кез келди

же:

> Кошун кармап туруучу,
> Аянбай кызмат кылуучу.
> Кошун башчы кырк зардал
> Айтылып өтөт мына ушу[1].

Кырк чоронун аты-жөнү Сагымбай Орозбаковдо да саналып өтүлөт, бирок зардалдар (найыптар) жөнүндө эч сөз болбойт. Ал эми Саякбай Каралаев кырк чоронун аттарын атап отурбайт. Бул жерде Тоголок Молдо жогорку эки манасчыдан тең айырмаланып, кырк чоронун (алардын саны 47), зардалдардын (найыптар) аттарына чейин атап чыгат. Вариантта зардалдар 40 болуп берилет.

1070-инвентардын 974—979-беттериндеги Кырк чоронун ысымдарына байкоо жүргүзүп көргөндө Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча кырк чоро деп саналган: Алакен, Жооручу, Бөгөл, Кабыке, Жабыке, Кадыр, Кара, Төлөк, Түмөндөр Тоголок Молдонун вариантында кездешпейт. Ал эми Тоголок Молдодо зардал деп эсептелген: Сатай, Атай, Үмөт, Жайсаң, Бообек, Шаабек, Шүкүр, Алтай, Төртай, Токотай, Элеман, Кербен, Дөрбөндөр Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча кырк чорого кирет.

Тоголок Молдонун вариантында кырк чоронун саны элүүгө жакын. Сагымбай Орозбаковдо да ушундай. Бирок Сагымбай Орозбаков кырк чоронун эсеби сексен төрткө жете тургандыгын көп айтат. Буга дайыма кайталанып жүрүп отурчу төмөнкү ыр жолдору мисал.

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 977-бет.

Бет алган жагы кызыл өрт,
Себилдүүсү сексен төрт[1]

Тоголок Молдо да кырк чоро кырк зардалы менен сексен экендигин белгилейт:

Кырк чоро деп аталган
Кылымдан чыккан кырк жайсаң
Атагы чыккан дапдайын
Кошун башы кырк зардал
Сексен даяр кан болуп,
Башчысы Бакай кан болуп...[2]

Буга караганда Манастын чоролору эки вариантта тең сексендин айланасында экендиги маалим болот.

Минтип кырк чорону: чоролорго жана зардалдарга (найыптарга) бөлүштүрүү Тоголок Молдонун вариантына гана мүнөздүү. Башка манасчылардын варианттарында кездешпейт. Ошондуктан мындай бөлүштүрүү «Манас» эпосуна традициялуу көрүнүш эмес.

Бул мотив Саякбай Каралаевде башкача мотивировкаланат. Жети кан (Саякбай Каралаевде Жети кан деп берилет) Таласка кабарсыз келип түшөт. Бакай баштаган 40 чоро Ажыбайды жиберет. Бакай чондорун кармагыла, элде күнөө жок деген кеңешти берет. Манастын алдына 7 канды айдап келишет. Ошондо Манас:

«Он эки кан мусулман
Куржунда булуң чачтымбы?
Мени мындай кылгандай
Куланың куба качтымбы?
Сандыкта булуң чачтымбы?
Атаңдын көрү жети кан,
Сааныңды тие качтымбы?..

Баатыр атка конгону душманыңарды тосуп бердим, Жамандык көргөн жоксуңар.

Курама темир курч эмес,
Куралган кандар журт эмес.
Бардыраң темир курч эмес,
Башка өскөн элдер журт эмес,»[3] —

---

[1] *Орозбаков С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 585, 276-бет.

[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 974-бет.

[3] *Каралев С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 540, 15-бет.

деп күпүлдөйт. Жети кан сөз айталбай туруп калышат. Бул вариантта кандардын колунун саны, келүү ыраааты, Төштүктүн аттан түшпөй салам бергени, Манастын «казат» деп ок атканы ж. б. жөнүндө айтылбайт. Кандар жетөө делгени менен кимдер экени ажыратылып аталбайт.

**7. Конок күтүү.** Кырк чоро кандардын колун конок кылганы бөлүп кетет. Коноктордун салтанаты айтылат. Конок жетпей калган 6 чоро (Тазбаймат, Жойбур, Төлөк, Калдар, Албан, Алик) эми кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болобузбу дешип капаланышат.

Тазбаймат:

Жети эмес каның алты экен,
Айтканыңар калп экен, —

деп чыр салат. Конок конгон жерлерди кыдырышат. Ошондо ар бирине ондон үлөштүрүп беришет. Бирөөнү кан көтөрүү жөнүндө Ажыбай менен Алмамбетти кыдыртат. Алты чоронун аттары аталганы, аларга ондон конок үлөштүрүп бергенинен башкасы бардыгы Сагымбай Орозбаковдун вариантындагыдай. Саякбай Каралаевде кырк чоро миңден үй тигип, 12 сан колду конокко бөлүп алгандыгы кыскача баяндалат. Конок жетпей калуу, Тазбайматтын чатагы, коноктору кыдырып үлөштүрүү жөнүндө айтылбайт.

**8. Кандарды жыйып алып, так үстүндө Манастын айткан сөзү.** Төө мылтык атылып, Манас Айбанбозду минип чыгат. Ушул жерде Көкөтөйдүн ашына барагындагы сүрөт тартылат. Алдында 20 мылтыкчан, артында 20 жаачан, оңунда 20 кылыччан, солунда 20 айбалтачан, дагы 40 найзачан, 6 жасоол менен жүрөт. Аккуланы ортодо жетелеп алышат. Алтын такты 60 жайсаң көтөрүп барып коет. Манастын ата-бабасы саналып өтүлөт. Ажыдаарлар, жолборстор, аскерлер сап-сап турушат. Манас кандарды айдатып келгенде:

Кандар, сага эп болсо
Казат кылсак кандай деп[1],—

кеңеш салат. Кандардын макул болбоого аргасы жок эле. Манас алардын макулдугун бекемдөө максатында мөөрлөрүн бастырып алат. Бириң кан болгун дегенде,

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 1045-бет.

алты кандын бирөө да үн катпайт. Үрбү: «Кан болуп эл башкарарга колум жок», — деп чыга берет. Душмандын колу жөнүндө айтып, Бакайды кан шайлап, жол бийлигин Алмамбетке берет. Ажыбай менен Чалыбайды «Атым арык, тонум жыртык» дегендерге үйүнө кетүүгө уруксат экендигин айткыла деп эл аралатат. Тоголок Молдодо берки манасчыларда кезикпеген Сулайман, Искендер, Аалы, Мукамбет, төрт чалиярдын казат кылгандыгы, бул мусулмандарга парз экендиги жөнүндө айткан диний-мистикалык көз караштагы кийин кошулган диндик таасирдеги чакырыгы бар. Бул манасчынын өзү кошкону болуу керек, эпоско мүнөздүү эмес. Калгандары Сагымбай Орозбаковдукуна окшош.

**9. Колдун аттанышы.** Отуз жүз миң (3 миллион) кол болду. Манас ар бир аскерге бирден мингич, коштогонго бирден ат, союшуна бирден байтал алууга уруксат берет. Токсон миң кол менен жолду Бакай баштайт. Артынан Кошойдун балдары Чагатай, Калдаң; инилери: Агыш, Кожоштор алты түмөн, Бокмурун, Баймырза, Жаш Айдар төрт жүз миң, Көккоён эки түмөн, кырк чоронун бешөө эки түмөндөн (калганы ар түрдүү), Төштүк жети түмөн, Көкчө жети түмөн, Үрбү эки түмөн, Жамгырчы алты түмөн, Сынчыбек алты түмөн, Музбурчак эки түмөн кол менен жөнөштү. Ошондо Манас:

«Кол көөнүмө толгон жок,
Оюмдагы болгон жок.
Жүз түмөнгө толгон жок,
Оюмдагым болгондо,
Сансызга колум толгондо,
Санаамдагым болгондо...»[1] —

деп арман кылат. Бул мотив да Сагымбай Орозбаковдукуна жакын. Бир гана өзгөчөлүгү Тоголок Молдо ар бир кол башчынын колунун санына, кырк чоронун кырк зардалына кеңири токтолот. Отуз жүз миң колду бардыгына үлөштүрүп бөлүп чыгат. Сагымбай Орозбаковдо Бакай, анын артынан алты кандын, кырк чоронун колу жөнөгөндүгү, бирок алардын колу отуз түмөнгө толбогонуна капа болгондугу гана кыскача баяндалат.

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 1132-бет.

**10. Каныкейдин чоролорду жабдышы** Тоголок Молдонун вариантында Сагымбай Орозбаковдукунан өзгөчөлөнгөн жери жок. Орчундуу айырма Саякбай Каралаевдикинде кездешет. Тоголок Молдо менен Сагымбай Орозбаковдун вариантында Каныкей кырк чорону гана он сыйрадан кийим-кече, ок-дары, жарак-жабдык менен камсыз кылып, ошол тигилген кийимдер жөнүндө, аны тигүүдөгү Каныкейдин демилгеси, көргөн кыйынчылыгы жөнүндө айтылса, Саякбай Каралаевде он эки кан мусулмандын баарын аскерге керектүү ар кандай жабдыктар менен Каныкей камсыз кылганы баяндалат. Манастын Аколпогун тигүү өзүнчө мотив катары берилет. Кыргылдын «Каныкей Чубак менен ойнош» деген ушак сөзүнөн улам Каныкейди Манас 6 ай салбар кылганы, ошол учурда Аколпокту жасаганы айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында аскерлерди жабдыр алдында Каныкей Семетейди көтөрүп келип Кошойдон бата сурайт, башкача айтканда бул вариант боюнча Семетей Манастар Чоң казатка аттанардан мурда төрөлөт. Сагымбай Орозбаковдуку боюнча Семетей Манас ажыга кетээр алдында, Кичи казаттын башында төрөлөт, салтанат менен той өткөрүлөт. Тоголок Молдо Семетейдин төрөлүшү жөнүндө эч нерсе айтпайт. Кичи казатка аттанарда «уулун өөп коштошту» деген гана сап бар. Эки вариантта (Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдодо) Аруукенин боюнда күмөнү бар экени Чоң казатка узап жаткан Манас менен Алмамбеттерге билдирилет.

**11. Алмамбет кан болуп, кошунду башкарганы.** Колдун жүрүшүнө, тартибине ыраазы болбогон Алмамбет минтип Бээжинге жетүү кыйын экендигин, жол баштоодон баш тарта тургандыгын Манаска айтат. Манас Ажыбайды жиберип, Бакайдан кандыкты Алмамбетке сурап берет.

Кабылан Манас айкөлүң
Кандардын мөөрүн бастырды.
Кан Алмандын колуна
Кагазын Манас тапшырды[1].

Ошондо Алмамбет 80 молдого 40 дептер бердирип, кошундун эсебин алдырды. Он башы, элүү башы, жүз ба-

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 1192-бет.

шы, миң башылар дайындады. Сан колго (он миң) баатыр башы, түмөн колго (жүз миң) бек кылды. Ошондо бектердин саны отузга жетти. Колго катуу тартип киргизилди. «Ат чалдырбайсың, уктабайсың, тамакты ат үстүнөн жейсиң» деген талап коюлду. Тоголок Молдонун вариантынан Сагымбай Орозбаковдуку колду санаткан жеринен гана айырмаланат. Сагымбай Орозбаков колду бектерге, бийлерге санаттырат. Саякбай Каралаевде болсо Алмамбетти кан көтөрүү «Азизкандын арстанды кан көтөрүп салган кез» деген эки сап менен гана берилет.

**12. Колдун жүрүшү. Кыргылдын чыдамсыздыгы.** Алмамбеттин катуу тартибине аскерлердин ичинен айрымдары чыдабай, ушак-айың сөздөрдү чыгарышып, Алмамбетке каршы чыкканга чейин барышат. Андайлардын бири Кыргылчал үч күн жүрбөй жатып аттан ооп түшүп калат да, уктап анан жүрө тургандыгын айтат. Он башысы Бозуул экөө чатакташат. Кыргыл Манас менен Алмамбетти издеп жөнөйт. Манас Кыргылды кагып коет. Кол Кара-Сазга келип эс алат. Бул мотив Сагымбай Орозбаковдо кеңири берилет. Анын варианты боюнча кол Кобулдуга токтойт. Орозбаковдогу 82 күн жол жүрүп, аскердин кыйналгандыгын билдирип, Манас Алмамбетке колду эс алдыруу жөнүндө айтканы, сууга жүгүргөн аттарды жоор болот деп Алмамбеттин токтоттурганы, Алмамбеттин Уркун дарыясынан өткөндө күн жайлаганы, аңчылык, жолдо кездешкен жан-жаныбарлар, Алмамбет өзү 7 күн жол чалып келгени Тоголок Молдодо кездешпейт.

**13. Тазбайматтын Манасты унутуп калышы.** Кара-Сазга токтогон соң Алмамбет:

Эртең эрте санжаптап,
Кошунду санга салам деп
Амалдардын баарынан
Кол эсебин алам деп[1],—

калат. Ошондо бир кишисин таба албаган Баймат Бакайдын кулагына шыбырайт. Бакай: «Кагазыңды кара, Мнас болуп жүрбөсүн»,—дейт. Манас экенин билсе да, санакка айдап баруудан тартынат. Көпчүлүк Бsuccessful Байматты шылдыңдайт. Бул Сагымбай Орозбаковдо башкачараак мотивировкаланган. Колдун эсебин Алмамбет 4 ай эс

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 1235-бет.

алып бүткөн соң Бээжинге аттанаарда алат. Байматтын Манасты унутканы Алмамбеттин алдында санак учурунда билинет. Байматты желдет өлтүргөнү калганда Серек арага түшүп: «Манас болуп жүрбөсүн»,— дейт. Байматтын жоругун билген соң Манас каткырып:

«Уруп кеткен Тазбаймат,
Улук кишим сен болсоң,—
Унуткан кишиң мен болсом,
Ушу жорук саа чала.
Он башы ойрон сен болсоң,
Оюнда жогуң мен болсом[1],—

Серекти айттырбай коё туруп, сени сойдурбай», — деп күлөт. Бул мотив Сагымбайда юмор формасында берилет. Тоголок Молдодо Баймат кишисинин жетпей атканын эң алды Бакайга айтса, ал Манас экенин таап берет. Анын Манасты унуткандыгы күлкү болбойт. Эл Байматтын Манасты санакка айдап келе албагандыгына гана күлүшөт.

**14. Алмамбет менен Сыргактын чалгынга жөнөшү.** Тоголок Молдо менен Сагымбай Орозбаковдо негизинен окшош. Мотивировкаланышында бир аз айырмачылык учурайт. Тоголок Молдодо Алмамбет чалгын чалуу керектигин Манаска өзү айтат. Жолдош тандоо, ат тандоого кеңири орун берилбейт. Сагымбай Орозбаковдо чалгын чалууну Алмамбетке тапшырышат. Коштоп алып жүрүүгө бир нече мингич аттар тандалат. Алмамбет Карткүрөңдү кошо ала кеткендиги, жылкы тийүүдө гана эскерилет. Саякбай Каралев боюнча кол 20 күн, 20 түн жүрүп, Алтайдын кең өзөнүнө барып түшөрү менен уйкуга кирет.

Манас Алмамбетке Карткүрөңдү минип, Кадек тонду кийип, жанына жакшы жолдош алып, чалгын чалуусун сунуш этет. Алмамбет Сараланы минип, Актинтени кийип, Карткүрөңдү коштоп, сырдана Сыргакты жолдош алып, Бакай баш болуп бата беришкен соң, Сыргак экөө жүрүп кетет. Бул мотив жалпысынан үч вариантта тең эле окшош. Мотивировкаланышында гана кээ бир өзгөчөлүктөр учурайт.

**15. Ордо оюнундагы чыр.** Тоголок Молдонуку боюнча чатак Бозуул менен Чубактын ортосунда башталып,

---

[1] *Орозбаков С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 585, 13-бет.

анын чыгыш себеби айтылбайт. Бозуул Чубакты Манас кеп-кеңешке албагандыгын, чалгынга жибербегендигин айтып кемсинтет. Чубак нойгуттарын чогултуп, 2 түмөн кол менен Алмамбеттин артынан жөнөйт. Ажыбай Манаска жаңжалдын жайын айтат. Сагымбай Орозбаковдо негизги чыр Бозуул менен Ырчыуулдун ортосунда башталат. Ага Кыргыл тараптагылардын канды кыйшык аткандыгы себеп болот. Бозуул жыдымакка салат. Кадыр Жайнак менен Төлөктүн, Бозуул менен Кыргылдын ортосунда конфликт пайда болот. Ырчыуул Кыргылга болушуп, Бозуулду кемсинтет. Алмамбет айдап жиберээрде Бакай алып калгандыгын, анан Чубакка баргандыгын, Чубактын чуу чыгаргыч жагын айтып, Алмамбетти көтөрө чалып мактайт. Ошондо арданган Бозуул Чубакка барып Алмамбет менен Сыргактын чалгынга кеткенин айтып ичин күйгүзөт. Чубак ачуулануп жөнөгөндө кол бузулуп, анын артынан ээрчий тургандар да чыгат. Бакай болгон ишти Манаска баяндайт. Тоголок Молдодо, тескерисинче, чырдын жөнүн Бакай кийин Манастан угат.

16. **Чубактын жаңжалы** үч вариантта тең жогорку деңгээлде мотивировкаланган. Үчөөнүн жалпылыгы да, ошондой эле айтуучулук таланты жана чеберчилигине жараша айырмачылыктары да бар. Тоголок Молдонун вариантында жаңжал чыгарган Чубакка Манас: «Аккуланы тарт», — деп Бакайды жиберет. Кол кайтарылат. Манас, Чубак, Жойбур — үчөө Алмамбеттердин артынан жөнөшөт. Алмамбет менен Сыргак жолдо арак ичишип, ойноп сайышканы, душмандардын капканын чаптырып, Аккулжасын, өрдөгүн өлтүрүп канжасын тапканы баяндалат. Алмамбет: «Артымдан кубалап келипсиң, кыянаттуу ит Чубак» дейт. «Мени ит дейсиң», — деп Чубак күчөйт. Экөө көпкө тирешет. Чубак жеңиштеринин баарын айтат. Алмамбет арман менен:

Кан кыл дедим киминди?
Башында кандын уулу элем,
Качан сага кул элем?
Каның экөөң бир болгун,
Кагайынбы жининди.
Качан болсо ит Чубак
Кастыгың мага билинди[1] —

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1071, 479-бет.

дейт. Экөө чатакташат. Сыргак менен Манас арача түшөт да, негизги күнөөнү Чубакка оодарып, Манастын: «Айып сенде, Чубак» деген сөзү боюнча Чубак күнөөсүн мойнуна алып, Алмамбет экөө жарашат.

Сагымбай Орозбаковдогу мотивдин Тоголок Молдонукунан айырмасы Бакай менен Чубак айтышып турган жерге Айбанбозду минип Манастын жалгыз келишинде. Аккулжа менен өрдөк өлтүрүлбөйт, Алмамбеттердин келгенин билип, качып кетишкендиги айтылат. Алмамбет жаш кезинен Манаска жолукканга чейинки көргөн-билгенин, башынан өткөргөн окуяларын айтып чыгат. Мында Тоголок Молдодогу «ит» деген сөз, ага байланыштуу Чубактын күүлөнгөнү жок. Чубак токтоолук кылат, Алмамбет ошого ыраазы болуп калат. Саякбай Каралаевде Манасты «Чубак менен Алмамбетти жараштырып кел» — деп Бакай жиберет. Күндөй болуп күркүрөп келаткан Чубактын түрүнөн чочулаган Алмамбет Сыргакка керээз кылып: «Мен өлсөм Мазарлууга барганда Сараланы союп, менин сөөгүмдү коюп кет. Аруукени Мажикке нике кый» дейт. Чубак «ит» деген сөздү аралаштырып Алмамбетти жемеге алат да, «Кытайыңа качайын деген экенсиң» деп чычалатат. Кылычтарын көтөрүп чабыша албай турганда Манас Сараланы оң, Көкаланы сол колу менен кармап ажыратат да, «Чабышып алып Таласка кайра кетели деген экенсиңер» деп ардантат. Чубак мойнуна чылбырын салып, Алмамбеттен кечирим сурап, экөө элдешип Сарала менен Көкаланы Манаска тартуу кылышат. Мында Алмамбет менен Сыргактын жолдо эмнелерди көргөндүгү жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Калгандары жалпысынан үч вариантта тең окшош.

**17. Алмамбет Манаска жоо жерин көрсөтүшү.** Бул мотив үч вариантта тең бар. Үчөөндө тең Алмамбет душмандын турагын көрсөтүп белгилүү шаарларды, жер-сууларды санап, маанилерин кошо айтып чыгат. Манастын дүрбү салганы да эскерилет. Алмамбеттин Чубактын чатагынан кийинки кайгы-капасы (таарынычы), өз жерин сагынуусу, көкөйдөгү арманы Тоголок Молдо менен Сагымбай Орозбаковдо баса белгиленет. Саякбай Каралаевде, тескерисинче, дүрбү салууга (дүрбүгө) басым көбүрөөк коюлат. Алмамбеттин баянындагы армандуу тон үч вариантта тең Бээжинди аралаганда, бир шаардан экинчисине барганда үзүлүп-үзүлүп кайталана берет.

**18. Алмамбет башынан өткөндөрдү (Манаска келгенге чейин) айтканы.** Бул традициялык мотивди бардык манасчылар айтышат. Айрым манасчылар «Алмамбеттин окуясы» деп эпизод катары өзүнчө бөлүп айтып, «Чоң казат» эпизодунда кыскача токтолуп өтүшөт. Буга Сагымбай Орозбаковдун варианты мисал.

Сагымбай Орозбаков Алмамбеттин төрөлгөнүнөн тартып Манаска келип кошулганга чейинки учурун (башынан өткөндөрүн) өзүнчө эпизод катары айтат. Бул эпизод «Алмамбеттин келиши» деген ат менен варианттын баш жагында (Ооган каны Шоорук менен болгон уруштан кийин) айтылганы менен Сагымбай Орозбаков экинчи бир жерде тактоо иретинде аталган эпизоддун кыскача тезисин (Чубактын жаңжалы учурунда) Алмамбеттин сөзү менен кайталап берет. (14-т., 83—112-беттерде). Анда негизинен Алмамбеттин ким экендигин, ички күйүтүн, Чубакка көрсөткөн сесин баяндоо максаты коюлган.

Саякбай Каралаевдин вариантында Алмамбеттин окуясы өзүнчө эпизод катары бөлүнүп айтылбаганы менен «Чоң казатта» нагыз эпизоддун деңгээлинде берилет. К. Рахматуллиндин сөзү менен айтканда Саякбай Каралаевдин вариантындагы Алмамбеттин окуясы эпизоддук деңгээлде болуу менен бирге айрым өзгөчөлүктөрү жагынан башка варианттардан жогору турат: «Алмамбеттин окуясы Саякбайдын баяндоосунда Сагымбайга караганда окуяга бай, көркөмдүгү да жогору»[1]. Тоголок Молдодо «Алмамбеттин окуясы» деген эпизод жок, «Чоң казат» эпизодунун ичинде мотив деңгээлинде тезис катары гана айтылат. Ошондуктан бул жерде Алмамбеттин окуясын эпизод катары карабастан, мотив катары карап, «Алмамбеттин өз башынан өткөндөрүн (Манаска келгенге чейин) айтканы» деп атадык. Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантындагы Алмамбеттин окуясы эпизод деп аталбаса да, биз эпизод катары карап, бир нече мотивдердин жыйындысынан турарын (а, б, в, г, д, е, ж, з, и, к) белгиледик (С. Каралаевдин вариантындагы «Чоң казаттын» негизги мотивдеринин бөлүнүшүндөгү 9-мотивди караныз).

---

[1] *Рахматуллин К.* Творчество манасчи. В кн.: «Манас» — героический эпос киргизского народа, 127-бет.

**19. Макел (Малгун) дөөнүн өлүшү.** Бал ачып, төлгө салдырып, Манастын келатканын билген Коңурбай астын тостурмак болот. Макел дөө «үйдөй темир үйүнүп, үстүнө темир кийинип» жалгыз жөнөйт. Алмамбет менен Чубак карап турса:

Тоо жылгандай көрүнүп,
Шаардан чыкты бөлүнүп[1].

Макелди көргөн Алмамбет эрегишпей кетсекпи деп олку-солку болот. Чубак түрк бабасы, Манас агасы беттешкен жоодон кайтпастыгын, Макелге каршы баруу керектигин айтат.

Айтылуу Алмаң көзгө атып,
Белгилүү Чубак безге атып[2]—

Макелди жыгышат. Башын кесишип, бир жагына таш артып, бир жагына баш артып Манастарга алып келишет. Сагымбай Орозбаковдун варианттындагы Макел-Малгундун өлүшү Тоголок Молдонукуна жалпысынан окшош болгону менен мотивировкасы кеңири масштабда берилет, б. а. Макел-Малгунга байланыштуу окуя эки бөлүктөн (эки мотивден) тургандыгы байкалат. Ошондуктан Сагымбай Орозбаковдукун куштан кабар алган душмандардын даярдыгы, Макелге куштун канатына байлап кат жибергени (18), Макел-Малгундун өлүшү (19) деп, эки мотивге бөлүп карадык. Сагымбай Орозбаковдогу 18-мотив Тоголок Молдодо жок болгондуктан, ал жөнүндө сөз кылбайбыз. Сагымбай Орозбаковдогу дагы бир өзгөчөлүк — Алмамбет Макелди атаарда эң алды жүрөгүнө, оозуна, анан көзүнө мелжеп көпкө ойлонгон эпизодуна байланыштуу. Чубак безге атпастан оозуна найза саят. Экөөлөп дигерде араң башын кесип бүтүрүшөт.

Саякбай Каралаевдин вариантында «дөө», «Макел» деген сөздөр жок. Макел дөөнүн аты Малгун деп берилет. Ал Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдонун Макелинен айырмаланып 40 кечилге баш болуп кароолдо турат. Алмамбет менен Сыргакка каршы согушат. Сыргак чечекейине саят. Экөөлөп 6 күн сабап, туулга-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1071, 557-бет.

[2] Ошондо, 563-бет.

сын ыргыта койгон соң анан башка чаап араң өлтүрүшөт. Бир жагына таш артып, бир жагына баш артып Манастарга алып баруу Саякбай Каралаевде жок. Макелди өлтүрүүгө бул вариантта Сыргак катышат. Саякбай Каралаевдики боюнча Малгун берки эки варианттагыдай эле (Сагымбай, Тоголок Молдо) апыртылып дөө, перидей сүрөттөлгөнүнө карабастан Алмамбеттер менен беттешкен жерде адам катары аракет жасаганы байкалат.

**20. Алмамбет менен Сыргак чалгынга чыгып, көпүрө кайтаргандарды жайлап, Коңурбайдын тилчиси Көдөң менен аңгемелешкени** берки варианттарда (С. Орозбаков менен С. Каралаевдикинде) жок. Алмамбеттер көпүрө кайтаргандарды жок кылышып, Чар-Дөбөдөн Көдөңдү кармап алышат да, кытайдын ал-жайын сурашат. Көдөң Алмамбеттин апасы Канчайым уул төрөп атын Шая койгонун, азыр 16 жашта экендигин, Бозкертик менен Борончу Манастын келатканын билип Түп Бээжинге качканын, Коңурбай кол башы экендигин айтып, өзү Манас тарапка өтүүгө ыкрарлыгын билдирет. Манастын жайын сурайт, Алмамбет аны Коңурбайга жиберип: «Алмамбет келди, алдыман тосуп чыксын, Алгарасын тартууласын», — деп айтууну буюрат. «Буруттун келерин Аккулжа, Кууөрдөк, Тилсым, Капкан кабар бермек, чал алжып жатат», — деп Коңурбайлар Көдөңдү токмоктошот. Көдөң Сагымбай Орозбаковдун вариантында да кездешет, бирок анда 350 жашаган акылман-кеңешчи катары берилет. Коңурбайдын тилчиси экендиги, Алмамбеттерге жолуккандыгы жөнүндө айтылбайт.

**21. Алмамбет менен Сыргак Чабаланы алты дөөсү менен жайлап, аттарын Манастарга жеткириши.** Чабала алты дөөсү менен келатканын Көдөң Алмамбеттерге айтып келет. Алар бекинип туруп, Чабаланы өлтүрүп, алты дөөсүн кошо жайлашат. Аттарын Манастарга алып барып беришет. Көдөң да Манастарга кошулат. Сагымбай Орозбаковдо 350 жашаган Көдөң кандардын ортосунда олтуруп: «Манас бизди жеңет, касташпай, алдына тартуу тарткыла. Өлөрүнө аз калды, биздин колдон өлөт», — дейт. Ага көнбөгөн Чабала 5 аскерин алып Алмамбеттерге жөнөйт. Мындагы айырма 6 дөөнүн ордуна 5 аскер болуп калгандыгында гана.

**22. Алмамбеттин күн жайлаганы. Сыргак экөө душманча кийинип, аскерлерин дүрбөткөнү** Тоголок Молдо

менен Сагымбай Орозбаковдо бирдей. Болгон айырмасы күн жайлоону Сагымбай Орозбаков кеңирирээк сүрөттөйт. Эки вариантта тең Алмамбет жай ташын сууга салат (Тоголок Молдодо касида (дуба) окуйт деп берилет). Алмамбеттин күндү жайлаарын Каракул (душмандардын жылкычыларынын башчысы) билип, жылкычыларына кабарлайт. Душманча кийинген Алмамбет менен Сыргак бардык аскерлерди: «Кантонго буруттар келиптир, ошого баргыла», — деп дүрбөтөт. Саякбай Каралаевде душмандын аскерлерин дүрбөтүүнүн ордуна кыпкызыл калтар түлкүнү өлтүрүп, ичинен Коңурбайдын кеп тонун алып кийген Алмамбет Малгун менен Канышайды жок кылып, Бурулчага кезигет. Булар Саякбай Каралаевдин «Чоң казатында» атайын мотив катары берилет (21, 22, 23, 24-мотивдерди караңыз). Тоголок Молдо менен Сагымбай Орозбаковдо Алмамбет Сыргакка Чабаланын кийимин кийгизет, өзү болсо ала жүргөн кийимин (Тоголок Молдодо чемоданга сала жүрөт) киет.

**23. Алмамбет атасынын сарайын көргөндө арман кылганы.** Алмамбет Сыргакты ээрчитип Баңбаңга барат. Атасынын сарайын ачтырып, анын тарыхын айтат. Алмамбетти кетирбей калуунун аргасын кылып атасы гүл-бак эктиргенин, Чыйтайдын кызы Суксур, Доотайдын кызы Турна, Калдайдын кызы Каркыра менен ойноп-күлгөндөрүн эскерет. Ордого киришет. Андагылар Манаска каршы жыйынга кетишиптир. Алмамбет өз үйүнө кирип мандаш токунуп отуруп алып арманын айтат. Апасы Канчайым менен учурашат. Бул мотив Сагымбай Орозбаковдо да бар. Айырмасы Сагымбай Орозбаковдуку боюнча Алмамбет балам жок, тууганым жок, элим жок деп арман кылса, Тоголок Молдодо иниси бар экендиги айтылып, негизинен элсиз, жерсиз гана жүргөнү баяндалат. Сагымбай Орозбаковдо Тилсым жөнүндө айтылбайт. Тоголок Молдодо Сыргак Тилсымдын сырын билбей тетигине тийип алып, чалкасынан жыгылгандыгы, ызалангандыгы айтылат да, Тилсым электр тогунун ролунда көрсөтүлөт. Тоголок Молдо эпостун традициялуу стилдик өзгөчөлүгүн трансформациялоо менен «Манас» эпосуна кабарлоонун жаңы түрүн киргизген. Мындагы Сыргакка байланыштырган Тилсым жөнүндөгү баяны манасчынын өзү тарабынан кийинки доордун мүнөзүнө ылайыкташтырып, жаңы нерсени кийирүүгө кылган аракети болуп саналат. Бул

жалгыз Тоголок Молдонун вариантына гана мүнөздүү болбостон, башка манасчыларда да (мисалы, Б. Сазанов, М. Мусулманкулов, М. Чокморовдордо ж. б.) кездешет.

**24. Алмамбет менен Сыргак Каспандан Каракулду кармап алып, жылкыларды айдаганы. Каракулду түрктөр келгенин билдиргин деп канына жибергени.** Тоголок Молдонун вариантында Каракулду оңой эле кармап, жылкыны капкадан чыгарып Карткүрөңдү кошуп жиберсе, Сагымбай Орозбаковдо Каракулга Алмамбет өз киши болуп көрүнүп, алдап кармоого аракеттенет. Шек санаган Каракул Сыргактын ким экендигин, Карткүрөң кайдагы жылкы экендигин сурайт. Акырында Алмамбеттер жылкычылар менен беттешет. Каракул жараланып сууга түшүп качып кетет. Минген Торайгыры Коңурбайга барат, б. а. жылкы тийүүнү Тоголок Молдодогудай Алмамбеттер атайын жиберген Каракул билдирбестен, Сагымбай Орозбаковдо анын Торайгыры билдирет. С. Каралаевдин варианты боюнча жылкычылардын башчысы Каракул менен Жаңыбай болот (берки эки вариантта Жаңыбай эскерилбейт). Алмамбеттер менен жылкычылардын ортосунда катуу уруш жүрөт. Аны

Ит-Ичпестин Кара-Суу
Итбалдак уруп жоголгон[1]

Каракул Карыканга айтып барат. Карыкан Коңурбай баштаган кол жиберет. Негизинен үч вариантта тең Каракул тирүү калат. Бул мотивдин мотивировкаланышында С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттары бири-бирине жакын.

**25. Манастын Айбанбоз менен Коңурбайга каршы согушканы.** Жылкыны Көдөң менен Жойбурга айдатып жиберип, Манас, Чубак, Сыргак, Алмамбеттер колу менен келген Коңурбайга беттешет. Айбанбоз кара баткакка тыгылып Манасты өксүтөт. Сагымбай Орозбаковдо Айбанбоз Ит-Ичпес деген сууга түшүп, тери катып калат. Аны байкаган Коңурбай найза салат. Андан аркы беттешүүлөр Тоголок Молдонун вариантындай. Булардан башкасы эки вариантта окшош. Саякбай Каралаевде Айбанбозго байланыштырылган мотив жок.

---

[1] *Каралаев С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 541, 7-бет.

Ошондой болсо да түшүнөн чочуп ойгонгон Манас Аккула, Аккелте, Аколпоксуз согушка киргендиги айтылат. Жылкы айдап келаткан Ажыбайдын Карткүрөңү мени минер бекен деп Манаска кылчактаган учуру да берилет. Булардын баары С. Каралаевдин вариантындагы «Алмамбет менен Сыргактын Коңурбайдын колу менен беттешкени» (26). «Алмамбет менен Сыргакка Манас, Чубактын келип кошулуп согушканы» (27) деген мотивдерде чагылдырылат.

**26. Сыргактын Бакайларга кабарга барышы** Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдонун вариантында бирдей. Сыргакка эң алды Бакай учурайт. Бакай эрлерди чогултуп кеңеш кылат. Кандарга Манастардын Кара-Коого камалганын угузбастан, олжо даярдап тургандай кылып билдирмек болушуп, Ажыбайды жиберет. Кандардын колу жолдон жылкыларга кезигет.

**27. Манас душмандардын колу менен беттешип Коңурбайды жарадар кылганы да** Тоголок Молдо менен Сагымбай Орозбаковдун варианттарында окшош мотивировкаланган. Манастан жарадар болгон Коңурбай 32 кабат капкасына кире качат (Орозбаковдо 60 бакса дубалдан өтүп кетти деп айтылат).

**28. Манастар Коңурбайды капкадан чыгарбай камап жатышы** Тоголок Молдонун вариантына гана тандык мотив. Алмамбеттин айтуусу боюнча капканы айлантып чеп орнотушат. Өздөрү азык-түлүктү башка жерден алмак болуп, замбиректерди капканы көздөтүп орнотуп коюшат. Эли менен Коңурбай камоодо калат. Аңыла, Чабал деген эки дөө шаты менен чыгып Манастарды көрүп, Коңурбайга мактап келишет. Душмандын кандары ал эки дөөнү Манасты мактайсыңар деп жемелешет.

**29. Коңурбай кайрадан кол салып, Манастан жарадар болуп колго түшүшү. Манас менен Коңурбайдын дос болушу.** Бул мотив да Тоголок Молдонун вариантына гана тиешелүү. Коңурбай капкада кайра согушуу жөнүндө кеңеш кылат. Маңгүбө каны Матүшкөр аскерди шердентип: «Мен 500 жашка чыктым, алиге бизди душман жеңе элек. Сулайман да, Искендер да Бээжинди ала албаган. Эсенкан Мукамбетти конокко чакырып, жайламак болгондо Мукамбет коркуп келбей койгон»,— дейт. Кол согушууга чыгат. Манас менен Коңурбай эки күн, эки түн сайышып, Манас жеңет. Алмамбет Ко-

цурбайды өлтүрүү керектигин айтса, Манас көнбөй, Коңурбайдын баатырлыгын жогору баалап, «мага тете эр экен» деп мактайт. Айтуучунун жашаган доорундагы диний таасирден улам Манас Коңурбайды мусулман кылып, экөө дос болушат.

Жогоруда айтылган Маңгүбө каны Матүшкөрдүн акыл-насаатына байланыштуу бир-эки сөз кошумчалоого туура келет. Айласы кетип турган Коңурбайга жол таап берип, жоокерлердин духун көтөрө сүйлөгөн Матүшкөр сыяктуу олуя чалыш кишилер берки варианттарда да жолугат. Ал варианттарда да көп жашап, көптү билген адам катары берилет. Сагымбай Орозбаковдо Матүшкөрдүн ролун 350 жыл жашаган Көдөң аткарат. Көдөң да «Манас биздин колдон өлөт» деп алдын ала айтат. Саякбай Каралаевдин вариантында бул ролдо Карыкан өзү болот. Ыйлап турган Коңурбайга: «Кырк дарбаза Бээжиндин күн батышка ачылган дарбазасында:

> «Доор кыямат болгуча
> Алдырбайт Бээжин калаа» деп
> Капкасына жазылган[1].

Менин отуз атам кан өткөн. Ошолордон бери эле Манастын Бээжинге 6 ай сурак кылары белгилүү. Бул даңзага да, бичикке да жазылуу. Алты айдан соң Манас биздин колдон жай болот», — дейт Карыкан. Мында аттары, жаштары ар түрдүү болгону менен, үч варианттагы: Матүшкөр, Көдөң, Карыкандар бирдей эле милдетти аткарышат.

**30. Алмамбеттин кан болгону жана Бирмыскалга үйлөнүшү.** Манас добулбас урдуруп, Алмамбеттин кан болоорун айтат. Алмамбет ата-энесине, агасы Шаңкөлөгө, иниси Шаяга жолугат. Манас такка үч күн олтургандан соң:

> Арстан Алмам баатырым
> Алты жыл падыша болот деп,
> Жетинчи жылда Коң төрө
> Өз ордуна конот деп[2], —

---

[1] *Каралаев С.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 541, 196-бет.

[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1071, 797-бет.

жарыя кылат. Коңурбай: «Алмамбет агам түбөлүккө кан болсо да макулмун», — дейт. Алмамбетти ак кийизге салып кан көтөрүшөт. Бирмыскал менен Алмамбеттин тою үч айга созулат. Манас тараптагылардын баары бирден кызга үйлөнүшөт. Коңурбай Манаска дос болуп, «ичине кылдай кир сактабай» (контексттен байкалат), мамыр-жумур жашап калганы бар. Алмамбеттин агасы Шаңкөлө, иниси Шая жөнүндө берки варианттарда таптакыр эскерилбейт.

**31. Манастардын Таласка кайтышы.** Тоголок Молдонун варианты боюнча Чоң казат эпизодунун биринчи бөлүгүнүн акыры болуп саналат. Алмамбет казынаны ачтырып түрктөргө таратат. Өз ордуна иниси Шаяны кан коюп, Манас менен чогуу Таласка кайтат. Берки варианттарда (Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин вариантында) бир нече кандык орундарга Манас тараптагылардан кан шайлангандыгы жөнүндө айтылат, кол да толук бойдон Таласка кайтпайт.

Тоголок Молдонун варианты боюнча «Чоң казаттын» акыры, жогоруда көрсөтүлгөндөй, Сагымбай Орозбаковдун да, Саякбай Каралаевдин да варианттарынан башкачараак бүтөт. 28, 29, 30-мотивдер берки варианттарда жок болуу менен Тоголок Молдонун гана вариантындагы сюжеттик мотивдер башынан бери тигил же бул вариантка толук же жарым-жартылай окшош болуп келсе, 28-мотивден тартып айырмалана баштайт.

## III

«Кичи казат» үч вариантта тең кездешет. Тоголок Молдонуку боюнча Таласта бейкут жаткан Манаска Коңурбай Шоодайды жиберип, конокко чакыртып, алдап жарадар кылганынан башталат. Согуш душман жеринде өтөт. Саякбай Каралаевдики боюнча да айкаш жоо жеринде болот. Мында да Манасты намаз окуп жаткан жеринен ар түрдүү айла-амал менен Коңурбай жарадар кылат. Эки кол беттешип, казат башталат. Саякбай Каралевдин варианты башка варианттардан Манастын Таласка барбай (колдун бир бөлүгү гана кетет) жоо жеринде Кичи казатты жасаганы менен өзгөчөлөнөт. Сагымбай Орозбаковдуку боюнча Кичи казат Манастар жердеген жерде Коңурбайдын Манас жогунан пайдаланып кол салуусунан башталат. Үч вариант-

та тең Коңурбайдан жараланган Манастын өлүмү менен «Кичи казат» аяктайт. Жалпы жонунан байкоо салганда, айрым жалпылыктарына карабастан, үч вариантта «Кичи казат» үч бөлөк курулмага ээ болуу менен бир-бирине окшобогон мотивдерди камтыйт. Айрыкча Тоголок Молдонун варианты «Кичи казаттан» баштап кескин өзгөчөлөнөт.

Адаттагыдай эле «Кичи казатта» да киришүү ыры бар. Өзүнө таандык профессионалдык белгилүү бул ыкманы Тоголок Молдо жазма поэмаларында, элдик чыгармаларды айтууда да колдонгону байкалат. «Кичи казаттын» башындагы:

Калам алдым мен колго,
Кабар салам оң, солго.
Эртегиден сөз баштап
Эми түштүм чоң жолго.
Эртегинин жомогу,
Эскерип айтпай болобу.
Байыркынын жомогу,
Манасты айтпай болобу[1]

деген саптар белгилүү «Насыят» поэмасынын башталышына үндөшүп турат. Мындай ыкманы Тоголок Молдо «Чоң казатка» киришүүдө, ошондой эле «Семетейдин» айрым эпизоддорунда да колдонот.

**32. Коңурбай эли менен кеңешип, Манасты алдап өлтүрмөк болуп, аяр Шоодайды Таласка жибериши.** Коңурбай элин чогултуп, Манасты алдап өлтүрүү керектигин айтат. «Конокко чакырып кел» — деп, Кылкараны мингизип аяр Шоодайды Таласка жиберет. Шоодайдын жол жүргөнү, Таластагы Манастын ордосунун шаани-шөкөттөрү сүрөттөлөт. Чоролордун чуусунан, огунан үрккөн Кылгара (текстте Алгара менен Кылгара чаташтырылып айтыла берген учурлары бар) Шоодайды жыгып кетет. Аскерлер Шоодайды Корбашыга алып барат. Шоодай Манаска Коңурбайдын катын берет. Манастын конокко барышына Алмамбет каршы болуп, калган чоролору баруу керектигин айтышат. Мындай конокко чакыруу мотиви берки варианттарда (С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарында) кездешпейт.

**33. Каныкей түшүн айтып, Манасты Бээжинге барба дегени.** Манас: «Сапардын кийимин камда» дегенде, Ка-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас, инв. 1073, 500-бет.

нықей көргөн түшүн айтат: «Таңга жакын түш көрдүм, Кең-Қолду өрт алды. Жердин баарын сел алды. Багың тамыры менен суурулду, алтын, күмүшүң ылайга батты. Төрөм, эрдигиң бар эсиң жок, эч нерсе менен ишиң жок.

Қумараң күмүш, мисиң жок,
Қумга бассаң изиң жок.
Абыкең кошо баратат
Артыңда калган кишиң жок.
Самоорун алтын, жезиң жок,
Дасторкон жибек, бөзүң жок.
Самаган досум Қоңур деп
Сапарга чыгар кезиң жок.
Аптабаң алтын, жезиң жок,
Ак шейшеп жибек, бөзүң жок.
Айланайын айкөлүм,
Алыска чыгар кезиң жок[1]».

Бул мотив да берки эки варианттын «Кичи казат» эпизодунда жок.

**34. Манастын Қоңурбайга конокко аттанышы.** Қаныкей менен Алмамбеттин айткан акылына, чоролорунун айрымдарынын кылчаңдаганына карабастан, Манас уулун өөп, Абыкени алып аттанып жөнөй берет. Ар бир чоро жүздөн жигит алып Манаска кошулат. Қачырткыга жетип эс алган жерде Манас түш көрөт: «Өз жерин туман, жылан, чаян басыптыр. Өзөндүн баарын өрт алыптыр. Қапкасы кыйрап, чынары куураптыр». Ошондо да Қоңурбайдан шек санабайт.

**35. Қоңурбай Манасты алдап, беш күн меймандап, анан айбалта менен жарадар кылышы.** Қоңурбай Манасты тоскондо эч нерседен шекшинтпөөгө аракеттенет. Ал тургай колунан өөп, аябай «сагынгандыгын» белгилеп:

Эки кайыш, бир тизгин,
Ортосунан тилебиз.
Кытай менен кыргызды
Ортого салып билебиз[2]

деп да жиберет. Манасты жеке бир үйдө беш күн сыйлап, алтынчы күнү Қаракул, Шоодай үчөө айбалтаны алып киришет. Ошондо да Қоңурбай куулук менен «са-

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 569-бет.
[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 103-бет.

га даярдаган белегим» деп Манасты ишендирип туруп айбалтаны шилтейт. Манас жарадар болот. Бакай баштаган кырк чоро келип, согуш башталат. Манастын Коңурбайдан жараланышы ар вариантта ар башка талкууланат. Сагымбай Орозбаковдуку боюнча майданда Манас атынан ажырап калганда, Коңурбай айбалта чабат. Б. Сазановдуку боюнча согушуп жаткан учурда айбалта шилтелсе, Саякбай Каралаевдин вариантында Манасты намаз окуп жаткан жеринен жарадар кылат. Манастын Коңурбайдан жараланышы жөнүндөгү мотив боюнча Тоголок Молдонун вариантына Шапак Рысмендиевдики бир топ жакын. Анда Коңурбай Манас менен дос болуп жүрүп бир күнү тамашага ээрчитип чыгат да, айрлары ууга сугарып даярдаган айбалта менен башка тартып жиберет. Демек, бардык варианттарда тең Коңурбай Манасты алдап, же курал-жабдыксыз, унаасыз бейкапар турган учурунда айбалта менен чабат. Бирок жарадар кылуу моменти ар түрдүү орундарда, шартта өтөт.

**36. Кожожаштын чоролорду жайлап, өзү Сыргактан өлүшү.** Тоголок Молдонун варианты боюнча Кожожаш өтө адис мерген болот. Контекстте Манаска жакын тууган экендиги айтылат:

. . . . . . . . . . . . . . .

Чоң атасы Көзкаман,
(Арада өткөн көп заман)
Дайын болгон атагы
Көзкамандын көп жаман.
Арбалдайдын иниси,
Дөрбөлдөйдүн баласы
Башынан бери Манаска
Бузук экен санаасы[1].

Жогорку үзүндүгө караганда Кожожаш Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев жана башка манасчылардын варианттарында кездешүүчү Үсөндүн (Көзкамандын) небереси болуп чыгат. Үсөн болсо Жакыптын бир тууганы экени белгилүү. Тоголок Молдонун вариантында («Манас» бөлүгүндө) Көзкамандар окуясы жок болгондуктан Жакып менен Үсөндүн тууганыдыгы жөнүндөгү маалыматты жолуктура албайбыз. Ошондой болсо да Кожожаштын Коңурбайга айткан

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 133-бет.

Атамдан калган кегим бар,
Бата албай жүргөн кебим бар.
Бабамдан калган кегим бар,
Баатыр башы, Коң төрө,
Сен алып берер эбиң бар.
Атабыз бирге бир тууган,
Манаска жакын тууганмын.
Башынан кылган кастыкты
Канкордон дилим сууганмын[1]—

деген сөзүнөн улам бизге белгилүү Жакыптын бир туу-ганы Үсөн (Көзкаман) жөнүндө сөз болуп жатканын, айрым уруучулдук-майдачылдыктын кесепетинен ата-сынын Манаска болгон аразын (таарынычын) кубалап Кожожаш Манастын душманы Коңурбайдын кылычын чапканы ниеттенип жатканын байкайбыз. Тоголок Мол-до Кожожаштын атасынан калган Манаста кандай ке-ги бар экенин, душманга кантип келип калганын ачык айтпайт. Көзкамандын балдары Арбалдай, Дөрбөлдөй-лөр жөнүндө сөз кылганына караганда Сагымбай Ороз-баковдун вариантына жакындашкансыйт. Ал эми «Ки-чи казатта» чоролорду кыйратып, адис мерген катары жогору коюлгандыгына караганда Саякбай Каралаев-дин вариантына үндөш.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында Кожожаш жөнүндө таптакыр эскерилбейт. Кожожаш түгүл ага жакындаштырылган каарман да жок. Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында Кожожашка көп басым ко-юлат. Ал турсун Коңурбайдан үстөм тургандай сүрөт-төлөт. Анын мергенчилик өнөрү өтө жогору бааланат. Ошондуктан Коңурбай чоролорду жайлап берүүсүн өтүнүп, Кожожашка кайрылат. С. Каралаевде Кожо-жаш Каражойдун уулу болуп берилип, бирок Тоголок Молдонун вариантындагыдай Манаска туугандыгы бар экендиги жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Тескери-синче Кожожаш анын атасы Каражой да Коңурбай та-раптагы (ошол жакта жашаган) каарман болуп сү-рөттөлөт. Чоролорду жайлап, акырында Кожожаш Ма-настын Аккелтесинен окко учат. Тоголок Молдонуку боюнча Кожожашты Сыргак өлтүрөт.

Тоголок Молдонукунан башка варианттарда Ногой-дун балдарын (С. Орозбаковдуку боюнча) же Кара-кандын балдарын (С. Каралаевдики боюнча), кытай-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 134-бет.

лар кыргыздарды басып алганда чар тарапка таратып жибергендиги белгилүү. Ошондо Жакыптын бир туугансы Көзкаман жоо арасына айдалганы айтылат. Ал эми Тоголок Молдонун вариантындагы Көзкамандын душман ичине келишин (так айтпаса да) божомолдогондо, ал Манаска таарынып, өчөшүп баса бергендей элес калтырат. Кожожаштын ким экендигин

Өзү адис мерген кул,
Далай жерди көргөн кул.
Манастан качып атасы
Коңурбайга келген кул.
Коңурбайдын колунда
. . . . . . .
. . . . . . .
Кечилдер келип көмгөн кул[1]

деген ырдан улам баамдаса болот.

37. **Бакайдын кеңеши боюнча Коңурбайдан он күн мөөнөт сурап, колдун качышы.** Манастын жараты күчөп, он тогуз чоро, эки миң аскер курман болуп, колдун күчү азайган соң кыргыздар качмак болушат. Бакайдын кеңеши боюнча Коңурбайдан он күнгө мөөнөт сурашат. Өлгөндөргө арчадан үкөк чаптырып, төрт күн даярданган соң качып Үрүмчүгө 40 күн дегенде жетишет. Манас шаарына шейиттердин сөөгүн коюшат.

Берки варианттарда колдун чогуу боюнча (Коңурбайдан корккондуктан) качкан учуру кездешпейт. Тоголок Молдонун вариантындагы бул качуу эпостук духка, жалпы эле «Манас» эпосунун сюжеттик традициясына жат көрүнүш.

38. **Чубактын Шыңгыга айткан керээзи. Ал жантаслим кылып жатканда калмактардын кол салышы.** Тоголок Молдодо берки варианттарда (С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарында) кездешпеген Чубактын Кумул шаарындагы аялы жөнүндө эскерилет. Жаратынын айыгышынан күмөн санаган Чубак ошол аялына жетип өлүүнү туура табат. Аны чоросу Шыңгы Кумулдагы аялына жеткирет. Чубак керээз айтат: «Шыңгы, Каныкейге, аялым Күлсанага, уулум Турсунбекке, Жакып, Чыйырдыларга салам де. Күлсана мени күтпөсүн, Турсунбекти Каныкей багып алсын», — дейт. Керээзди угуп Шыңгы жөнөп кетээри менен калмактар

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 132-бет.

кирип келип, жантаслим кылып жаткан Чубакка кол салышат. Чубактын сөөгү Кумулга коюлат. Бул мотив эпостун негизги сюжеттик өзөгүнө мүнөздүү эмес.

**39. Бакайлардын жарадар Манасты Таласка алып келиши. Манастын керээзи.** Манасты алып келээри менен тиешелүү ырым-жырымдарды жасашат. Каныкей чорололорду кошуп ыйлайт. Манас керээзин айтат. Абыке менен Көбөшкө кайрылып ынтымак жөнүндө кеп-кеңешин ортого салат. Аялдары: Каныкей, Акылай, Билериктерге адүйнөлүк жары Сайкалга кайрылып сөз айтат, Бакайдын колун кармап туруп үзүлөт.

Берки варианттарда Манастын Билерик аттуу аялы бар экендиги эскерилбейт, Карабөрк, Акылай, Алтынай, Каныкей, адүйнөлүк жары Кызсайкал жөнүндө гана сөз болот. Билерик деген ысымдын Сагымбай Орозбаковдун вариантында учураган жери бар. Бирок анда Жаангер кожонун (Ай-кожо) уулу. Аны Кырмусшаа зынданга салып койгон жеринен Кошой бошотот. Саякбай Каралаевдики боюнча да Билерик Айкожонун уулу. 12 жаштагы Билерик мергенчилик кылып жүрүп Манжунун каны Нескарага жолугуп калат. Ортодо согуш болот. Нескаралар Билерикти Эсенканга алып барышат. Ошол 12 жаштагы Билерик «жалаяк ооз жар кабак, ач арстан төштөнгөн, алгыр бүркүт көздөнгөн, жан казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар» деп атактуу баатырларга колдонулуучу традициялык штрихтер менен сүрөттөлөт. Аны кырк кулач зынданга салышат. Кошой мунун баарын Манаска баяндап берүү менен Билерикти бошотуп алуу зарылдыгын, бурутка пайдасы тие тургандыгын айтат. Демек эки вариантта тең (С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарында) Билерик Айкожонун уулу болуп берилгендиги көрүнүп турат. Тоголок Молдодогу Билерик да Кожонун (Айкожо экени ыр саптарынын кырдаалынан байкалат) перзенти экенинде шек жоктугу төмөнкү үзүндүдөн байкалат:

Кожонун кызы Билерик
Кооматтуу болдуң деп айтат.
Армандуу коомат мына ушул
Жакында алдым өзүңдү.
Жайланып жакшы сүйлөшүп
Укпай калдың сөзүмдү[1].

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 187-бет.

Биз сөз кылып жаткан варианттын мындан башка жеринде Айкожо, анын уулу Билерик тууралу таптакыр эскерилбейт. Ошого караганда бизде «Айкожо, Билерик жөнүндө башка источниктерден кабары бар Тоголок Молдо Билерик уулдун ысмына мүнөздүү эмес кыздын аты болуу керек деген ой менен Кожонун кызы катары эсептеп, өз вариантында Манаска үйлөндүрүп койгонбу» дегендей божомол ой пайда болот.

**40. Манас менен коштошуу.** Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Манас согуш майданында каза болсо, Саякбай Каралаев менен Тоголок Молдонукунда Таласта, Каныкейдин колунда көз жумат. Биз сөз кылып жаткан вариантта Манастын өлүмү өтө күчтүү көркөм каражаттар менен сүрөттөлөт. Пенде баласынын кайгысы мындай турсун күндүн көзү бузулуп, айдын көзү тутулуп, дайранын баары чайпалып, toктогон көлдөр толкуп, канаттуу куштар учпай калат. Көпчүлүк варианттарга мүнөздүү «Карагай, кайың, тал ыйлап, канча түрлүү жан ыйлап» деген белгилүү саптар менен бирге Тоголок Молдодо:

Эки күнү, эки түн
Ай көрүнбөй жаркырап,
Жылдыз чыкпай жалтырап,
Күн көрүнбөй бүпбүтүн[1]

дүйнө жүзү караңгылыкка батканы таасирдүү боёктор менен гиперболизацияланат.

Каныкей кошок кошуп, кырк чоронун бузулуп кетээрин, Көбөштүн жүзүкаралык кылаарын санап келип, төрөнү Коңурбай билбес буйгага жашыруу керектигин, беш ай бою бийик асканын ичине, Манас деген суунун боюна мүрзөсүн даярдап койгонун:

Бул мүрзөнүн түбүндө
Он үйлүү кара калча бар,
Казынактын капкасы
Даярдап койгон арча бар[2]

экендигин, Манас өзү ушул жерге койгун деп кеткендигин айтат. Он кишиге жуудуруп, жаназасын окутуп, ыс-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 192-бет.

[2] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 199-бет.

катына* 9 буудан токутуп, 60 киши менен барып, Буйгатты деген жерге Манасты көөмп кайтышат.

Сагымбай Орозбаковдуку боюнча Манастын сөөгү Үрбүнүн калаасына, Баяндынын талаасына, 15 күндүк алыс жолго коюлат. Сөөктү көмүүгө байланыштуу расмилер да Тоголок Молдонун вариантындагы салтка окшош жасалат. Сөөктү койгон жердин аты гана башкача болбосо, алыстыгы, жердин көрүнүшү эки вариантта бирдей сүрөттөлөт. Саякбай Қаралаевдин вариантында бул мотив бир аз башкачараак мотивировкаланат. Манастын сөөгүн кырк эшенге көтөртүп алып Бакай, Қошой, Төштүк, Қөкбөрү, Қоёналы ж. б. менен бирге Қаныкей өзү Тайбуурулду минип түндөп алып жөнөйт. Манас өлгөнгө чейин эле көрүстөнүн даярдаткан. Оозу бир кишилик, ичи алты миң кой баткандай кең, алтымыш мелжем жерине алтындан түркүк коюлуп, үстүндөгү кара сууну ичинен жүргүзгөн, асты чирип кетет деп арчанын күлүн төктүргөн, алтын түрдүү килемди астына жайдырган жарык болсун үчүн жакут менен каухар жандырган деп айтылат. Чындыгында эле Саякбай Қаралаевде көрүстөн керемет сүрөттөлөт. Мында Манастын сөөгүн бир түндө гана Эчкиликтин ташына жашыруун коюп келгендиги белгиленет. Алты арамга, жалпы элге жыгачтан сомдолуп, ак кепин оролгон Манастын сөлөкөтүн көрсөтүп, короого көмдүрөт. Бул жерде манасчы жалган Манасты (жыгач сөлөкөттү) ак кепиндеп көмдүрүү менен башка варианттардагы Манастын сөөгүн душмандарына билгизбөө далалатын ого бетер бекемдеп, ого бетер жашырын кылууга аракеттенгени байкалат.

**41. Қаныкейдин Манаска күмбөз салдырганы.** Бул бардык варианттарда кезигүүчү традициялуу мотив. Тоголок Молдодо кыш бышырып, күмбөз тургузууга жетекчилик кылган уста Садыктын атын атабаса да, негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантындай мотивировкаланат. Күлботону Күлүшадан (Гүлчөдөн) алдырганы, курал-жарактын сүрөтүн тарттырганы да эки вариантта бирдей. Ошого карабастан Тоголок Молдодо Манастын, 40 чоронун сүрөтүн салдыргандыгы, Қаныкей өзүнүн анык аты Ырапияны жаздыргандыгы айты-

---

* Өлгөн адамдардан калган буюм, же малдардан жакындарына берилүүчү диний адат.

лат. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Каныкейдин өз аты Санирабиге деп аталчу. Саякбай Каралаевдин вариантында күмбөздү жети миң эркечтин майына бышырылган кыш менен жети кылым өткүчө турсун деп салдырат. Күмбөздүн ичине Манаска Аккуланы мингизип, Аколпокту кийгизип, Зулпукорду колуна карматып; кытайга кыргын салып жатканын тарттырат. Дагы Чубактын, өлгөн чоролордун сүрөттөрү тартылат. Каныкей өзүнүн атын жаздыргандыгы жөнүндө айтылбайт.

Жогоруда белгилегендей, Тоголок Молдонун «Кичи казаты» С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарынан таасын өзгөчөлөнүп турат. Мында жаңы сюжеттик мотивдер, айрым каармандардын образдарында жаңы кошумча деталдардын болгондугуна карабастан, трилогияга мүнөздүү жалпы нуктан алыстабайт.

## IV

Манастын ашы жөнүндөгү эпизоддун трилогиянын биринчи бөлүгүндө айтылышы Тоголок Молдонун вариантында гана бар. Бирок аштын жүрүшү, оюн-зоокторду сүрөттөлүштөрү, жалпы эле аштын өткөрүлүшү Көкөтөйдүн ашынан анчейин айырмаланбайт. Ошентсе да Манастын ашын өзүнчө эпизод катары кароого туура келет. Анткени, аштын жүрүшүн камтыган мотивдер, сюжеттик бирдик, композициялык курулуш жогорку баскычта болбосо да, өз алдынча эпостогу эпизоддордун деңгээлин элестетет. Бул эпизод эл оозунда (манасчылар тарабынан) көп айтылып, сыдыргыдан өтүп жогорку көркөмдүккө ээ болбогону көрүнүп турат. Манаска аш берүү трилогиянын айрым варианттарында «Семетей» бөлүгүндө айтылганы кездешет (Ы. Абдырахмановдун «Семетейинде»). Ошого карабастан манасчылар тарабынан традиция катары кабыл алынып айтылып келбегендигин белгилей кетүү керек.

Манастын өлгөнүнө бир жыл толуп, күмбөзүн бүтүргөндөн кийин Каныкей Манаска аш бермек болуп, Абыке менен Көбөшкө кеңешет. Көбөш Акылайдын тилине кирип «Катын берген аш кайсы болмок эле»—деп, кайра Каныкейди уят кылат. Бакай, Жакып, Абыке макул болуп, Көбөштү көндүрүшөт. Кеңеште ат чабылып Тайбуурул чыгат. «Көкөтөйдүн ашындагыдай» эле Кокондон Сынчыбекти, Ташкенден Кайымбекти, Букардан

Шамыратты, Алайдан Эштекти, Жамгырчыны, Котондон Төштүктү, Айран-Суудан Агышты, Кымыз-Суудан Кожошту, Ат-Башыдан Кошойду, Чоң-Кеминден Үрбүнү, Сары-Аркадан Көкчөнү чакыртат. Чакырууга Акбалтанын Сердимак, Ырчы уул, Абыш, Чыңгыштарды аттандырат. Шыгай Манаска бата кылбагандыктан Бакай аны чакыртпай коёт. Аш өз Ата конушунда эле өтмөк болот. Ыбрай Абдырахмановдун вариантында Манаска аш берүү Семетей баралына келип, бир нече чабуулдарды башынан өткөрүп,

Абыкени аймап,
Көбөштү көргө кийирип,
Көп душманды ийрип,
Кырк чорону кырып
Кылмыштары болгон үчүн кылып
Чыңалышкан душмандарды
Кол, буттарын чынжырлап байлап,
Чынкожо менен Толтойду
Ым чыгарбай жайлап,
Белин бекем бууп,
. . . . . .
Берен атасы Манастын кунун кууп[1]

бүтүп, Ата конушуна келип конгондон кийин берилет. Ашты өткөрүү үчүн Чүйгө көчүшөт. Демек, Тоголок Молдо менен Ы. Абдырахмановдун варианттарынын ортосунда мезгил менен мейкиндик жагынан да зор айырмачылыктар бар. Бул Манаска аш берүү эпизодунун традициялуу эместигин дагы бир жолу ырастайт. Ы. Абдырахмановдун вариантында 3731 сап ырдан турган бул эпизод айрым жаңы персонаждарды, ыр түрмөктөрүндөгү айырмачылыктарды, кээ бир моменттердин кеңейтилип, же кыскартылып айтылганын эсепке албаганда, мазмуну, сюжеттик түзүлүшү жагынан Тоголок Молдонун вариантынан анча деле айырмаланбайт.

Андан ары конок алуу айтылат. Бул жерде да Баймат конок жөнүндө бир аз чыр чыгарат (Чоң казатка жөнөөрдөгү тойдо да ошенткен). Көкөтөйдүн ашын Манас башкарса, Манастын ашына Үрбү башчылык кылат. Бул аштагы Каныкейдин кошогу «Көкөтөйдүн ашынан» айырмаланып турат. Каныкей Шыгайдын каршылыгын, Абыке, Көбөштүн жасаган мамилесин, Семетей-

---

[1] *Абдырахманов Ы.* Манастын ашы. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 992, 1-бет.

дин келечектеги тагдырын айтып, Кошой баштаган бир тобунун камкордугун мактап узун сабак кошот. Белгилөөчү нерсе — Манастын бакма баласы Желдеңбай жөнүндө кошокто эскерилиши. Бул берки варианттарда жок. Кошок уланып жатканда конок алууга жарабаган Көбөш жылкыны айдатып кетиши, анын арамдыгын дагы бир жолу далилдейт. Агыш менен Үрбү Көбөштү сабашып жылкыны алып келишет да, Акылайынды байгеге саям деп опузалашат.

Аш берүүнүн традициясы болуп калган тамаша башталат. Эңиш, күрөш, сайыш, төө чечмей, жамбы атыш, таздардын сүзүшү, ат чабыш ж. б. болот. Эр сайышта Агыш, Байсары, Адуучу, Кулчунбайлар жеңет. Жамбы атууда да Агыш жеңип чыгат. Төө чечмейге Көкөтөйдүн ашындагы Оронгунун синдиси Ордокан чыгат. Кадимки эле Көкөтөйдүн ашындагыдай ырааттуулукта айтылганы менен көркөмдүк деңгээли андан кыйла төмөн. Биринчи атка 1000 жамбы, 9000 дилде, 90 кызыл нар сайылат. Ат чабышка алты жүз ат айдалып, ат айдоочу болуп Чынгыш шайланат. Көкөтөйдүн ашында Манастын Аккуласы чыкса, Манастын ашында Семетейдин Тайбуурулу биринчи чыгат. Сюжеттин мындай курулушу Манас баатырдын баркын, даңкын, культун көтөрүүгө болгон аракет экендиги байкалып турат. Биринчи келүүгө жарабаса да, алдыга сүрөп чыгарууга Манастын чоролору, эли чын ыкласы менен аракет жасап, керек болсо жол коюшат. Манастын ашында Үрбүнүн Кыйды кара аты алдыда келе жатканда Каныкей укса уят деп, Тайбуурулду алдыга өткөрүп жиберишет. Анын үстүнө ар кандай баатырга өзүнө ылайык мине турган аты болуш керектиги фольклордун традициялуу закону. Демек, арстан Манастын аты Аккула да чар тарабынан жеткилең болушу керек эле. Келечекте Манастын ордун басуучу Семетейдин аты фольклордук салт боюнча бардык жагынан мыкты болушу зарыл. Тайбуурулдун чыгып келиши Каныкейдин көңүлүн гана албастан, ошондой эле баатырдын тукумунун даңкын чыгаруунун аракетинен улам жасалат. Токсон беш жашаган Кошой Манастын ашына баа берип: «Көкөтөйдүн ашына аш жетпейт, анткени аны Манас башкарган. Манастын ашы чыр-чатаксыз тынч өттү, бул жакшы жагы, бирок жыйнаган элиң аз болду. Жакшылап аш бергенге өз балаң жаш болду», — дейт Каныкейге.

Аш тараарда Қаныкей меймандарга бирден ат мингизип, бирден тон кийгизет. Акеркеч Көкчө экөө эки күн кеч аттанышат. Себеби Абыке сөз салса Каныкейди ага алып берип кетүүнү ойлошкон эле. Абыке «Эжемди кантип алам»—деп көнбөй коёт. Бул эпизоддо «Манас» эпосунун традициясына мүнөздүү болбогон аялзатынын ролун экинчи планга жылдыруу бар. Маселен, ашта аялдарга тамакты элдин эң артында тарттырат. Бул кийинки эле диний салт-санаалардын таасиринен улам.

«Манастын ашы» жөнүндөгү эпизод (колдогу материалдарга караганда) эки гана манасчынын (Тоголок Молдо менен Ыбрай Абдырахмановдордун) вариантында бар. Саякбай Қаралаевдин вариантында Манасты акыркы сапарга узатып жатканда Манастын досунун баласы Қоёналынын аяш атама аш берем деп күпүлдөп айткан жери бар. Бирок аштын өткөндүгү жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Қыскартып айтканда «Манастын ашы» жөнүндөгү эпизод негизги варианттарда айтылбагандыгы, көркөмдүк сапатынын, сюжеттик курулушу менен мазмунунун «Көкөтөйдүн ашынан» кем тургандыгы, ошондой эле жалпы жонунан ошол эпизодду («Көкөтөйдүн ашын») кайталагандыгы менен трилогиянын традициялык сюжетине мүнөздүү эмес. Тоголок Молдонун варианты боюнча трилогиянын биринчи бөлүгү «Манастын ашы» менен бүтөт.

## V

«Манас» эпосу кыргыз элинин тарыхый өнүгүшүнүн ар кандай этаптарындагы доордун мүнөзүн чагылдыргандыктан ичине ар түрдүү темаларды жана ар бир доордун мүнөзүнө, талабына жараша жаралган идеяларды камтыйт. Маселен, «Согуштук демократия» мезгилинде согуш материалдык каражат табуунун бирден бир жолу катары саналып, майда уруулар өз ара биригишет да, душманга каршы бирге турушат. Ушулардын баары «Манас» эпосунун негизги идеялык багытын мүнөздөйт. Өз Мекени үчүн элдин башын бириктирип, баскынчыларга каршы казатка аттануу эпостун негизги идеясынын уюткусун түзөт. Бул идеяны иш жүзүнө ашыруу, негизинен «Чоң казат», «Кичи казат» эпизоддорунда көрүнөт. Башынан кыргыздар менен касташып, жер-суусун, мал-мүлкүн тартып алууга аракетте-

нип, атүгүл айрым мезгилдерде басып келген кытайларга, калмактарга каршы түп көтөрө аттануу «Чоң казат» эпизодунда кеңири полотнодо сүрөттөлөт. Мындай ыйык милдетти — эл, жерди коргоо үчүн басып алуучуларды сүрүп чыгууну эпостогу Манас баштаган Бакай, Каныкей, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу ондогон каармандар аткарат. Алардын образдары көөнөрбөстөн улам кийинки жаштарды өз мекенинин патриоту болууга тарбиялай бермекчи.

Тоголок Молдонун вариантында тек гана аты аталган 300 гө жакын персонаж бар. Алардын кээ бирөөлөрү кирди-чыкты, башка каармандар менен бирдикте жасаган аракеттери атайын сөз болбойт, айрымдары эпизоддук окуяларга гана катышып, толук кандуу образ катары эсте сакталбайт.

Ал эми Манас, Каныкей, Бакай, Кошой, Коңурбай, кырк чоро сыяктуу образдар реалдуу турмушту жана элдин түшүнүгүндөгү идеалдуу жагдайларды камтуу жагынан айырмаланып турушат. Булар негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы турпаттарынан алысташпайт.

Эпостун борбордук каарманы элдин башын бириктирип, Мекенин четки душмандардан коргогон элдин идеал баатыры — Манас. Анын образындагы байыркылыкты, эпостун жашоо тарыхында кошулган кошумчаларды, жалпы эле Манастын образына В. М. Жирмунский «Манас» эпосун изилдөөгө киришүү»[1] деген эмгегинин «Идеялар жана образдар» аттуу бөлүмүндө кеңири талдоо жүргүзгөн. Ошону менен Манастан башка каармандардын образдарына да кайрылып, кыйла орундуу пикирлерин айткан. «Манас» эпосундагы айрым образдарга байланыштуу В. М. Жирмунскийдин ойлору, жыйынтыктары биз сөз кылып жаткан Тоголок Молдонун вариантындагы образдарга да туура келет. Ошондуктан эпостогу образдарга кеңири токтолуп отурбастан, варианттар ортосундагы образдардын чагылдырылышындагы айырмачылыктарга гана кыскача токтолууну туура көрдүк.

Тоголок Молдонун варианты «Манастын балалык чагы» жана «Чоң казат», «Кичи казаттан» гана турат.

---

[1] *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас». — В кн.: Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961, 85-бет.

Бул эпизоддордо Манастын борбордук каарман катары ээлеген орду, жасаган аракеттери ага байланыштуу тотемдик түшүнүктөр (отко салса күйбөгөн, атса ок өтпөгөн), архаикалык белгилер, ошондой эле анын образына кийин киргизилген каардуу башкарууучулукка окшогон касиеттердин баары Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы Манастын образынын берилишине дал келет.

Манастын төрөлүшү эпостун бардык эле варианттарына мүнөздүү болгон түш көрүү менен байланышат. Болочоктогу элдик баатыр Манастын атасы Жакып, энелери Чыйырды, Бакдөөлөттөр бир учурда керемет-түү түштөрдү көрүшөт. Түштүн аяны Жакып менен Чыйырды келечекте уулдуу болуп, ал баласы баатыр чыгарын баяндайт. Демек, баатыр Манастын эрдиги, журт башкарган баатыр болоору өзү төрөлө электе эле белгилүү болуп калат. Ошондой эле Манас төрөлгөндө эки колуна кан уучтап, «Кармашар душманым кайда?» деп түшөт.

Эки колуна кан уштап,
Какшатып энесин
Карынды катуу тээп,
«Кайда менин кармашар
Душманым» — деп,
Жерге туйлап
Бакырып ыйлап түштү[1].

Эпикалык баатырга традициялуу мындай белгилердин баары Манастын образында алгачкы баатырдык эпосторго мүнөздүү архаикалык түшүнүктөр да камтылгандыгын далилдейт.

Манастын баатырлыгы, тулку бою, күчү жапайы айбандардын эң жырткычы жана сүрдүүлөрүнөн болгон арстан, жолборс, көкжалдарга салыштырылат. Байыркы элдер ошол жапайы айбандардын кыймыл-аракетин каармандыктын жогорку белгиси катары түшүнүшкөн. Ошондон улам кабылан Манас, арстан Манас сыяктуу эпитеттер жыш колдонулат. Ал эми Манастын өзү б. а., сырткы келбети жомоктук апыртуунун эң жогорку баскычы—мифтик дөө-шааларга жакын сүрөттөлөт. Мунун өзү элдин башын бириктирип, чет душмандарга каршы турган жогорку идеалдагы каарманын даңазалоодон,

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1069, 103-бет.

зоболосун көтөрүүгө жасаган аракетинен улам келип чыккан.

«Чоң казат», «Кичи казат» эпизоддорунда, айрыкча алты кандын аразына байланыштуу окуяларда Манастын мурдагы мифтик, архаикалык белгилерин баатырдык, каардуу башкаруучулук касиеттери басып кетет. «Чоң казаттын» башталышында, Манастын образына байланышкан, Тоголок Молдонун вариантына гана мүнөздүү жортуул баштоо жөнүндөгү бир жактуу, эпостун традициясына жат мотивировканы айтпай кетүүгө болбос.

Бийлик үчүн араздашкан алты кан өз үстөмдүгүн көрсөтүү үчүн Манаска келишип конок болгон соң Манас бардыгын ордосуна чогултуп: «Жоого каршы казат кылсак кандай болот?» — деп сурайт. Бул бир жагынан кандарга кайрылуу болсо, экинчиден, буйрук иретинде айтылгандыгы сезилип турат.

Тоголок Молдо өз вариантында душманга жасоочу жортуулдун зарылдыгын үч түрдүү себепке байланыштырат:

1) Манас колу жеткен жердин бардыгын багынтып, көптөгөн жерлерди, элдерди караткандыгын санайт да:

Озунган душман кол салып,
Ушу күндө Манаска
Өздөрү келип Таласка
Ок атуудан чарчады[1],—

ошондуктан жортуул жасоо керек дейт.

2) Бей-бечараларды, карыптарды байытыш үчүн, ошондой эле өз элинин мартабасын, зоболосун көтөрүү үчүн жортуул жасоо зарылдыгын Манас өзү мындайча белгилейт:

. . . . .
. . . . .
Атпай кыргыз баш коштуң,
Айткан сөзүм эп болсун.
Кайнап жаткан душманга
Барып калсаң кандай деп
Карып, жетим, тул катын
Байып калса кандай деп...[2]

ж. б.

3) Динге киргизүү зарылдыгын Манас:

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 183-бет.

[2] Ошондо, 186-бет.

Алдадан китеп, кеп келген
Ак динге салгын деп келген,—

деп түшүндүрөт. Кытайга Сулайман пайгамбар, Искендер, Мухамбеттин күйөө баласы Аалылар казат кылгандыгын, бир топ жерлерди мусулмандаштыргандыгын узун сабак айтып өтөт. Буга караганда Манастын образында бир эле учурда бир нече доордун белгилери берилгендигин, жогоруда белгиленген, жортуулга аттануунун биринчи себебинен Манастын баатырдыгын, каардуу феодалдык башкаруучулугун көрсөк, экинчи себебинен жоокерчилик доорго мүнөздүү болгон душманына каршы аттанып, согушуунун эсебинен дүнүйө таап, тиричилик өткөргөндүгүн сезебиз. Үчүнчү себебинен болсо манасчы кыргыздар мусулман динин кабыл алып, ал диндин апийими элге сиңип атүгүл ошол мусулман дини үчүн күрөшүүгө, башка элдерге таратууга чейин барып калган мезгилди Манастын образына камтыганы байкалат. Манастын образынын көркөм интерпретацияланышы түркүн доорго тиешелүү болгон ушундай белгилеринин жыйындысы — эпос бир нече доордун продуктысын камтып тургандыгын далилдейт.

Жортуул жасоонун зарылдыгы жөнүндө Манастын айткан сөзүнөн улам вариантта басып алуучулук, феодалдык-клерикалдык идеялар бар экендигин айтууга болот. Бирок варианттын толук болбогондугуна байланыштуу (мында Чоң казаттын башталыш себебин баяндаган «Көкөтөйдүн ашы» аттуу эпизодду эске алып жатабыз), ошондой эле «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» аттуу эпизоддун башында кытайлардын кыргыздарды чаап, ар кайсынысын ар жакка таратып жибергендиктен, Манастын Бээжинге жортуулун биз жогоруда көрсөткөн себептеринен улам басып алуучулук, феодалдык-клерикалдык идеяда деп айтуу кыйын. Анткени Тоголок Молдонун вариантындагы Манастын бардык согуштук аракеттеринен өз элин, жерин коргоо идеясы көрүнүп турат. Манастын жоортуул кылуу жөнүндөгү бир эле жердеги сөзүнө таянбастан, анын вариантын башынан аягына чейинки аракеттерин эске алганыбызда жоого жасаган жортуулу утуру чаап алып турган душманынан өч алуу, алардан өз элин коргоо гана болуп саналат.

М. Богданованын: «...Тоголок Молдонун версиясында кыргыз урууларын бириктирүү идеясы — түрк сул-

танынын алдына бүткүл түрк элдерин бириктирүүгө аракеттенген пантюркстик идеяга алмашылып берилет»[1] деген тыянагынын калтысыраак экендигин айта кетишибиз керек. Биринчиден, М. Богданова көрсөткөн (1-т, № 1069) инвентарда Манастын төрөлүшү жана балалык чагы жөнүндө гана айтылып, түрк султанынын алдына биригүү жөнүндө сөз болбойт. Түрктөн баштап Манастын 31 атасын санаган жери бар, бирок түрктөрдүн башын түрк султанынын бийлиги алдына бириктирүү жөнүндөгү пантюркисттик (М. Богданова айткандай) идеяга байланышпайт. Аталган вариантта, башка варианттарда кезигүүчү (маселен, С. Орозбаковдун, М. Мусулманкуловдун, С. Каралаевдин ж. б.) элдин башын бириктирген көптөгөн чабуулдар аз, болгону «Чоң казат» менен «Кичи казат» гана бар. Анын ичинен «Кичи казат» Коңурбайдын Манастан өч алыш үчүн алдап чакыруусуна байланыштуу ишенчээк Манас колу менен ага мейманга барган жеринен башталат. Мында уруулардын биригүүсүндө душмандарын динге киргизүү, же басып алуу жөнүндө атайын ниет болбойт. Бирок башка варианттар сыяктуу эле Тоголок Молдонун вариантында да «Манас» эпосунун башкы темасы Мекенди коргоо боюнча кала берет. Бул улуу максатты аткарууга багытталган негизги идеяны эпостун башкы каарманы — Манас көтөрөт.

Алты кандын арасынан Төштүк менен Үрбүнүн мүнөздөрүндө берки варианттарга салыштырганда эр жүрөктүүлүк, чечкиндүүлүк сыяктуу сапаттар менен катар эрдемсингендери алты кандын Манаска бирди кылуу үчүн кеңешип жаткан мезгилинде байкалат. Үрбү Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарында кеңеште чечкиндүү пикирин айта албайт. Тоголок Молдонун вариантында 6 кандын баарынын тегин териштирип аларды Манас адам кылганын эстерине салып, «Убагында сен ким элең?» деп басып сүйлөйт. Ал эми Төштүк:

Кызыталак бу канкор
Баатыр эмес эч кимден.
Жүрөктү Үрбү алды деп

---

[1] *Богданова М.* Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас». — В кн.: Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961, 214-бет.

Жүдөп калчуу мен эмес,
Бактысы артык болбосо,
Манасың менден эр эмес,[1] —

дейт. Өзүнүн эрдигин Манас менен тең коет, ойлонуп тарткынчыктаган кандарды Манаска барууга көндүрөт. Ушу сыяктуу Үрбү менен Төштүктүн мүнөздөрүнө таандык болгон чечкиндүүлүктөр башка каармандардын аракеттеринен да көрүнөт. Тоголок Молдо эпостогу кээ бир каармандардын аткарган функцияларын, айрым кырдаалдарын баса баяндаган учурлар көп. Маселен, Коңурбайдын образындагы айлакерлик, куулук, алдамчылык мүнөздөрүнө манасчынын көбүрөөк боек сүртүп, митайымдыгын баса көрсөтүүгө аракеттенгендигин, Манастан жеңилгенден кийин Манас менен ысык дос болуп анын ичи-койнуна кирип кетүүгө аракетениши, атүгүл Алмамбеттин тоюнда тамак тарттыруу жагын тейлеши, Коңурбайдын эки жүздүүлүгүн айгинелейт. Манасты кийин конокко чакырып беш-алты күн сыйлаган соң жарадар кылат. Коңурбайдын образына мүнөздүү мындай моменттер башка варианттардан жолукпагандыктан, Тоголок Молдонун чыгармачылык стилине гана таандык көрүнүш катары кароо керек.

Эпостун сюжеттик курулушуна байланыштуу Тоголок Молдонун вариантындагы стилдик өзгөчөлүктөргө мурдагы бөлүмдө сюжеттик мотивдер менен бирге токтолгон элек. Ошондуктан манасчынын кырк чорону түгөл санап чыгууга, атүгүл кырк зардалынын (орун басарлары, найыптары) аттарын атап өтүүгө чейин далалаттанганына, ар бир эпизодго киришерде эпилог катары ыр айтарына, Манастын 32 атасына чейин сурүштүрүүгө аракеттенгени сыяктуу айрым жактарына кайрылбастан эле, айрым бир стилдик өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Тоголок Молдо эпостун мазмунуна камтылган окуяларга, эпостук сюжетке традициялуу эмес, жакынкы учурларга гана мүнөздүү деталдарды көп киргизгени байкалат. Маселен, Манас төрөлүп, ага той берилгенде оюн-зоокто эл эки тарапка — Батыш, Чыгышка бөлүнүп, беттешкени жөнүндө айтат. Эпостун традициясында бир элди, же жерди чыгыш, батышка бөлүп айтуу

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1070, 905-бет.

кезикпейт. Же болбосо Манастын ашы өткөндөн кийин Акеркеч менен Көкчөнүн Абыкеден сөз күтүп эки күн кеч кайтышы (эгер Абыке Каныкейди алуу жөнүндө сөз чыгарса, экөөнү үйлөндүрүп коюуну ойлошкон) да манасчынын эпостук традициядан оолактап, өзүнө таандыш турмуштук (бытовой) салт-санааларды көбүрөөк кийирүүгө аракеттенгендигин көрсөтөт. Акеркеч жесир калган сиңдисине эжелик парзын орундамакчы болгонун, ошондой эле манасчы Абыкенин жакшы жигит экендигин далилдеп, Көбөштүн кара мүртөздүгүн көрсөткүсү келет. Бирок, тилекке каршы, бул аракет эпостук традициядан окчун, жазма адабияттагы (прозаизм) баяндоо манерасына окшоп калган. Бул манасчынын жазма адабияттын өкүлү болгондугуна, элдик оозеки чыгармаларды, санжыраларды көп жыйнап, үрп-адаттарга, салт-санааларга көп көңүл бургандыгына байланыштуу болсо керек. Анан калса Тоголок Молдо «Манастын» бул бөлүмүн жазып өткөргөнгө чейин (1939-ж.) кыргыз профессионал адабияты өнүгүп, атүгүл биринчи романы пайда болуп калган эле. Бул да өз таасирин тийгизбей койгон эместир.

Манасчы кээде эпоско, эпосту түзгөн элдин үрп-адатына мүнөздүү эмес көрүнүштөрдү кошуп жиберген учурлары кездешет. Маселен, Коңурбай Шоодайды жиберип Манасты чакыртат да, жолунан тосуп чыгып колунан өбөт, ал Коңурбайдын сөзү менен мындайча берилет:

Досум Манас келет деп  
Түзөтүп турдум жолуңду.  
Сагынгандык себептен  
Анан өптүм колуңду[1].

Досун колдон өбүү кыргыз элине, атүгүл жалпы эле чыгыш элдерине мүнөздүү эмес. Муну манасчы башка элдердин үрп-адатына байланыштуу киргизген болуу керек.

Сөз болуп жаткан варианттын тилдик (көркөм тили эмес) бөтөнчөлүктөрүнө көз кырын таштап көрсөк, анда бир диалекти үчүн архаизмге айланып колдонуудан чыгып калган (түндүк диалектиси) сөздөр, атүгүл орус

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1073, 601-бет.

сөздөрүнөн пайдаланган учурлары, китептик таасирлер бар экени байкалат. Маселен, *оромол, парвана, калта, байрак, аптава* сыяктуу түштүк диалектиде колдонулуп жүргөн сөздөрдү арбын жолуктурууга болот. Ал эми *увазир, мыршап, зардал, касида* өңдөнгөн сөздөр китептик таасир аркылуу кирген болуу керек. Анткени Тоголок Молдо окуй да, жаза да билген сабаттуу киши болгондугу баарыбызга маалым.

Биз сөз кылып жаткан варианттын лексикасында *кантон, порум, тилгирем (телеграмма), чабадан (чемодан)* өңдөнгөн сөздөр көп учурайт. Мындай типтеги сөздөрдүн айрымдарын Каралаевдин вариантынан да кездештирүүгө болот. Мамбет Чокморовдун вариантында да интернационалдык сөздөр кездешет. Демек, мындан улам биздин учурга жакындаган, же жашаган манасчылардын лексикаларында жаңы интернационалдык сөздөр көп орун алат деген жыйынтык өзүнөн өзү келип чыгат.

Тоголок Молдонун вариантында «тилгирем», «тилсым» деген сөздөр жанаша колдонулат. Манасчы телефондун ордуна «тилсым» деген сөздү пайдаланат (бул сөз Тоголок Молдонун вариантында электр тогунун маанисин түшүндүрүп калган учуру да бар). Ошондуктан бул эки сөз тең бир орундан экинчи орунга кабар жеткирүүчү нерсени билдирет. «Манас» эпосунун мурдатан келаткан традициясында кабар жеткирүү ат чаптырып айттыруу, канаттуулар, айбанаттар аркылуу, же кат жазуу менен (бул да кийинчирээк кирген) ишке ашкан. Көпчүлүк варианттарда ушундай традициялык ыкмалар колдонулат. Эпостогу Тоголок Молдонун «тилсым», «тилгирем» деген сөздөрдү пайдаланган жерин гана алып, башка варианттарга салыштырып көрөлү. Маселен, «Чоң казат» эпизодунда Алмамбет менен Сыргактын чалгын чалган жери бар. Бул мотив бардык варианттарда жолугат. Ошондо Сагымбай Орозбаковдуку боюнча, душмандар куштардан кароол коёт. Манастын келатканын билген куштар Коңурбайга кабар берет. Саякбай Каралаевде кароол карап, кабар берүүчүнүн ролун кыпкызыл калтар түлкү, кулжа аткарат. Аларды Коңурбайга кабар жеткиртпей Алмамбет менен Сыргак өлтүрөт. Ал эми Тоголок Молдонун вариантында жогорку манасчылардын варианттарындагыдай эле кароол караган куштар, жаныбарлар эскерилет, бирок алар өздөрү барып кабар бербестен, *тилсым*

аркылуу билдиришет. Маселен, Коңурбай алты миң устага *тилсым* салган капкан жасаттырып, жолго коюп коёт. Ал капкан болсо кабылган душманды тилсым аркылуу Бээжинге билдирип турат. Ак кулжа менен Куу өрдөктөр да ар кандай кабарларды тилсым аркылуу билдиришет. Оюбузду бекемдеш үчүн эпостун текстинен мисал келтирип көрөлү:

Асылы жин Куүөрдөк
Кан Коңурдун тилчиси.
Алыстан жоону көрчүсү,
Сым менен кабар берчүүсү,[1]—

деп Алмамбет жолдун жайын Сыргакка түшүндүрөт. Кийин экөө капканга таш кулатып чаптырып, Аккулжа, Куүөрдөктөрдү өлтүрүшөт, душманды чек арадан кабарсыз калтырышат. Демек, манасчы жомокко биздин замандагы илим, техниканын жетишкендиктерин эпоско киргизүүгө аракет жасайт. Канчалык жымсалданганы менен деле жомоктун сюжетинен оркоюп бөлүнүп, сөз болуп жаткан вариантта *тилгиремге* (телеграмма) байланыштуу айтылган моменттер бүгүнкү күндөгү байланыш түйүндөрүнүн кабар таратуусундай эле көрүнүш болуп калган:

Алптын, дөөнүн баарына
Азизкан кабар салыптыр.
Тилгирем менен кат берип,
Кабарым түшүп калыптыр[2].

*Чавадан* (чемодан) жөнүндө деле жогорку пикирди айтууга болот. Алмамбет чалгында жүргөндө *чаваданын* ала жүрөт. Анда кийим-кечеси болору айтылат:

Чаваданын төктүрүп,
Кытайча кылган кең чалбар
Аягына салыптыр[3], ж. б.

Демек, эпос канчалык доорду басып өтпөсүн, ошол доорго мүнөздүү белгилерди камтып жүрүп отурары дагы бир жолу айкындалып, илим менен техника дүркүрөп өнүккөн биздин доорго тиешелүү *«телеграмма»*, *«теле-*

---

[1] *Тоголок Молдо.* Манас. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 1071, 416-бет.
[2] Ошондо, 581-бет.
[3] Ошондо, 616-бет.

*фон»* сыяктуу түшүнүктөр эпостон орун алып олтурушу да закондуу көрүнүш.

## СЕМЕТЕЙ

«Манас» трилогиясы өз алдынча бүткөн «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунан турат. Булар бири-бири менен генеалогиялык жактан бекем тутумдашып, биринчи бөлүктө сүрөттөлгөн борбордук каармандын алдына койгон максатын, ишин экинчи бөлүктөгү башкы каарман улантып, экинчидегини үчүнчү бөлүктөгүсү бүткөрөт. Алар биринен экинчисине ыйык мурас катары өткөрүп келген негизги идея — өз элин, жерин ички, сырткы душмандардан коргоо, өз журтунун мүдөөсү үчүн кызмат кылуу, атасынын даңкын сактап, анын өмүрү үчүн душманынан өч алуу болуп саналат.

«Семетей» эпосу трилогиянын экинчи бөлүгү, легендарлуу Манастын уулу Семетейдин өмүр баянына, көрсөткөн эрдиктерине байланыштуу окуяларды камтыйт. Эпостогу каармандардын айрымдары «Манаста» да, «Сейтекте» да катышат. Алардын жашаган мезгилин чагылдыруу жагынан да трилогиянын үч бөлүгү өз ара бекем байланышат. Трилогиянын башкы каармандарынын жардамчылары болгон Каныкей, Бакай, Чыйырды, Күлчоро, Айчүрөк, Канчоро жана башкалардын жалаң өмүр жолун (сырткы окуяларды эсепке албаганда) караганда «Семетей» трилогиянын башка бөлүктөрүн бириктирип турган ортоңку өткөөл бөлүк болуп эсептелет. Бирок В. М. Жирмунский белгилегендей[1], сюжеттик материалдарды камтуу жагынан «Манас» бөлүгүнөн жупунураак турат. Окуялар көбүнчө башкы каармандын гана өмүр баянына байланышып, калгандарынын өз алдынча аракеттери анча көрүнбөйт. «Манаска» мүнөздүү монументалдуулук, архаикалуулук, алгачкы доорлорго тиешелүү болгон легендарлуу окуяларды камтуу «Семетейде» аз. Мындагы окуялар кыйла өзгөрүлүп, кийинки доролордун көп белгилерин алып жүрөт.

«Семетей» эпосу трилогиянын калган бөлүктөрүнөн лиро-эпикалык, романтикалык мүнөзү, окуяларды сүрөттөө жагынан айырмалуу. Бул жагынан кыргыздын

---

[1] Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961, 168-бет.

кенже эпостору, казак жана Орто Азия элдеринин лиро-эпикалык мүнөздөгү эпостору менен жакындашат. Анын жомоктук-фантастикалык лирикага, романтикага байлыгы, камтыган окуяларынын жакынкы мезгилдерге тиешелүү болушу жана сюжети букта келип, кызыктуу болушу угуучуларды кызыктырып, жомокчулардын көңүлүн бурган. Ошондон уламбы манасчылар да трилогиянын «Семетей» бөлүгүн көбүрөөк айтышат. Ал эми манасчылардан сырткары семетейчилердин плеядасынын пайда болушу «Семетейдин» кызыктуулугуна, эл арасына көп таралгандыгына күбө болот.

Эл арасына кеңири тарагандыгына карабастан «Семетей» трилогиянын биринчи бөлүгүнө салыштырганда аз изилденген. Улуу Октябрь революциясына чейинки айрым эскерүүлөрдү, маалымдоолордү эске албаганда, атайын изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Семетей жөнүндөгү (эпос түрүндөгү эмес, баатыр катары) алгачкы маалымат 1849-жылга таандык. Чоң ордодогу мурдагы өкмөттүк пристав майор Г. Франелдин 1849-жылы Кара кыргыздардын уруу башчысы Кыргызбай Атыгене (Адигине), Тогай (Тагай) аттуу эки баласы менен Иле суусунун жээгинен тоо таянып көчкөндүгүн, ага ногой уруусунун князы Манас жана анын уулу Семетейдин кысымы себеп болгондугун билдирген кабары бар[1]. Бул жөнүндө Ч. Ч. Валиханов да 1904-жылкы «Из черновых бумаг» деген № 1 запискасында эскерет[2].

«Семетейди» эпос катары биринчи жолу гректердин «Одиссеясына» теңеген казак этнографы Ч. Ч. Валиханов болгон. Андан кийин «Манас», «Семетейден» үзүндүлөр жазып алып, алар жөнүндө кабар берүү В. В. Радловго таандык. Бул маселе айрым эмгектерде[3] изилденгендиктен токтолуп отуруунун зарылдыгы жок.

---

[1] *Берков П. Н., Сагидова Э. К.* Библиографический указатель литературы о «Манасе». В кн.: Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961, 301-бет.

[2] Ошондо, 307-бет.

[3] *Керимжанова Б.* «Семетей» и «Сейтек». — Фрунзе, 1961; *Мамыров М.* Орус окумуштуулары «Манас» эпосу жөнүндө, 1964; «Семетей» эпосу «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү.—Фрунзе, 1963; *Мамытбеков З.* В. В. Радлов жазып алган «Манастын» варианты. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» аттуу китепте. — Фрунзе, 1966.

Ошол эле XIX кылымда атактуу манасчы Тыныбектен «Семетейден» үзүндү жазылып алынат. Ал 1898-жылы араб алфавити менен Казань шаарында басылып чыгат[1]. XIX кылымдагы «Семетей» жөнүндөгү маалыматтар ушуну менен бүтөт.

XX кылымдын башында 1911-жылы венгер окумуштуусу Г. Алмаши «Восточное обозрение» деген журналга «Семетейден» үзүндү жарыялайт. Ал «Манас» баатырдын уулу Семетей менен коштошкону» деп аталып немец тилинде жарык көрөт. Андан кийин «Семетей» жөнүндөгү маалыматты сүрөтчү Б. В. Смирнов 1914-жылы Москвада чыккан «В степях Туркестана» аттуу китебинде жарыялайт. Б. В. Смирновго текстти айтып берген (1903-жылы) Кенже Кара аттуу семетейчи жөнүндө жана андан жазылып алынган үзүндүнүн мазмуну, өзгөчөлүгү жөнүндө фольклорист З. Мамытбеков кеңири изилдөө жүргүзгөн[2].

«Семетейди» жыйноо жана изилдөө Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин кеңири колго алынды. Эпостун толук кандуу варианттары, үзүндүлөрү жыйналды. Б. Керимжанова белгилегендей: «Манас» трилогиясын, анын ичинен «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн жазып алуу отузунчу жылдардан тартып интенсивдүү түрдө жүрөт[3]. Ошол мезгилден бүгүнкү күнгө чейин кагаз бетине түшүрүлгөн «Семетейдин» толук варианттарынын, үзүндүлөрүнүн көлөмүнө карасак, трилогиянын бул бөлүгү эл арасында кеңири тарап, манасчылар, семетейчилер тарабынан көп айтылгандыгына ишенебиз.

Совет доорунда «Семетей» эпосун атайын иликтөөгө арналган В. М. Жирмунскийдин «Манас» эпосун изилдөөгө киришүү», Б. Керимжанованын «Семетей» жана «Сейтек», «Кириш сөз» (1954-жылы жарык көргөн «Семетейдин» бириктирлиген варианты) жана М. Мамыровдун «Семетей» эпосу — «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү» ж. б. эмгектерди көрсөтүүгө болот.

---

[1] *Берков П. Н., Сагидова Э. К.* Библиографический указатель литературы, 306-бет.

[2] *Мамытбеков З.* В. В. Радлов жазып алган «Манастын» варианты. — Китепте: «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, 1966.

[3] *Керимжанова Б.* «Семетей» и «Сейтек». — Фрунзе, 1961, 306-бет.

Бул эмгектерде (М. Мамыровдун эмгегинен башкасы) жалпы маселелер, «Семетей» эпосуна тиешелүү проблемалар жөнүндө сөз болот. Ал эми тигил же бул вариантты изилдөөгө арналган эмгек катары М. Мамыровдун Саякбай Каралаевди изилдөөгө арналган китебин көрсөтүүгө болот. Эмгек жетишкен ийгиликтерине жана айрым бир кемчиликтерине карабастан «Семетейдин» бир вариантын кеңири изилдөөгө арналган алгачкы аракет болуп саналат.

Эпостун Саякбай Каралаевдикинен тышкары В. В. Радлов жазып алган жана Тоголок Молдо, М. Мусулманкулов, Ш. Рысмендиев, Ж. Кожеков, Б. Сазанов, М. Чокморов, А. Рысмендиев, Ж. Сарыков, С. Молдокеева жана башкалардан жазылып алынган бир нече варианттары бар. Ошондуктан ар бирин өз алдынча, же жалпыланган түрдө болсо да иликтеп, алардын жалпылыктарын жана айырмалыктарын, идеялык-көркөмдүк жагынан алган ордун белгилеген изилдөөлөрдүн болушу зарыл.

Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталып турган «Семетей» эпосунун варианттарынын ичинен окуяларды камтуусу, сюжеттик курулушу, жалпы эле идеялык-көркөмдүгү жагынан Тоголок Молдо жазып өткөргөн вариант негизги варианттардан болуп эсептелет. Муну «Семетейдин» бириктирилген вариантына[1] Тоголок Молдонуку экинин бири катары киргизилгендиги айгинелей алат. Аалы Токомбаев: «Бириктирилген вариантка жети варианттын ичинен экөөнү — С. Каралаев менен Тоголок Молдонун варианттарын гана тандап алууга туура келди»[2] — деп жазат. К. Маликов «Акын жашынан «Манас», «Семетейлерди» көп угуп, өзү да бир аз ал жомоктордон айта койгон. Айрыкча Тоголок Молдо жазып берген «Семетей» бардык жактан баалуу болуп, «Семетейдин» кыскартылып бириктирилген вариантын түзүүдө чоң омок болду»[3], — деп эскерет.

Тоголок Молдонун вариантында «Семетей» эпосуна мүнөздүү (традициялуу) деп эсептелген: «Абыке, Кө-

---

1 Семетей. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү. 3-китеп. — Фрунзе, 1959.

2 Киргизский героический эпос «Манас». — М., 1961, 28-бет.

3 *Маликов К.* Замандаштарым жана каламдаштарым. — Фрунзе, 1964, 28-бет.

бөштүн Каныкейге көрсөткөн кордугу», «Семетейдин балалык чагы», «Каныкейдин жомогу» (вариантта атайын бөлүнүп айтылбаганы менен эпизодго тиешелүү мотивдердин баары кыскача камтылат), «Семетейдин Таласка келиши», «Чынкожо, Толтой чатагы», «Айчүрөктүн аккуу кейпин кийип учушу», «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы» (Толтойдун жомогу), «Семетей менен Коңурбайдын согушу» сыяктуу эпизоддордун дээрлик бардыгы жана трилогиянын үчүнчү бөлүгү болуп эсептелген «Сейтек» бар. Демек, бул варианттын негизинде «Семетей» эпосуна байланыштуу проблемалар жөнүндө кеңири сөз кыла берүүгө болот.

Сөз болуп жаткан вариантта Семетей жөнүндө алгачкы кабар Кичи казаттын башында Каныкейдин Манаска түшүн айтып, Бээжингне барбоосун өтүнүп жаткан жеринде берилет.

Бейпайда калган Каныкей
Менин көөнүм тына элек.
Жалгыз балаң Семетей
Сүннөт тоюн кыла элек.
Ушу быйыл турсаңчы,
Сапардан санааң бузсаңчы.
Жалгыз балаң султандын
Сүннөт тоюн кылсаңчы[1].

Каныкейдин сөзүнө караганда Семетей торолуп, сүннөткө отургузууга жарап калган кези десе болот. Трилогиянын экинчи бөлүгү Семетейдин бешикте жаткан учурунан башталат. Көбөш чаап алганы келаткаанын сезген Каныкей баатырдын жолун улантуучу мурасчыны куткарып калуу үчүн Семетейди кулдун баласынын бешигине алмаштырып бөлөп коет.

Каратып коюп күнүнө
Көр Көбөштү эшиктен.
Өжөр кулдун баласын
Каныкей чечип бешиктен,
Аярлык кылып Каныкей
Акылынан шашпады.
Күң баласынын ордуна
Султанды бөлөп таштады.
Өжөр кулдун баласын
Сыр бешикке бөлөдү.

---

1 *Тоголок Молдо.* Манас, инв. 1073, 569-бет.

Семетейди Қаныкей
Қул бешикке бөлөдү[1].

Мындагы мезгилдик (Семетейдин жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу) карама-каршылыкты, биринчиден, манасчы трилогиянын сюжетиндеги окуялардын өсүү, өркүндөө ыраатын чаташтырып жиберүүсүнөн келип чыкты деп билсек, экинчиден, жалпы эле трилогиянын составдык бөлүктөрүнүн («Манас», «Семетей», «Сейтек») циклдешүүсү али толук ширелишип бүтө электигинен болгондой таасир калтырат. Анткени, Семетейдин жаш өзгөчөлүгүна байланышкан кыйчалыш моменттер Тоголок Молдонукунан башка варианттардан да жолугат. Саякбай Каралаевдин вариантында Семетей Чоң казат болоордон мурда төрөлөт. Манас колу менен казатка аттанып жатканда Қаныкей Қошойго чепкен жаап, жаңы төрөлгөн Семетейди колуна берип, бата сурайт:

Адырдан аккан булак деп,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын астында,
Батадан бүткөн чунак деп,
Алып келди баланы.
Адамдан бөлүп санааны.
Баланы алып кан Қошой
Басып турду балпактап.
Бадышадан жалгыз деп,
Алакандап салмактап[2].

Саякбай Каралаевдин вариантынын «Семетей» бөлүгүндө бул эпизод балтыр бешик бала катары берилет[3]. Мында да мурасчыны Көбөштүн чабуулунан куткарып калуу үчүн Қаныкей Қаракүндүн баласы Жообузарды Семетейдин бешигине бөлөп коюп, Семетейдин өзүн Чыйырдыга көтөртүп качырып жиберип аман алып калат. Ушунун өзү биринчи божомолдообузга караганда экинчисинин чындыкка жакындагын далилдейт. Башка элдердин эпосторуна салыштырмалуу караганда «Манас» трилогиясынын бөлүктөрү бири-бири менен генеалогиялык, биографиялык жактан бекем циклдешкени бизге белгилүү болсо да, мезгил аралыгында эпикалык каармандын жаш өзгөчөлүгүнүн эки түрдүү берилип калышы циклдешүүнүн толук бүтө электигин түшүндүрөт.

1 *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1072, 194-бет.
2 *Каралаев С.* Манас, инв. 540, 27-бет.
3 *Каралаев С.* Семетей, инв. 543, 189—237-беттер.

## 1

Сөз болуп жаткан вариантта түрк, сибирь элдеринин эпосторунда көп кайталануучу мотив — элдик карман алыска жортуулга кетип, көпкө кайтпай калганда же өлдү деген «имиш» кабарлар тараган кезде анын үй-бүлөсүнө душмандары кордук көрсөтүшү, ниети бузук туугандары баш көтөрүп, баатырдын байлыгын, бийлигин ээлеп алууга далалаттанышы, мурасчыны жоготууга болгон аракеттер толук боюнча сакталган. Манас өлгөндөн кийин Көбөш кан болуп, Каныкейди Абыкеге алып берүүнү ойлойт. Абыке көнбөй койгон соң, өзү ала турган болуп, Каныкейге Ырчыуул менен Бозуулду жиберет. Каныкейдин Көбөшкө тийбейм дегенин уккандан кийин Жакып балдарын тукуруп, Каныкейдин ордосун чаап алууга, Семетейди өлтүрүүгө буюрат. Биерден фольклордо кеңири таралган мотив—мурасчыны аман алып калыш үчүн бешигин башка бирөөнүн баласынын бешиги менен алмаштырып коюу мотиви жолугат. Тоголок Молдонун вариантында Көбөштүн келээрин билген Каныкей күңүнө жол каратып коюп, кулдун баласы менен Семетейди алмаштырып бөлөйт. Бул жөнүндө күң да, кул да билбейт, жашыруун ишке ашат[1]. Саякбай Каралаевдин вариантында болсо Каныкей Семетейди Чыйырдыга көтөртүп качырып жиберет да, Каракүндүн баласы Жообузарды Семетейдин бешигине бөлөп, эмизип олтуруп калат. Муну Каракүң билип, Каныкей экөөнүн ортосунда конфликт пайда болот.

Тоголок Молдонун вариантындагы алмаштырып бөлөөнүн жашыруун жүрүшү орус элинин «Варвара-краса — длинная коса» аттуу жомогундагы падыша Еремейдин баласы Андрейди, Чудо-Юдодон сактап калыш үчүн, балыкчы Елисейдин баласын Андрей менен алмаштыруу учуруна өтө жакын турат. Орус жомогунда да балдардын бешиктерин алмаштыруу балыкчыга, анын аялына билдирбей жасалат. Аны падыша жардамчы аял экөө аткарат. Бирок «Варвара-краса — длинная коса» жомогу менен кыргыз эпосундагы өмүрүн сактап калууга жасалган аракет мүнөзү боюнча бир биринен айырмаланып турушат. Орус жомогунда пады-

---

1 *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1072, 194-бет.

шанын акыл-эссиз эрке талтаң (чоңойгондо ошондой болот) баласын куткарса, аны куткарууга падыша өзү далалатланса, кыргыз эпосунда элдин идеалы болгон Манастын уулу Семетейди куткаруу башкы планга чыгат. Семетей — келечекте Манастын ордун басып, жалпы элдик ишти алып баруучу, Ата Мекенди коргоочу баатыр.

Сыр бешикке (Семетейдин бешигине) бөлөгөн кулдун баласын Көбөш алдырып чыгып, улак тарттырат. Атүгүл Манас бала кылып алган душман тараптан келген Желдеңбайды да жазалашат. Эпосто Көбөштүн мыкаачылыгы баса көрсөтүлөт. Ал Каныкейге эч нерсе калтырбайт.

Соёруна мал койбой,
Ичерине дан койбой,
Такалуудан тай койбой,
Тамгалуудан кой койбой,
Калка кылар там койбой,
Сая кылар тал койбой

Тамтыгын тарптай кетирип
Таза чаап жөнөдү[1].

Саякбай Каралаевдин вариантында да Көбөштүн Каныкейге, бешиктеги балага жасаган мыкаачылыгы жырткычтыктын жогорку баскычында сүрөттөлөт. Көбөш баланы өлтүрүп, Каныкейдин башын кесип алаарда Шууту арага түшөт. Каныкей жараланып эси ооп жатканда Көбөш жалмаларга тамак калтырбай баарын алып кетет. Ошентип, Манастын аталаш туугандары (алты арам) Абыке менен Көбөштүн Каныкейдин ордосуна жасаган чабуулу, көрсөткөн кордуктары, мурасчыга карата жасаган мыкаачылык аракеттери Каныкейдин талаада калышы менен бүтөт.

## 2

Көбөштөн моралдык жана материалдык жактан запкы жеп, бийлигинен, баатыры Манастан ажыраган Каныкей кайын энеси Чыйырды экөө таланган журтта калышат да, алдыларына андан ары кантип жан сактоо жөнүндөгү суроо коюлат. Ушундай оор абалда акыл-

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1072, 196—197-беттер.

ман Бакай пайда болуп, Чыйырды менен Каныкейдин кайгыларын бөлүшөт. Ал алардын Букарга, Темирканга кетишин макул көрөт. Каныкейлерге эки буудан токутуп, отуз күндүк азык-түлүктөрүн даярдап берет.

Саякбай Каралаевдин вариантында Букарга качуу акылын өлөр алдында Манас өзү айтып кеткендиги белгиленет. Көбөштүн айбалтасынан жабыркаган Каныкей өзүнө келгенде, Манастын ошол сөзүн эстеп, Темирканга качмак болот:

Жыйганым алтын казынам,
Ушундай экен, чачайын.
Эсилим айткан кеп эле.
Эри өлгөндө катынга
Төркүнү жакын деди эле[1].

Каныкей менен Чыйырдынын качып баруучу жери Темиркан болуп, ал жакка качуунун негизги себеби мурасчыны (элдик баатырды) баскынчылардын көзүнөн жашырып калуу, баралына жеткенче, эрдик көрсөткөнгө жараганча (фольклордук традиция боюнча каармандар 12 жашында жоого аттанат) башка жерде асырап багуу эпизоддун башкы идеясы катары жалпы жонунан бардык варианттарда бирдей сакталган. Ал эми качуу жөнүндөгү ойдун келиши, качуу жана мурасчыны тарбиялоо моменттери жагынан, жогоруда белгиленгендей, айырмачылыктардын боло бериши шарттуу нерсе.

Каныкей менен Чыйырдынын Семетейди алып Букарга качышын, жолдо көргөн азап-тозокторун академик В. М. Жирмунский мындайча корутундулайт: «Рассказ о бегстве Каныкей и Чыйырды с младенцем Семетеем, об их скитаниях пешком и без пищи в безлюдной степи на пути в Бухару, о помощи старого Бакая и чудесном покровительстве сверхъестественных сил, поддерживающих и спасающих семью Манаса в ее испытаниях, принадлежит к числу наиболее трогательных и человечных эпизодов поэмы и пользуется у слушателей особой популярностью. Прочность традиции подтверждается большой близостью различных редакций этого эпоса»[2]. В. М. Жирмунскийдин пикири толугу менен Тоголок Молдонун вариантына туура келет. Бул ва-

---

[1] *Каралаев С.* Семетей, инв. 543, 732-бет.

[2] *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас». — В книге: Киргизский героический эпос «Манас», 173-бет.

рианттa Чыйырды менен Каныкейдин жолдогу азап-тозокторуна айрыкча көңүл бурулуп, жогорку көркөмдүктө берилет.

Жетинчи күн болгондо
Жатып калды зоругуп.
Талаада жүрүп тентиреп,
Таманы шишип мөлтүрөп,
Басалбай жүрдү тентиреп.
Балтыры шишип мөлтүрөп,
Таман эти союлуп,
Союлган жери оюлуп.
Кантер айла табалбай
Кара көзү коюлуп.
Ичейин десе тамак жок,
Илгери басар дарман жок.
Каныкей менен Чыйырды
Ыйлап турду амал жок[1].

Оор кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жатса да, Каныкей атасы Темирканга баруудан баш тартып, Урумдун каны Калыйпага кетүүнү ойлойт. Каныкейдин мындай ойго келүүсүнө Манас өлгөндө Темиркандын батага келбей, иниси Ысмайылды жиберип коюшу себеп болот. Букарга баруу же барбоо жөнүндөгү Каныкейдин олку-солкулугу Саякбай Каралаевдин вариантында да бар. Бирок мында Каныкей төркүнүнө барууну туура таппай турушуна Тоголок Молдодогудай бата жөнүндөгү таарынычтар себеп болбостон, «Төрөсү өлүп, төркүнүнө тентип» дегендей ушак-айың сөздөрдөн сактануу, ариет-намыс негизги себеп болот. Маселен, Букарга жөнөтүп жаткан Бакайга Каныкей минтип айтат:

«Төрөсүнөн айрылган
Качкын катын» — дедирип,
Мен жаман аттуу боломбу?
Абаке, төркүнгө барып конбоймун
«Тентиген катын» дедирип,
Жаман аттуу болбоймун[2].

Эпосто Темирканга Манастын өлгөндүгү жөнүндө кабар берилбегендей сүрөттөлөт. Маселен, Каныкейдин иниси Ысмайыл балбандары менен аң уулап жүрүп эки караанды көрөт. Ошондо ал эжем Каныкей болуш ке-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 2-бет.
[2] *Каралаев С.* Семетей, инв. 554, 274-бет.

рек деп тукшумөлдөп, жездесинин өлүмү жөнүндө «Кытайдын каны Коңурга капысынан сайдырып, ooрy болуп ал жездем араң келди деп уктум. Кабыргадан кагынып, как бөйрөктөн чалынып, ошол жездем өлдү дейт»[1] дегендей жанындагыларга бүдөмүк кабар айтат. Эжеси Каныкейге жолугуп, ай балтасын таянып өкүрөт. Тоголок Молдодо мындай мотивировка жок. Каныкейлерге чоочун киши жолугуп, ал Темирканга айтып барат. Ошондон улам атасы келип: «Ак тулпарым тартуу деп, Ак тулпарды албасаң, алтын башым тартуу деп»[2] айткандан кийин гана таарынып жаткан Каныкей Букарга барууга макул болот. Бул варианттагы Каныкей менен Чыйырдынын Семетейди алып Букарга качышы жөнүндөгү эпизод ушундайча аяктайт.

## 3

Семетейдин балалык чагы, түрк элдеринин эпосторунда традиция катары жыш кездешип жүргөндөй, өз ата журтунан алыстагы Букарда өтөт. Бул бардык варианттарда туруктуу сакталган. Келечектеги баатырдын бөтөн жер, бөтөн колдо тарбияланышы «Манас» трилогиясынын өзүнөн эле ачык көрүнөт. «Манас» бөлүгүндө бала Манас Ошпур аттуу койчунун колунда чоңойсо (мында ата конушунан алыс кетпейт), «Сейтек» бөлүгүндө болсо Сейтек келечекте кармашуучу душманы Кыяздын үйүндө эр жетет. Бирок бул үч баатырдын бөтөн жерге, бөтөн колго түшүп калуу шарты, аларды тарбиялоо да ар түрдүү максатты көздөйт. Манасты ата-энеси тентектигинен бөтөн көзгө чалдыкпасын деген ниетте (айрым варианттарда душмандан калкалаш максатында) Ошпур койчуга берип тарбиялатат. Семетей менен Сейтектин бири Букарга, экинчиси Кыяздын колуна барып калуусу атайын жасалган иш эмес. Семетейдин өмүрүн сактап калуу үчүн Каныкей менен Чыйырды Букарга алып барса, Сейтек Кыязга олжо болгон энеси Айчүрөктүн курсагында кетет. Трилогиядагы үч баатырдын (Манас, Семетей, Сейтек) бала кездеги тарбиясы В. М. Жирмунскийдин «Түрк элдеринин эпосторуна баатырды малчы кылып тарбия-

---

[1] *Каралаев С.* Семетей, инв. 545, 254-бет.
[2] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 12-бет.

лоо типтүү көрүнүш болуп саналат»[1] деген көз карашынын тууралыгын далилдейт. Бирок «Манас» трилогиясында Семетей менен Манас малчынын колунда тарбияланса, Сейтек башкача шартта тарбияланышы баса көрсөтүлөт. Тоголок Молдонун вариантында Семетей таенеси Барпыжандын (Саякбай Каралаевдики боюнча Каныкейдин иниси Ысмайылдын) колунда тарбияланып, молдодон сабак алып, «Он үч жашка чыкканда калам жазып, кат окуп»[2] калат.

Семетей атасы Манас, жери Талас, апасы Каныкей экендигин Сары таздан угат. Бул мотив Тоголок Молдо менен Саякбай Каралаевдин варианттарында бирдей мотивировкаланат. Сарытаздын өмүр баяны гана эки вариантта бир аз айырмалуу. Саякбай Каралаевдики боюнча Сары таз Темиркандын тууганы болуп, экөөнүн касташуусунан улам Темиркан аны токойго көмүр өчүргүч кылып айдап жиберген болот. Тоголок Молдонун вариантында Сары таз калыңга келген кул болуп берилет. Келечектеги баатыр эрезеге жеткенде (12—13 жашында) эли, жери, атасы жөнүндөгү кабарды энесинен же экинчи бирөөдөн угушу эпостордо традиция катары көп колдонулат. Маселен, белгилүү «Шахнаменин» каарманы Рустемдин уулу Сухраб атасы жөнүндөгү кабарды эр жеткенде энесинен укса, «Илья Муромецте» Сокольник никесиз туулгандыгы, атасы Муромец экендиги жөнүндөгү алгачкы ачуу кабарды балдардан угуп намыстанат. «Семетей» эпосунда баатырдын ата-теги, жери, эли тууралу кабарды билдирген адамдын экөө тең (энеси же экинчи бир киши) бар. Семетей андай кабарды алгач Сары таздан угуп, анын төгүнүн энеси Каныкейдин жомогунан билет.

## 4

«Каныкейдин жомогу» Тоголок Молдонун вариантында «Каныкейдин Семетейге ата-тегин айтып бергени» деген ат менен берилет. Жогоруда белгилегендей, фольклордо көп колдонулуучу, баатыр эр жеткенде атасы жөнүндө энесинин айтып бериши кыргыз эпосу «Семетейде» бир топ кеңири масштабды камтыйт. Маселен,

[1] *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас». — См. кн.: Тюркский героический эпос. — Л., 1974, 37-бет.

[2] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 16-бет.

Актулпарды агытып, Акшумкарды учуруп, тердикти салынып, үч күн бою (Сары таздан атасы, эли, жери жөнүндө кабар уккандан кийин) тамак ичпей жатып алган Семетейге Каныкей сырын ачып, кыргыздын жашоо-тиричилиги, салт-санаасы жөнүндө узун сабак кеп салат. Таластын көрүнүшүн сүрөттөп, Көбөштүн кордуктарын түшүндүрөт. Баатыр бала Семетейдин өзүнө тиешелүү (атасынан калган 8 мүлк Саякбай Каралаевде 6 деп берилет) жана мине турган аты Тайбуурул жөнүндө Каныкей узун сабак сөз кылып ал мүлктөрдүн ар бирин сүрөттөйт. Саякбай Каралаевдин вариантында «Каныкейдин жомогунун» айтылышына Семетейдин Сары таздан ата-теги, эли-жери, эже катары жүргөн Каныкей энеси экендиги жөнүндөгү кабарды укканы себепкер болот. Бул вариантта Каныкей жомогун өз ыктыяры менен айтпайт. Качан Семетей энесинин колун катуу кысып жибергенде чыдай албай чынын айтып берет.

Академик В. М. Жирмунский: «Түрк тилинде сүйлөгөн Сибирь элдеринин баатырдык жомокторунда мине турган аты баатыр менен бир күндө төрөлөт, же баатыр менен анын атын кулунду тууган бээ эмизип чоңойтот»[1] дегендей пикирин Семетейдин келечекте жоого аттанар мингичи, ар түрдүү согуштук беттешүүлөрдө бирге болоор жардамчысы, Тайбуурулдун туулушу (Манастын колунун келиши) Семетейдин төрөлгөн учуруна чамалаш келиши айныксыз далилдей алат. «Кыз Сайкал менен Манастын сайышкан жери Текеликте»[2] Сайкал Манастан жеңилип, аял кылып алышына көнгөн соң Тайбуурулду: «Жалгыз балаң минсин, мен өлсөм эскерип, бата окуп жүрсүн»[3] — деп, тайында энчилеген. Сайкал Тайбуурулду той учурунда наристе Семетейге (текстте ошондой) энчилеши, ошондой эле Каныкейдин жомогунда Тайбуурулдун тай кезинен ат болгонго чейинки мезгилинин ырааттуу баяндалышы, жогоруда айтылган Семетей менен Тайбуурулдун туулушу чамалаш деген оюбузга жүйөлүү далил.

Каныкей Семетей Таласка барганда келечектеги айрылгыс жолдошу Тайбуурулду, Манастын Көбөштөрдүн

---

1 *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас». — В кн.: Киргизский героический эпос «Манас», 125-бет.

2 *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 73-бет.

3 Ошондо, 73-бет.

колунда калган Сарала, Көкала, Көк буурул, Кара буурул, Кызыл буурул жылкыларынын ичинен кантип ажыратып аларына тынчсызданат. Ошондуктан Каныкейдин сөзү менен семетейчи Тайбуурулдун башка жылкылардан айырмаланган күлүктүгүн, зорлугун, жалпы эле сырткы турпатын өтө жогорку көркөмдүктө сүрөттөйт.

Андан ары Каныкей Манастан калган 8 мүлктү (Бадана, Аккелте, Сырнайза, Аколпок, Айбалта, Ачалбарс, Кандагай, Акшумкар) бирден сыпаттап, алардын кимдердин колунда калгандыгын, кантип табуу жолдорун айтат.

Жыйынтыктап айтканда Каныкейдин Семетейге ата-тегин айтып берген узун сабак жомогу (Каныкейдин жомогу) эпостун башкы каармены Семетейдин ата-теги, эли, жери, жалпы эле өзүнүн ким экендиги, мындан ары эмне иштерди аткаруусу керек экендиги жөнүндөгү жобо (наставление) сыяктуу кызмат аткарат. Ушундан кийин Семетейдин көзү ачылып, алдыдагы максаттары айкын көрүнө баштайт.

## 5

Каныкей Семетейди Таласка узатып жатканда жолдун багытын көрсөтүп бир топ шаарларды (жерлерди) эл жашаган аймактарды, элдерди атайт. Таласка баруучу жол Каныкейдин айтымында Бухара—Самара (азыркы Куйбышев), Казан-Орунбор (Оренбург), Орол (Урал), Торгой аркылуу өтөт. Ошондой эле Астрахань менен Орунбордун ортосундагы Ак-Дөбө, Мазар, Эдил, Жайык, Маңгыш-тоо, Кыян деген жерлерде Көкөтөйдүн калкы; Орол, Торгой, Эдил, Жайык, Эсил, Нуура, Сары-Арка, Семейлерде «зардал кыргыз тунугу, жалпы казак уругу»[1] — Эр Көкчөнүн калкы жашаары айтылат. Ал эми Семетейдин эли Ташкендин сырты Жети-Суу, Таласта жашайт. Буга караганда Талас географиялык жайгашуу жагынан туура көрсөтүлгөн. Бирок Таласка келүүчү жол тескери жакка (Сибирь тарапка) кетиши бир топ ойлорго дуушар кылат. Атүгүл Семетей Оролдон ары жүрүп отуруп Эртишке барат.

---

1 *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 96-бет.

Бөксө менен алкымдап,
Жайлоо менен салкындап,
Жолго түшүп эр Семең,
Жоо бөөрүсү эр немең,
Эртишке келди каргытып[1].

Саякбай Каралаевдин вариантында Букардан чыккан Семетей Кең-Ак-Чий, Гүл-Токой, Боз-Бөлтөк, Боз-Мойнок, Аман-Бел, Сыр дайра, Чыйырчык, Салар, Олуя-Ата, Жорго-Бел, Кең-Кол аркылуу Таласка жетет. Бул варианттагы аталган жерлер тарыхый жактан белгилүү болбосо дагы (Олуя-Ата, Сыр дайрадан башкасы) контексттен байкалгандай, Семетейдин Букардан Таласка чейинки жолу Тоголок Молдодогудай Орол, Сибирди айланып жүрүп отурбастан, түз, төтө жолдо өтөт.

Фольклордун закону боюнча жол багыты, ыраактыгы, жакындыгы, жалпылап айтканда мезгил менен мейкиндик өлчөмү ар кандай айтыла бериши салт. Ошондуктан эпостук чыгармалардан, конкреттештиргенде, сөз болуп жаткан «Семетей» эпосунун варианттарынан мезгил жана мейкиндиктеги тактыкты издөөнүн зарылдыгы жок.

Сөз болуп жаткан вариантта Семетей Таласка келгенде биринчи Кызыл нарга кезигип, аны айдап алат. Андан соң Семетейдин келишин күтүп, кайгырып жүргөн Бакайга жолугат. Мында Саякбай Каралаевдин вариантындагыдай Кумайыктын, Ак шумкардын келиши, жети жүз төөнүн Семетейге чуркашы жок. Ошондой эле Тоголок Молдодо Бакай менен Семетейдин кездешүүсү да С. Каралаевдегидей эки баатырдын (Бакай менен Семетейдин) бири бирин сынап, Бакай теректи жулуп алып Семетей менен беттешкени сыяктуу баатырдык мүнөздө берилбейт. Экөө жөн-жай гана таанышып алышат. Семетейдин келгенине жетине албаган Бакай Жакыпка, Абыке, Көбөштөргө сүйүнчүлөйт. Өткөндөрдү санап Семетейдин кулагына салат. Чоролордон калган топ жетимди чакырып тааныштырат. Бул жерде да Тоголок Молдого мүнөздүү болгон персонаждардын аты-жөнүн санап олтуруу кездешет. Маселен, Семетейдин келечектеги чоролору (Чоң Казатта шейит болгон 40 чоронун балдары) булар: Алмамбеттин уулу Мажик, Чубактыкы Турсунбек, Серектики Тыныстан,

---

[1] Ошондо, 115-бет.

Ажыбайдыкы Үрүстөм, Кыргылдыкы Ороз, Сыргактыкы Серек, Калкамандыкы Чынасыл, Калдардыкы Мурадил, Жайнактыкы Жашайдар, Сейиттики Көкүл, Бообектики Жаныш, Кошойдуку Өмүр, Мамбеттики Камбар, Чалыбайдыкы Чалкара, Арзымдыкы Курама, Акбайдыкы Байдалы, Мурадилдики Төлөгөн. Манасчы кырк чородон калган жетимдердин ата-теги ысымдары жөнүндө минтип так маалымат бергени менен, кийинки томдордо айрым чаташууларга жол берет. Маселен, Алмамбеттин уулу Мажик туурасында Таластагы ушул алгачкы жолугушууда, Семетейге Бакай мындайча баяндайт:

. . . . . . . .
Арамдардын жанында
Алмамбеттин Мажик бар.
Тим айткан сөзү уруштай,
Тил албаган тежик бар.
Көбөш келип капканда,
Манастын айлын чапканда,
Көбөштөн коркуп озунган,
Кырк чорого кошулган[1].

Буга караганда Алмамбеттин баласы болуп жаткан Мажик чоролордун катарына кошулууга жарап, жетилип калган болуу керек эле. Бирок Семетей Таласка биротоло келип, 40 чоронун Чоң Казаттан аман кайтып, Көбөшкө чоро болуп жүргөндөрүн кырганда:

Эрегиш кылып кырк чоро
Эмгекке мени салды деп,
Эрмек кылып алайын,
Эки бала калды деп[2].

Семетей Алмамбет менен Камбардын балдарын «куржунга салып, канжыгага байланып»[3] алат. Мында Мажиктер ымыркай катары сүрөттөлүп калган.

Камбардын уулу чунагым,
Канчоро болсун атың деп,
. . . . . .
Алмамбеттин ардагы
Күлчоро болсун атың деп[4],—

атап алат.

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 154-бет.
[2] Ошондо, 304-бет.
[3] Ошондо, 308-бет.
[4] Ошондо, 305-бет.

Күлчоро дээрлик бардык варианттарда Алмамбеттин баласы катары берилет. Канчоро бир вариантта (Радловдо) Ажыбайдын баласы, экинчи бир варианттарда (Кара ырчыда, С. Каралаевде ж. б.) Чубактын баласы катары айтыла берет. Ал эми Тоголок Молдодо Камбардын уулу болуп берилгенин жогоруда көрдүк. Бул эки чоронун Канчоро, Күлчоро аталып калышы да бардык варианттарда бирдей эмес. Маселен, «Радлов боюнча Алмамбеттин аялынын боюнда калган бала кул уштап түшкөнү үчүн анын атын Күлчоро коёт, Ажыбайдын аялы төрөгөн бала колуна кан уштап түшөт, анын атын Канчоро коёт»[1]. Айрым варианттарда (С. Каралаевде) Каныкейдин эмчегин Алмамбеттин баласы эмгенде сүт чыгат, аны Күлчоро деп, Чубактын уулу эмгенде кан чыгат, аны Канчоро деп атайт. Тоголок Молдодо Камбардын уулу Канчоро, Алмамбеттин уулу Күлчоро аталышы эч кандай себептерге байланыштырылбайт.

Семетей бойго жетип, анын Таласка келиши Бакай баштаган бир топ элди сүйүндүрсө, чоң атасы Жакып, абалары Абыке, Көбөш баштаган айрымдарга күтүлбөгөн күйгүлүктүү окуя болду. Бакай Семетейди сүйүнчүлөп келгенде:

Жакып кан пикир ойлонуп,
Тескери карап толгонуп.
Канча түрлүү ойлонуп,
Кара күчкө жойлонуп,
Карсылдап Жакып күлгөнсүп,
Кан Бакайды сүйгөнсүп,[2]—

сыртынан жаркылдап, ичинен калчылдап кабыл алат. Бакай Семетейди алып келгени сыртка чыкканда Жакып аялы Бакдөөлөткө:

Ит Бакайга бал бергин,
Аракка чалып аябай
Семетейге уу бергин.
Бал ичип Бакай куунасын,
Уу ичип жетим куласын,[3] —

---

[1] *Мамытбеков З.* В. В. Радлов жазып алган «Манастын» варианты. — Китепте: «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, 110-бет.

[2] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 164-бет.

[3] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 166-бет.

дейт. Бакдөөлөт уу чылоодон баш тартканда Жакып кылычын суурул коркутат. Бул окуялардын баарын сыртта тыңшап турган Бакай Семетейге айтып барат. Экөө кеңешип, Бакай:

Жакыпка сунгун ата деп,
Атамдан алам бата деп.
Атамдан мурун ичкеним
Шарияттаката деп.
Энеңе сунгун эне деп,
Энемден алам бата деп.
Энемден мурун ичкеним
Шариятта ката деп[1].

Эгер экөө тең ичпей койсо, итке куюп бер, деген акылын айтат. Жакып менен болгон жолугушуунун жыйынтыгы Бакай айткандай болуп чыгат. Семетей эч ким ичпеген «аракты» ит аякка куя салганда Маңгыт менен Даңгыт ичебиз деп өлүп калат. Семетей ошол жерден атасынан калган Акдобул менен Бадананы алып, Бакай экөө кайтат. З. Мамытбеков белгилегендей бул вариантта «Семетей Жакыптын берген уусун өзүнө ичирип»[2] өлтүрбөйт. Атүгүл Жакыптын бул жоруктарын эч кимге айтпоосу жөнүндө Бакай Семетейден өтүнөт:

Атам мындай кылды деп
Кек алба, балам, ичиңе.
Зыңкыйып, балам, тура бер,
Сыр айтпагын кишиге[3].

Башкы эпикалык каарманды ууландырып өлтүрүүгө болгон аракеттер түрк, монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында кеңири таралган. Мисалы, трилогиянын «Манас» бөлүгүндөгү «Көзкамандар окуясынын» сюжетин алсак жетиштүү болот. Бул эпизоддогу ууландыруунун негизги себеби — сырткы душмандардын Манасты өзүнүн жакын адамдары Көзкамандардын чыккынчылыгы аркылуу (Жакыптын иниси Үсөн үй-бүлөсү менен) өлтүрүүгө түрткү беришинде. «Семетей» эпосунда болсо башкы эпикалык каарманды, душмандардын тапшыруусуз эле, чоң атасы Жакып өзү өлтүрүүгө ара-

[1] Ошондо, 170-бет.

[2] *Мамытбеков З.* В. В. Радлов жазып алган «Манастын» варианты. Китепте: «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, 109-бет.

[3] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 184-бет.

кеттенет. Анын неберсин уулаандырып өлтүрүүгө болгон аракетинин негизи — балдары Абыке, Көбөш менен бирге Каныкейге жасаган зулумдук, кара өзгөйлүктөрүнүн бети ачылып каларынан чочулагандыгында, байлык, бийлик, кадыр-барктын баары Семетейге өтүп кетээрин алдын ала сезип ошону көрө албай жаткандыгында эле. Бирок максаты иш жүзүнө ашпай, Бакай менен Семетейдин алдында дагы бир жолу бузук оюн, жүзү каралыгын ашкерелейт. Демек, «Семетей» эпосундагы ууландыруу мотиви «Манастагыдан» мазмун жагынан айырмаланып, реалдуу турмушка андан да («Көзкамандар окуясындагыдай») жакындашып кетет.

Семетейдин Таласка келиши Абыке, Көбөш үчүн кыйынга турат. Байлык, бийликтен ажырайбыз деп ичтеринен бушайман болушат. Ошондуктан сүйүнчүлөп барган Бакайга Көбөш кол көтөрүп, Семетейдин өзүнө каршылык көрсөтөт. Бирок элдер Көбөштү колдобостон Семетейди жакташат. Сегиз мүлктү алып, Тайбуурулду минген Семетей Каныкей менен Чыйырдыны көчүрүп келүү үчүн кайра Букарга жол тартат.

Билерман, жөн билги Каныкей Букарда жүргөндө эле 17 жетимге кийим тигип:

Аппак койдон кырктырып,
Таза жерге жаткырып,
Уз катындан жыйдырып,
Кийизин жакшы кылдырып,
Азем менен ондотуп,
Аппак кылып бордотуп,
Ак кийизден тыштатып,
Атлес менен ичтетип,
Манат менен макмалдап,
Жабык башын ойдуруп,
Ортосуна оюунун
Актан милте койдуруп,
Кемчат кундуз карматып,
Келишимин жардатып,
Жалгызымдын үйү деп
Семетейге арнатып[1]

үй даярдаткан. Кең-Колго конгондо ошол үйүн тигип, жетимдерге кийимдерин тапшырат. Каныкейдин мындай билгичтиги, камбылдыгы трилогиянын биринчи бөлүмүндө Кошойго кандагай даярдап койгонунан, Чоң

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1074, 235-бет.

казатка аттанарда аскерлерди жабдышынан эле көрүнгөн. Семетейди Букарга ала качып элдик баатыр кылып тарбиялаган Каныкей он жети жетимге да энелик мээрим жана боорукерлик сезим менен мамиле жасайт. Алардын Семетейге канат-бутак болушун каалап, бир туугандай жүрүшүн тилеп, ошондой тарбиялоого аракеттенет.

Семетейдин Таласка келиши, Абыке, Көбөштүн жана кырк чоронун жеңилиши менен бүтөт. Ошону менен эле ал элге калыс болууга аракеттенип, энесин Абыкеге алып берүүгө да макул экендигин билгизген. Кырк чорого болсо: «Атамдын учурундагыдай кеңеш кура бергиле» — деп, аларга да ниети таза экенин далилдейт. Бирок ошого карабастан Көбөш Семетейдин айлына чабуул коёт. Кырк чоро Манас өлгөндөн кийин Каныкейге жасаган мамилелеринен уялып Семетейге барбай калмакка качышат. Артынан барган баатырга кол салышат. Ошондон улам Семетей Көбөштү сайып түшүрөт, кырк чорону кырып салат. Бул бир жагынан ырайымсыздай болуп көрүнгөнү менен кыргыз элинин биринчи душманы катары саналган калмактарга өтүп барышы кырк чоро үчүн эли, жерин чанганга, Ата Мекенине чыккынчылык кылганга барабар эле. Ошондуктан Семетейдин кырк чорого болгон катаал мамилеси Ата Мекенин саткан чыккынчыларга карата жасалган жаза катары анын баатырлык, патриоттук духун даңазалайт.

Орго салынган Жакып, Абыке, Көбөштөрдү Семетей жокто Каныкей менен Чыйырды жазалашат. Жакыпты Чыйырды өзү жайлатып, Көбөш менен Акылайдан Каныкей өчүн алат. Тоголок Молдонун вариантында Абыке түшүнүктүү Семетей менен Каныкейге жан тарткан киши катары симпатия менен сүрөттөлөт. Ошого карабастан, аягында Каныкейдин аны да жазалашы ишеничсиздикти туудурат.

«Семетейдин Таласка келиши» жөнүндөгү эпизод Тоголок Молдонун вариантында кеңири жана бир топ жогорку көркөмдүктө сүрөттөлгөн. Ошондон улам 1959-жылы жарык көргөн «Семетей» эпосунун бириктирилген вариантына анын башкы редактору, академик Б. М. Юнусалиев: «По варианту Тоголока Молдо передаются песни охватывающие события на Таласе от первых встреч Семетея с мудрым Бакаем, включая описание перекочевки семьи Семетея в Талас и разгрома

Семетеем узурпаторов Абыке и Кобоша, а также песни рассказывающие о борьбе Семетея с соперниками Чынкожо и Толтоем»[1] — деп белгилеген. Кошмо вариантка негизинен Тоголок Молдонун варианты толук бойдон киргизилген.

## 6

Чынкожо, Толтойдун Семетей менен болгон чатагы трилогиянын биринчи бөлүгүндөгү алты кандын чатагына жакын мотивировкаланат. «Букардан тентип келген жетим» — деп, Чынкожо Семетейди теңсинбейт.

Эси жок наадан жаш болуп,
Этке, майга мас болуп,
Эпсиз иштн кылгандан
Жалпы нойгут кас болуп,
Мындай наадан туубайт деп,
Адамдын дили суубайт деп,
Карыш турган кытайдан
Манастын кунун куубайт деп.
Акун канга барбайт деп,
Аныктап кабар салбайт деп,
Арнап койгон жесири
Айчүрөктү албайт деп[2]

аны жашсынтат. Эртиш, Токо — эки чоросу менен кеңешип, Тайбуурулду Семетейден тартып алып кемсинтмекчи болушат. Айчүрөккө өзү үйлөнүп ногой, нойгуттагы бардык бийликти колуна топтоп алуу жөнүндө ойлонот. «Манас» бөлүгүндө алты кан Манас теңсинбей койду деп чатак чыгаргылары келишсе, «Семетейде» тескерисинче, эпикалык башкы каарманды Чынкожо теңсинбей кайра басынтуу жөнүндө ойлонуп Эртиш менен Токону Тайбуурулду сурап келүүгө жөнөтөт. Чынкожо элчилерге: «Семетейге барганда аста секин кеп айткын. Чынкожо агаң жиберди, ат сурап келдик деп айткын» — деген буйрукту берет. Алты кандын («Манастагы») 6 элчисине берген: «Манаска чогоол-чогоол сүйлөп, кол көтөрсө бузукташып кайткыла. Кол чыгардык келгин, кошун барсак конок күтүп бергин деп айткыла» деген тапшырмасына Чынкожонун Эртиш, Токо-

---

[1] *Юнусалиев Б. М.* Об опыте создания сводного варианта эпоса «Манас». Киргизский героический эпос «Манас», 294-бет.
[2] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1076, 19-бет.

дон Семетейге айттырган буйругу окшош. Жумшак айтканга көнбөсө өкүм сүйлөп, чатактын учун чыгарып, Таластын жолун чала келүү жөнүндө Эртиш, Токого тапшырат:

Буурул атты бергин де,
Бул сөзүмө көнгүн де.
Буурул атты бербесең,
Бул сөзүмө көнбөсөң,
Көргүлүктү көрдүң де
Чынкожодон өлдүң де.
. . . . . . .
Тайбуурулду бербесе
Таластын жолун чалып кел[1].

Сөзгө алынган эки чатакта тең башкы каармандын каршылаштары коюшкан дооматтар чатактын негизги предмети эмес, түпкү себеби — уруучулдук түзүлүштүн кесепетинде, Манас менен Семетейдин кадыр-баркын, бийлигин көрө албастыкта, ич тардыкта.

Ошентип, Тоголок Молдонун варианты боюнча Чынкожо менен Семетейдин ортосундагы чатак Чынкожонун эки чоросу — Эртиш менен Токо Тайбуурулду сурап барышканда тоң моюндук кылуусунан, анан аларды Күлчоро менен Канчоро сабап, байлап айдап жибергенинен башталат. «Өз агасын агалай албаган өзгөнүн улагасын сагалайт» — деп эл айткандай Чынкожо Опол тоодогу жедигердин Толтойду жолдош кылып алмак болуп, ошол жакка көчөт. Ошентип, Чынкожо менен Толтой дос болот. Сөз болуп жаткан варианттагы ыраатын менен келаткан сюжет ушул жерден үзүлөт. Бул томдун бети (инв. № 2076) 100 дөн түз эле 201 ге өтүп кетет. Окуя учуп жүргөн Айчүрөк Сынчыбекти сынап жаткан жеринен башталат. Демек, ушул 100—201-беттердин аралыгында Чынкожо, Толтой Акункандын шаарын камаганы, Айчүрөктүн учуп чыкканы жөнүндөгү окуялар болуу керек. Бул окуялар, эмнегедир, белгисиз себептер менен варианттан орун албай калган.

Чынкожо менен Семетейдин ортосундагы чатактын чыгышы Саякбай Каралаевдин версиясында Тоголок Молдонун вариантына караганда башкачараак мотивировкаланат. Ногой менен Нойгут элинин арасы ар түрдүү себептер менен (Көбөштүн эссиз кандыгы, Семетейдин Букарда чоңоюшу, Манас өлгөндө Чынкожо-

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1076, 21—22-беттерде.

нун атасы Шыгайдын жүз көрсөтпөшү жана башка) алыстап кетет. Семетей туугандарын жакындатмак болуп, Чынкожого Бакай, Ормонбек, Күлчоро, Канчоролорду жиберет. «Эл менен Кең-Колго келип консун, тууганча жашайлы», — деп айттырат. Ага Чынкожо:

Тоо ортосу Таласты
Кантип барып жер кылам.
Темиркандын шаарына
Тентип барып чоңойгон
Теги бузук жетимди
Кантип барып эр кылам,—

деп жооп берет. Жини келген Күлчоро Чынкожонун Кара атына ногойдун энин салып таштайт. Ушундан улам ортодогу мамиле ого бетер сууп, Чынкожо көчүп кетет. Мында да Тоголок Молдонун вариантындагыдай эле Семетейди тоготпоо, кыйынсынуу сезилип турат. Бирок элчи жиберүү Чынкожо тарабынан чыр чыгаруу үчүн атайын жасалбастан, тескерисинче, жакындашуу, элдешүү максатында Семетей жактан болот. Эки вариантта тең шылтоо атка байланышат. Тоголок Молдонуку боюнча эки тараптын беттешүүсүнө (жолугушуусуна) Тайбуурулду суратуу себепчи болсо, Саякбай Каралаевдики боюнча ырбап турган чатактын ого бетер курчушуна Чынкожонун Кара атына ногойдун энинин салынышы шылтоо болот. Эки вариантта тең эле «кылдан кыйкым таба албай» турган Чынкожо, бир нерсени шылтоолоп, Семетейге тийишкиси келгендиги көрүнүп турат.

Бул чатак Чынкожо, Толтойдун жеңилиши менен бүтөөрү кийинки эпизоддордун кырдаалынан, Акункандын шаарындагы согуштун финалынан белгилүү болот.

## 7

Айчүрөктүн учушу негизинен бардык варианттарда окшош. Бул жомоктук-романтикалык мүнөздөгү эпизод өзүнүн үйлөнүү темасын камтыганы, сүйүү эркиндигин даңазалаганы жана жогорку көркөмдүктө айтылышы менен угуучуларды ар дайым кызыктырган. Угуучулар семетейчилерден ушул эпизодду айтып берүүсүн көп өтүнүшөт, анткени бул эпизод элдик редакциядан биротоло өтүп, бардык варианттарда бирдей айтылып жүр-

гөндөн улам болуу керек. Айрым варианттарда көбүнчө жомоктук-романтикалык мүнөз басымдуулук кылса, айрымдары реалисттик турмушка жакындаштырылат (Радлов). Ошондой эле айрым деталдардын бир вариантта бар, экинчисинде жок болуп калган учурлары да кездешет.

Тоголок Молдо, Тыныбек, Саякбай Каралаевдин варианттарында негизги идея катары басып алуучуларга каршы күрөшүү, сүйүү эркиндиги — өз теңин издөө турат. Чынкожо менен Толтойдун Акункандын шаарын басып алышы, «Кызыңды бер» деп зордошу Акункан үчүн, анын эли үчүн эң чоң оорчулук, арийне, мындай зомбулук Айчүрөккө катуу тиери өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Олжо аял болууну каалабаган Айчүрөк баскынчыдан элин бошотуп, өз сүйгөнүнө кошулууга ак куу кебин кийип, Семетейди издеп жөнөйт.

Сынчыбек, Кошой, Төштүк, Коңурбай, Жолой, Бороичу, Үмөтөй, Үрбүлөрдү сындан өткөрөт. Купулуна кайындап койгон күйөөсү Семетей гана толуп, ордосуна келип түшөт. Саякбай Каралаевдин вариантында да онго жакын баатырларды сынайт. Тыныбекте эки эле баатырды (Коңурбай, Музбурчак) сынап өтүп Семетейге кез болот. Буга караганда Тыныбектин варианты бир топ кыскартылганы көрүнүп турат. Кыскартууну китептин редактору жасаган болуу керек. Анткени бул китептин[1] башка жерлеринде да окуялардын үзүлүп калганы сезилип турат.

Тоголок Молдонун вариантында Чачыкей менен Айчүрөктүн беттешүүсү кеңири планда берилет. Чачыкейдин төшөктөн турганы, эшикке чыкканы, жуунганы... өзүнчө эле бир ажайып картина болуп берилип, романдын сүрөттөө манерасын эске салат.

Шатемир кызы Чачыкей
. . . . . .
Чукуранып ойгонуп,
Султанына жойлонуп,
Төшөккө жакын ыңгыранып,
Аста басып ыргалып.
Киш ичигин жамынып,
Төрөсүнө жагынып,

[1] *Тыныбек.* Семетей баатырдан бир бөлүм. — М., 1925/араб тамгасы менен терилген/.

Кожодон алган бой тумар
Көкүрөккө тагынып.
Эшикке чыгып келгенче
Эстесе төрөң сагынып,
Мамыктай эти балкылдап,
Басып чыкты шалкылдап.
«Аптавага суу куй»,—деп
Аста сүйлөп шыңкылдап.
Алтындан кылган чолпусу
Аркасында шарпылдап.
Бак аралап гүл үзүп,
Мас болгондой көз сүзүп...[1]

Манас Кашкардан уста алдырып курдурган көлчөгө Чачыкей колун жууп, ордону көздөй басып баратканда алдынан Айчүрөк жолугат. Ушул эле момент Тыныбекте бир топ кыска берилет, бирок Чачыкейдин сүрөттөлүшү эки вариантта бирдей:

Эрке катын Чачыкей
Ордодон чыкты маңкайып.
Ак кулжадай даңкайып.
Наакери бутта тайпайып,
Элечек башта кайкайып,
Алтындан кылган чоң сөйкө
Акыректе жаркылдап.
Шурудан таккан чач мончок
Май соорuda шаркылдап,
Узун булак бакчага
Басып барды Чачыкей[2].

Ордодон чыкканына, узун булак бакчага барганына караганда Тоголок Молдонун вариантына Тыныбектики кыйла эле жакын. Саякбай Каралаевдин вариантындагы жогорку моментти карап көргөндө бир топ ажырымдар байкалат. Жогорку эки вариант боюнча Айчүрөктүн Чачыкейге жолугуусу эртең менен болсо (Тыныбекте эртең менен деп ачык айтылбаганы менен, тексттин кырдаалынан байкалып турат) Саякбай Каралаевде кечки күүгүмдө деп берилет. Чачыкейдин сүрөттөлүшүндө да айрым өзгөчөлүктөр байкалат.

Эрке катын Чачыкей
Береленип, белсенип,
Бери ургандай тенселип,
Оң жагында жыйырмасы

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1076, 241-бет.
[2] *Тыныбек.* Семетейден бир бөлүм. — М., 1925, 12-бет.

Жаны бирге жыласы
Жөлөп чыгып келатат.
Сол жагында жыйырмасы
Азабын тартар жыласы,
Алар да жөлөп келатат.
Чылк жибекке оронуп,
Ак шайы жолук колго алып,
Бекем баспай толгонуп,
Бери заттай оңдонуп...[1]

Бирок үч вариантта тең эле Чачыкейдин опсуз көйрөң дүйнөсү, ага жараша жүрүм-туруму бирдей көркөмдүктө чагылдырылган деп айтууга болот. Башкача айтканда, ар бир семетейчи өзүнчө боёкторду колдонууга аракеттенгендигине карабастан, Чачыкейге мүнөздүү белгилердин баарын үч семетейчи тең камтып, элдик белгилүү образды түзүшкөн. Бул бардык семетейчилер үчүн элдик окуя — Семетейдин тегерегине топтолгон окуялар предмет болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Курчоодо калган эли, жери үчүн, бек жактырган Семетейдей бегине кошулуу үчүн Айчүрөк Чачыкейге жалынат:

Көчкөндө төөң айдайын,
Өрүүдө бээң байлайын,
Кызмат кылып алдыңа
Көңүлүңдү жайлайын.
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн.
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн[2].

Айчүрөктүн аянычтуу өтүнүчү Чачыкейдин текебер жообу Тоголок Молдонун вариантында жогорку көркөмдүктө берилет. Экөөнүн өтүнүч — жооптору кайым айтышууга чейин өсүп жетилет. Чачыкей аны «кашка таман», «туурдук таман», «тууттан калган күң» деп кордойт. Аны уккан Айчүрөктүн аянычтуу абалы өзгөрүп, кайраты катуулап, баатырларча өкүм сүйлөөгө өтөт. Анын сөзүнөн эл камылгасында жүргөн, өз теңин таап тийүүгө бүт күч-аракетин жумшаган элдик баатыр кыз көрүнөт.

Белги салган бешикте
Эр меники, Чачыкей!
Калың кыргыз көп алач,
Эл меники, Чачыкей!

---

[1] *Каралаев С.* Семетей, инв. 552, 118—119-беттер.
[2] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1076, 151-бет.

Сен жолдон келген жолбунсуң,
Жобураган кургурсуң[1], —

деп Манас менен Акун кандын бел куда болгондугу жөнүндө, ал эми Чачыкей Үмөтөйдүн кайындап койгон колуктусу экендиги, Семетей аткан эки аркарды ала качкан айыбы үчүн Үмөтөйдөн Чачыкейди Сарыкан Семетейге алып бергендиги жөнүндө өкүм айтат. «Сары аркадагы кайыныңды (элиңди) таап алабйсыңбы» деп кайра Чачыкейди сындырат. Эл жер жөнүндө ойлонбогон, аны менен иши болбогон Чачыкейге бул сөз таасир этпейт. Тескерисинче, Айчүрөк менен акыйлашканын арттырып, түшүнүгүнүн төмөндүгүн, эс-акылсыздыгын көрсөтөт.

Ушул жердеги Чачыкей Үмөтөйдүн кайындап койгон колуктусу экендиги, ага Семетейдин үйлөнүп калгандыгы жөнүндөгү мотив Радловдун вариантына туура келет. Анда да Тоголок Молдонун вариантындагыдай берилет, бирок Чачыкейди Семетей эки аркардын айыбы үчүн эмес, өз каалоосу менен Күлчоро экөө ала качып алат.

Тоголок Молдонун вариантындагы бул эпизод (Айчүрөктүн учушу) бардык варианттардын ичинен Тыныбектин вариантына өтө жакын турат. Бул жыйынтыгыбыз ишеничтүү болуш үчүн салыштыруу иретинде айрым мисалдар келтирели. Айчүрөк менен Чачыкейдин кайым айтышынын Үмөтөйгө байланышкан мотивден башка жери бүтүндөй Тыныбектин вариантына окшош мотивировкаланат. Көп жерлери сөзмө-сөз дал келет. Маселен, Чачыкей Айчүрөктү каргап жаткандагы:

Чачы куудай болгончо,
Тиши буудай болгончо,
Акункандын төрүндө
Көп отуруп зак болгон,
Саамайың куудай ак болгон[2]

деген сөзү эки вариантта тең өзгөрүүсүз берилет. Мындай сапма-сап дал келген моменттерди бардык варианттардан эле табууга болот. Андай дал келүүлөр традиция катары калыптанып калган айрым каармандардын портреттеринде, жер-суунун көрүнүшүндө куралжарактардын, мингич аттардын, буюмдардын сүрөттө-

---

[1] Ошондо, 158-бет.
[2] *Тыныбек.* Семетейден бир бөлүм. — М., 1925, 23-бет.

лүшүндө жана башкаларда болушу мүмкүн. Ошондуктан андай учурларга карап эле эки вариантты окшош дей берүүгө болбойт. Окшоштук эки варианттагы сюжеттик линия, идеялык багыт, андагы мотивдердин жайгашуу учурлары сүрөттөө ыкмалары, жомокчунун дүйнөгө болгон көз карашынын чагылдырылышына байланыштуу.

Чачыкейдин сөзүнө ызаланган Айчүрөк ак куу кейпине келип учканы жатып, Семетейди кантип алып кетүү жөнүндөгү үч шартын: була болуп жолдон жолугаарын, балык болуп көлдөн көрүнөөрүн, ак куу болуп Өрдөк көлдө жатаарын, акыры амал менен Семетейди алып кетээрин ачык айткан жери эки вариантта тең бирдей. Ушул учур Саякбай Каралаевде башкачараак мотивировкаланат. Айчүрөк Чачыкейге үч шарт жөнүндө айтпастан, тим гана Семетейдин Акшумкарын алып кетээрин билдирет. Бирок Семетей ууга жөнөп кеткенде Чачыкей Канчоро менен Күлчорого түш көргөндүгү тууралу айтып, жолдон Семетейге була алдырбоону, балык карматпоону, ак куура кушун салдырбоону өтүнгөн жери бар. Андан ары Акшумкарды ала качканга чейинкиси үч вариантта тең окшош берилет.

Тоголок Молдо Тыныбектен таалим алгандыгы ушул эпизоддон да байкалат. Анткени чоң жомокчу Тыныбектен «Манас» трилогиясынын кичинекей гана үзүндүсү— Семетейден бир бөлүм жазылып калган. Ошондуктан бул эпизодго кеңири токтолууга, устаты менен шакиртинин варианттарын салыштырып кетүүгө туура келди. Андагы окшоштуктарды цитаталап олтурууга мүмкүн болбогондуктан (сапма-сап дал келүүлөр өтө көп) эки варианттагы айрым үзүндүлөрдүн беттерин гана көрсөтө кетебиз. Тоголок Молдонун вариантындагы[1] 20—21-беттердеги Дүрбүнүн, 28—29-беттердеги Айбалта, Наркескендин, 30—31-беттердеги Аккелте, Аколпок, Сырнайзанын, 32—33-беттердеги Тайбуурулдун, 95—96-беттердеги Айчүрөктүн сүрөттөлүштөрүн Тыныбектин вариантынын[2] 86—88, 99—100, 100—103, 104—105-беттериндеги ошол эле нерселердин сүрөттөлүшүнө салыштырып көргөндө бир сап дагы айырма чыкпайт. Мындай учурларды дагы келтире берүүгө болоор эле, бирок

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей. инв. 1076.
[2] *Тыныбек.* Семетейден бир бөлүм. — М., 1925-жыл.

анын зарылдыгы жок, экени өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Сандык катыштары жагынан да эки манасчынын жакындыгы байкалат. Маселен, Тыныбек Айчүрөктүн айланасында жүргөн отуз келин отуз кыздын он беш чактысынын атын атап чыгат (Толгонай, Ойсалкын, Канымжан, Алымкан, Касыке, Акылай, Акбермет, Акшербет, Касымжан, Бурулча, Калыйча, Тынымкан, Урулкан жана башка). Мүмкүн жомокчу кырк чорону, Тоголок Молдодогудай чоролор жана зардалдар деп бөлүп, бардыгынын атын атап айткандыр. Бирок бул божомол, анткени чоң жомокчудан жазылып калган башка материал жок. Ошондуктан ал жөнүндө айкын жыйынтык чыгаруу кыйын. Анын үстүнө ошол эле Айчүрөктү жандагандарды Тоголок Молдо кырк кыз деп атап, ар биринин атасынын, өзүнүн ысымдарына чейин санап чыгат. Демек, 40 кыз жөнүндө сөз болгондо эле 80 кишинин атын атап чыгат. Бирок Тоголок Молдо санаган кырк кыздын ысымдарынын ичинде Тыныбек атаган кыздардын үчөөнүн гана (Алымкан, Канымжан, Урумкан) ысымы жолугат. Бул жагынан Тоголок Молдо устатынан бир топ эсе ашып түшөт. Мындан бир жомокчуну экинчисинен жогору коюп жатат деген түшүнүк келип чыкпашы керек. Анткени бул сан эсеби менен эпостун зоболосу көтөрүлүп кетпеси өзүнөн өзү түшүнүктүү эмеспи.

Тыныбек жомокчудан жазылган үзүндү: Акшумкарды ала качкан Айчүрөктүн артынан Семетейлердин барышы, Үргөнчтөн өтүү, Айчүрөктүн тосуп алышы жана Семетей экөөнүн кошулушу. Ушул окуялардын баары эки жомокчуда тең окшош мотивировкаланат.

Мунун аягы (Тоголок Молдонуку боюнча) Толтойдун Каратын алдап алып, өзүнө каршы согушам деген Ажыбайдын максаты ордунан чыкпай калышы, Айчүрөк Семетейди туугандары Түмөнбай, Каманбай, Ажыбайларга тааныштыруусу, чалгынга чыккан Толтойду Күлчоро жарадар кылганы менен токтоп, андан ары «Көкөтөйдүн ашы» жөнүндөгү Толтойдун жомогунан кийин уланат. Чынкожо, Толтой менен Семетей беттешип, катуу кыргын болот. Ушул согушта Семетей жараланып, Кара аты менен учуп жүргөн Чынкожого аткан огу тийбей жеңиштен үмүтүн үзүп баратканда Күлчоро Аккелтени тазалап туруп Караттын канатынын оң мүрүсү менен Чынкожонун башын мээлеп атып түшүрөт. Урушта Семетейдин аракеттеринин ийгиликсиз болуп

жатканы Абыке, Көбөштүн, андан кийин Чачыкей менен жүрүп алган Семетейдин Аккелтени карабагандыгына, Айчүрөктү Семетей никеге чейин өөп койгондугуна тоголот.

Толтойду Семетей сайып түшүргөндөн кийин Суркоёнду (Толтойдун аты) Канчоро менен Күлчоро талашат. Тизгинди Семетей ортого таштаганда Күлчоро илип кетет. Мында бир ызаланган Канчоро Айгандын кызы Асылканды тарттырып жибергенде (Күлчорого) андан бетер ачууланнып, чатак чыгарат. Ошондон ичинде кетпес кек калат. Ошентип, Семетей Айчүрөккө, чоролорунун баары бирден кызга үйлөнүп, отуз күн оюн, кырк күн тоюн кылып берип Таласка кайтышат. Кайнарга ордо салып эркин жатып калышат.

## 8

«Көкөтөйдүн ашы» Тоголок Молдонун варианты боюнча трилогиянын «Семетей» бөлүмүндөгү негизги эпизоддордун бири болуу менен Толтойдун жомогу катары айтылат. Айрым изилдөөчүлөр вариант менен толук таанышпай туруп: «Көкөтөйдүн ашы» Саякбай Каралаевде эпостун «Семетейинде», «Толтойдун жомогу» делип аталса, Шапак менен Тоголок Молдодо «Манас» бөлүгүндө «Көкөтөйдүн ашы, чоң чатактын башы» деп Чоң Казаттан илгери ырдалат»[1], — деген ката ойду айтып жүрүшөт. Мындагы М. Мамыровдун «Көкөтөйдүн ашы» Саякбай Каралаевдики боюнча «Семетейде», Шапак Рысмендиевдин вариантында трилогиянын «Манас» бөлүгүндө берилет дегени туура болгону менен, Тоголок Молдонун вариантына карата алганда ишенимсиз.

Тоголок Молдонун вариантында Көкөтөйдүн ашын Толтой Күлчородон жарадар болуп барганда Чынкожону Семетейге каршы согушпоого үндөп, анын (Семетейдин) ата-тегинен бери баатыр экендигин, жеңилбестигин белгилөө үчүн айтат. Чынкожого: «Семетей менен согушпайлы», — деп жүрүп отурат.

Эпизоддо Көкөтөй Оронбор, Казанды жердеген сары ногой Жамгырчынын баласы деп берилет. Көкөтөй

---

[1] *Мамыров М.* «Семетей» эпосу — «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү. — Фрунзе, 1863, 9-бет.

өлгөндө уулу Бокмурун Таң атаардын буурул түнгө көчүп барып, атасына аш бермек болот. Кара ногой Баймырза экөөнүн чатагы көчүү-көчпөө маселесинен келип чыгат. Баймырзанын ашты Ташкенге эле бер деген сөзүнө көнбөй Бокмурун Каркырага барып конот. Эпизоддун андан аркы окуялары Сагымбай Орозбаковдукуна жакын, бирок кыскача берилет.

Сөз болуп жаткан вариантта ашты Мурадил башкарып, калмактардан Каратаз менен Рамандын жар чакырганы башка варианттардан өзгөчөлөнүп турат. Күрөштө Өмүш балбанга көпчүгүндөгү шымын кийип Агыш чыгып, аны чалып жыгат да, башынан аттап кетет. Жолойго болсо башка варианттардагыдай эле Кошой түшөт. Бул жердеги бир аз өзгөчөлөнгөн деталь — Кошойдун Манаска бата бериши. Күрөш башталаарда Манас Кошойдун шымынын эскилигин көрүп арданат. Көпчүгүнүн алдындагы Каныкей жасаган шымын алдыртып Кошойго кийгизет. Ошондо Кошой: «Айкожо жолуккан-да менин үч тилегимдин аткарылышына бата берди эле, биринчисин Жакыптын балалуу болушуна, экинчисин калмактарды жеңип, Жолойду жыгышыма арнагам. Баары аткарылды. Эми үчүнчүсүн, Манас, сен балалуу болушуңа арнайм», — дейт. Эл кошо бата берет. Сагымбай Орозбаковдун вариантында батаны Каныкейдин өзүнө берээри, атүгүл келечектеги баланын аты Семетей болоорлугу бизге маалим. Демек, Тоголок Молдонун вариантында Айкожо берген үч батасынын баарын тең Кошой Манаска, анын жеңиштерине, уулу Семетейге арнайт. Бул Кошойдун элдик баатырга—Манаска бекем берилгендигин айгинелейт. Чынында эле Кошой өмүрүнүн аягына чейин, башка кандардай болуп (маселен, алты кан), Манастын бийлигинен баш тартпаганы трилогиянын бардык бөлүктөрүндө бекемделет.

Эпизоддогу эр сайыш, эр эңиш, төө чечмей, таз чабыш, жамбы атуу, ат чабыштардын баары бизге белгилүү варианттардагыдай ырааттуулукта өтөт. Бирок аштын аягындагы жаңжалда негизги ролду С. Орозбаковдогудай Коңурбай ойнобостон Жолой ойнойт. Жолойдун Суркуласы (Ачбуудан) тер баскан соң чаң каптап, аккула болуп калат, ошондон улам биринчи байгени «Менин атым келди» деп Жолой алып алат. Жаңжал ошого байланыштуу чыгат.

Сөз болуп жаткан «Көкөтөйдүн ашы» аттуу эпизод-

дун трилогиянын кайсы бөлүгүндө айтылышы жөнүндө илимий эмгектерде эки түрдүү пикир болуп жүрөт. Айрымдары «Манас» бөлүгүндө айтылышы керек десе, экинчилери «Семетейде айтылыш керектигин белгилешет. Ал эми манасовед М. Мамыровдун эмгегинде[1] жогорку ойлор ого бетер чаташтырылган. «Манасчы Саякбай Каралаев мурда жомокту жаздырууга көнүкпөгөндүктөн айрым эпизоддорду калтырып кеткен. Качан манасчы эпостун биринчи бөлүгүн толук жаздырып бүткөндө кандай айткандыгы жөнүндө өзүнө өзү эсеп бергенде айрым эпизоддор калып калганын байкаган. Анда калып калган эпизоддорго «Көз Камандар окуясы» менен «Көкөтөйдүн ашын» атоого болот»[2] дейт. Буга караганда, «Көкөтөйдүн ашы» (биз ушул эпизод жөнүндө гана сөз кылабыз) трилогиянын биринчи бөлүгүндө айтылышы керек деген жыйынтык чыгат. Муну манасоведдин: «1952-жылы манасчы Саякбай Каралаевден эпостун «Манас» бөлүгүн кайра жаздырганда аталган эпизоддор («Көзкамандардын окуясы», «Көкөтөйдүн ашы». — *О. С.*) өз жайын таап, «Чоң казат» поэмасынан (эпизодунан. — *О. С.*) мурун жайгашкан»[3] деген пикири ого бетер бекемдейт. Бирок ошол эле китебинде М. Мамыров мурдагы оюна каршы чыгып: «Көкөтөйдүн ашы» манасчылардын ысык-көлдүк мектебинде эпостун «Семетей» бөлүгүндө айтылаары эбактан маалым. «Көкөтөйдүн ашы» манасчылардын тянь-шандык мектебинде (Шапак Рысмендиевде), чүйлүктөрдө (Акмат Рысмендиевде) да учурайт»[4] деген жыйынтыкка келет. Мындан улам «Көкөтөйдүн ашы» трилогиянын «Семетей» бөлүгүндө айтылышы керек деген ойду түшүнөбүз. Анткени, М. Мамыровдун сөзү менен айтканда, манасчылардын бир мектеби толук боюнча аталган эпизодду «Семетей» бөлүгүндө айтаары «эбактан маалым».

Чындыгында «Көкөтөйдүн ашы» трилогиянын кайсы бөлүгүнө тиешелүү экендигин кесе айтуу кыйын. Биздин түшүнүгүбүзчө ушул эпизодду бардык варианттар боюнча терең изилдөөгө алган эмгектин болушу зарыл-

---

1 *Мамыров М.* «Семетей» эпосу — «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү, 1963.

2 Ошондо, 20-бет.

3 Ошондо, 20-бет.

4 Ошондо, 35-бет.

дай. Анткени бул эпизод көптөгөн манасчылардын, семетейчилердин варианттарынын составында болуу менен трилогиянын тигил же бул бөлүмдөрүндө айтылат. Маселен, С. Орозбаков, Ш. Рысмендиев, М. Ашымбаев, Ы. Абдырахмановдордун вариантында «Манас» бөлүгүндө айтылса, С. Каралаев (алгач жазылган, негизги деп эсептелген вариантын эске алып жатабыз.—*О. С.*), Тоголок Молдо, А. Рысмендиев, Б. Сазановдордо «Семетей» бөлүгүндө айтылат. Мунун себептерин ачуу үчүн бардык варианттар менен тыкан таанышып, эпизоддун эпостогу ролу, орду, кайсы бөлүмдө кандай милдет аткаргандыгы жөнүндө кеңири иликтөө керек. Деги эле, трилогиянын ар бир эпизодун өзүнчө изилдеп чыкса жакшы болчудай. Эгерде эпостун бардык эпизоддору боюнча жеке-жеке изилдөөлөргө ээ болсок, ар түрдүү чаташуулардан кутулуп, атүгүл белгиленип жүргөн манасчылардын эки школасы (Тянь-Шань, Ысык-Көл школалары) жөнүндөгү пикирлердин тактыгына жетишип эпосту үйрөнүү бир топ жеңилдээри айкын эле.

М. Ауэзов тарабынан (шарттуу түрдө) белгиленип, ушул күнгө чейин колдонулуп келаткан эки школа жөнүндө кайрадан ойлонуп, кайрадан карап чыгуу зарылдыгы айрым варианттар менен терең таанышкан сайын пайда болот. Тянь-Шань школасынын негизги өкүлдөрүнүн бири катары саналып жүргөн Тоголок Молдонун вариантын эле карап көргөндө бир катар кыйчалыштар чыгат. Маселен, ушул эле «Көкөтөйдүн ашынын» «Семетейден» орун алышы, же «Кичи казаттын» аяк жагынын Саякбай Каралаевдин вариантына жакын болушу жана башка ушуга окшогон фактылардан соң манасчылардын школаларга географиялык жактан бөлүштүрүү алгылыксыз. Себеби айрым манасчылар Ысык-Көлдү да, Тянь-Шанды да кыдырып, андагы манасчылардан таалим алышы ыктымал.

Биздин байкообузча «Көкөтөйдүн ашы» «Манаста» да, «Семетейде» да айтыла бериши керек. Мындай тыянакка келишибизге эки нерсе түрткү берип жатат. Биринчиси — Чоң казаттын башталышына Көкөтөйдүн ашынын өтүшү себепкер болгону. Бул аштагы калмак, кытайлардын чыгарган жаңжалы, ортодо конфликттин тутанышы Манас башында турган элди арына келтирет, өткөн кектерин, кытай, калмактардын баскынчылык аракеттерин (мисалы Манастын ата-бабасын тентитүү, Алоокенин Анжиянды ээлеп алышы) эсине са-

лат. Ошондон улам элдин эзелки өчүн, Көкөтөйдүн ашында пайда болгон кегин алыш үчүн Чоң казатка аттанышат. Экинчиден, Манастын күчүн, эрдигин, баатыр чоролорун баштаган жоокерлик салтын жакшы билбей өзүнчө дөгүрсүгөн Чынкожого Манас жөнүндө, анын уулу Семетей жөнүндө кабар берүү «Семетей» эпосунун түзүлүшүндөгү ыкмалардын бири. Көкөтөйдүн ашы жөнүндө Толтойдун кабар бериши «Семетей» эпосунун түзүлүш ыкмаларына ылайык келет. Анын үстүнө трилогиянын бул бөлүгү өткөндөрдү баяндаган жомокторго бай. Маселен, Каныкейдин Семетейдин ата-теги, Тайбуурул, Сегиз мүлк (Тоголок Молдонуку боюнча) Абыке, Көбөштүн көрсөткөн кордуктары, Чыйырдынын Манастын эрдиги жөнүндө, Бакайдын Семетей Таласка келгенде Каныкейдин көргөн күндөрү жөнүндө айткандарын, Сарытаздын жомокторун эске алсак эле жетиштүү болот. Мындагы «жомок» деген терминди эпостук мааниде элинен алыста өскөн келечектеги баатырды өткөн-кеткендер менен тааныштыруу, эли, жерин сүйүүгө, атасынын баатырлык салтын улантууга тарбиялоо максатында айтылган эскерүүлөргө таяп айтып жатабыз. Өткөндөрдү эскерүү мотиви «Семетей» эпосундагы негизги ыкмалардын бири.

Чындыгында Букарда тарбияланган Семетейге алыскы Таласты жердеген кыргыз эли бар экенин, тууган-дары Абыке, Көбөш чоң атасы Жакып баш болуп ага каршы экенин, кыскача айтканда, дос ким, душман ким экендигин даана түшүндүрүп койбосо ким менен достошуп, ким менен жоолашаарын билбей, атасын өлтүргөн Коңурбайга окшогондор менен жакындашып кетиши да мүмкүн эле. Ошондуктан Манастын доорунда жашап, анын кимдигин жакшы билген Каныкей Бакай, Толтойго окшогон өкүлдөр «Көкөтөйдүн ашы», «Көзкамандар окуясы» (Саякбай Каралаев) сыяктуу өзүнчө эпос болууга татырлык жомокторду Семетейдин эсине салып, көзүн ачып жатышат. Мунун өзү «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунун трилогиянын экинчи бөлүгүнөн орун алыш мүмкүндүгүн, атүгүл зарылдыгын билдирет деген сөз.

Биз жогоруда «Көкөтөйдүн ашы» «Манаста» да «Семетейде» да айтыла бериши керек деген оюбузду «Манас» трилогиясынын оозеки түрүндө жашаган учурун эске алып айтып жатабыз. Эгерде эпос жазма түрүндө бизге жетсе, аталган эпизодду трилогиянын эки бөлүмүндө тең боло берээри жөнүндө айта албас элек. Ант-

кени жазма түрүндө жашаган адабият опсуз кайталай берүүнү жаратпайт. Ал эми оозеки түрдө жашаган адабиятта, анын үстүнө эбегейсиз зор көлөмдөгү үч бөлүмдөн турган «Манас» трилогиясында, айрым эпизоддордун кайталанып жатканы байкалбайт. Себеби угуучуларга манасчылар трилогиянын эки же андан көп бөлүктөрүн бир мезгилде айтып берүүгө таптакыр шарты болбостугу белгилүү. Атүгүл трилогиянын бир эле бөлүгүн айлап, жылдап айтышканын эскерип жүрүшөт. Анан калса жомокчулар трилогиянын баарын, же «Манас» бөлүгүн айтып манасчы, «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүн, же «Семетейди» эле айтып семетейчи аталып жүрүшпөйбү. «Көкөтөйдүн ашынын» трилогиянын эки бөлүгүндө тең кезигиши ушуга байланыштуу болуу керек. «Көзкамандар окуясы» жөнүндө да ушундай эле ойлорду айтууга болот. Бирок бул эпизод Тоголок Молдонун вариантында жок болгондуктан токтолбойбуз.

### 9

Чоң казаттын башталышына Көкөтөйдүн ашындагы калмак, кытайлардын чыгарган чатагы себепчи болсо, Семетей менен Коңурбайдын согушуна ошол казатта курман болгон Манас жана анын чоролорунун кунун куу бирден бир себеп болот. Семетей Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөккө үйлөнүп, өз жеринде бейгам жатканда атасынын кунун, ал жөнүндөгү Чынкожо, Толтойдун:

Карыш турган Бежинден
Манастын кунун куубайт деп,
Кан Коңурбай калдайдын
Канын ичип суубайт деп,
Адамзат бендеде
Акмак да мындай туубайт деп[1]

айткан ушагын эстейт. Бакай, Сарыкан баштаган бардык элин чогултуп Семетей:

Кылымга толгон кыргыздан
Кырылып кеткен жан үчүн,
Кызыталак чоң калдай
Айдап кеткен мал үчүн,
Атылып өлгөн кун үчүн,

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1078, 2-бет.

Артык кеткен пул үчүн,
Казат кылам Бежинге,[1]—

дейт. Чоролоруна (Чоң казатта каза болгон 40 чоронун балдары) алдыдагы согуштун максаты жөнүндө айтып, алардын аталары эмне себептен, кайда өлгөнүн эскертип, кайраттуу болууга үндөйт:

Серектин уулу Тыныстан,
Башыңды тартпа кылычтан.
. . . . . . .
Ажыбайдын Үрүстөм,
Айныба чором жүрүштөн...
. . . . . . .
Кыргылдын уулу, Орозум,
Атагың дайын чоросуң.
Атаңдын кунун калдайдан
Алганда адам болосуң[2].

Ушундай мүнөздөгү акыл, насыят, үгүт сөздөр менен жыйырма чоронун баарына кайрылып, Семетей Коңурбай менен болчу согуштун маанисин ар бир чоронун жана элдин аң-сезимине жеткире түшүндүрөт. Ошондуктан Чоң казатка аттанардагыдай олку-солкулук келип чыкпайт.

Трилогиянын «Манас» бөлүгүндөгү калмак, кытайларга каршы чыккан негизги уруш — Чоң казаттын чыгышына да бир нечелеген айкын себептер бар болчу. Маселен, калмак кытайлардын кыргыз жерин көп жолу бейчеки басып кириши, Алоокенин Анжиянды ээлеп алышы, Ногойдун балдарын (Манастын ата-бабасын) чар тарапка чилдей таратып жибериши, Көкөтөйдүн ашындагы окуя жана башкалар элдин канын кайнатып мекени, өз тагдыры үчүн казатка аттанаарына толук шарт түзмөк. Бирок кыркы кырк жактан келген чоролорго «Семетейдеги» аталары чоң казатта өлгөн топ жетимдердей, Коңурбайдын келтирген жапа-кордуктары, азап-эзүүсү ар биринин жеке керт башына келген эмес эле. «Семетей» эпосундагы Коңурбай менен болчу уруштун мааниси, максаты Семетейдин жана анын чоролорунун аталарынын кунун куу болгондуктан ар биринин жекече милдетине туура келген. Ошондуктан бул уруштун чыгуу себептери Чоң казатка караганда айкын-ачык баяндалып, милдеттери белгилүү.

---

[1] *Тоголок Молдо*. Семетей, инв. 1078, 4-бет.
[2] Ошондо, 45-бет.

Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында кеңири тараган мотив — эпикалык башкы каарман согушка аттанарда аялы же жалпы үй-бүлөсүнүн каршы чыгышы болуп саналат. Бул мотив кыргыз эпосторунда да арбын учурайт. Трилогиянын биринчи бөлүгүндө Манас Кичи казатка аттанып жатканда (Тоголок Молдонуку боюнча) Каныкей түшүн айтып, Коңурбайга барбашын өтүнсө, Алмамбет баштаган чоролор да Коңурбайдын «досум» деп жазган алдамчы катына ишенбей, Бежинге баруун туура көрүшпөйт. Ошол сыяктуу эле Семетей Коңурбайга каршы аттанганда Айчүрөк, айыл аксакалдары баш болгон эл бул жортуулду быйылча токтото туруусун өтүнүшөт. Атасы Манас сыяктуу эле Семетей да көздөгөн оюна каршы чыккандай көрүп Айчүрөктү камчы менен тартып жиберет. Эпикалык башкы каармандардын аялдары алардын жортуулга жөнөшүнө каршы турушу душмандын күчтүүлүгүнө, сырлары белгисиздигине, баатыр бейубак жөнөп жаткандыгына байланыштуу чечилет. Чынында эле эпикалык каармандар ошол сапарларынан ийгиликсиз кайтышат: же өлүмгө, же жеңилүүгө учурайт. Бирок башка чыгармалардагыдан айырмаланып, «Семетей» эпосунда жеңилүү, же курмандыкка учуроо Коңурбайга каршы согушта болбойт. Тескерисинче, Семетей өз жеринде өз тууғандарынын колунан өлөт.

Бээжин жолуна Коңурбайдын айбандардан койгон кароолдору (Түлкү, Аккулжа, Кууөрдөк) жөнүндөгү мотив трилогиянын «Манас», «Семетей» бөлүктөрүндө бирдей эле даражада айтылат. Айрым макалалардын, илимий эмгектердин авторлорунун «Семетейдин Коңурбай менен болгон согушун «Чоң казатка» окшош деп кароосуна»[1] көбүнчө ушул мотив себеп болуп жаткансыйт. Чындыгында, М. Мамыров «Аталган пикирлерди (Т. Байжиев менен В. М. Жирмунскийдин пикирлерин) Семетей менен Коңурбайдын урушуна толугу менен колдонууга эч болбойт. Анткени ал эпизоддо эпостун «Манас» бөлүгүнүн салгылашуу сценаларына окшобогон сюжеттик мотивдер да орун алган»[2], — деп

---

[1] *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас». — В кн.: Киргизский героический эпос «Манас», 179-бет; *Байжиев Т.* ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 5085, 8—10-беттер.

[2] *Мамыров М.* «Семетей» эпосу—«Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү, 37—38-беттер.

туура белгилегендей, сюжеттик мотивдер, согуштук ситуациялар, персонаждардын кыймыл-аракеттери жана башка жагынан трилогиянын экинчи бөлүгүндөгү Коңурбай менен болгон согуштун «Чоң казаттан» айырмаланган жактары бар. Ушул эле Коңурбайдын кароолчулары болгон айбанаттарга жолугууда, аларды жок кылууда сөз болуп жаткан варианттын өзүндө да айырмачылыктар кезигет. Маселен, Чоң казатка бараткан-да Алмамбет менен Сыргак тилсым салган капканын таш ыргытып чаптырып, Аккулжа менен өрдөктү экөөлөп атып өлтүрүшсө, «Семетей» бөлүгүндө куу түлкүнү Кумайык тиштейт, Аккулжаны атат, Куу өрдөктү Акшумкар алат. Биринчи бөлүктөгү тилсым экинчи бөлүктө жок, анын ордуна куу түлкү бар. Дагы бир белгилей кете турган нерсе, «Семетейдеги» Кууөрдөктүн эти өлбөстүн суусуна тете. Аны жеген Бакай менен Каныкей алиге тирүү деп айтылат:

Бул өрдөктүн этин жегендер,
Өлөбүз бүгүн дегендер,
Өлбөстүн суусун ичкендер
Аңгемелүү кеп айтат:
«Бакай менен Каныкей
Алиге тирүү», — деп айтат[1].

Бирок В. М. Жирмунский белгилегендей, Бакай «Чоң казаттын» катышуучусу катары Семетейге жолдун жөнүн кеңири түшүндүрөт. Кезиге турган кыйынчылыктар, душмандар тууралу дайыма эскертип, «Манастагы» Алмамбеттин ролун аткарат. Демек, сөз болуп жаткан мотивдеги бул момент эки эпизоддо окшош мотивировкаланган деп айтууга болот.

Коңурбай менен болгон согушта ар кандай чыйралган татаал ситуациялар аярлык-алдоо аракеттер менен алмашылып турат. Мындай аракеттерди Коңурбай тараптан Каракул, Семетей тараптан Күлчоро жүргүзөт. Булардын сыйкырчы — аярлыкка жөндөмдүүлүгү трилогиянын биринчи бөлүгүнөн баштап атадан балага келе жаткан традиция катары көрүнөт. Маселен, Күлчоронун атасы Алмамбет Манастын эң жакын досу, ишенген баатыры жана кол башчысы болуу менен согуш майданындагы, катаал жолдордогу ар кандай кыйынчылыктардан айла-амалга салып куткарып отурат. Ал

---

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1078, 35-бет.

күн жайлап, жерди селге каптатат. Орхондой чоң дарыяларды соолдутуп коет, ж. б. Күлчоро да так эле ушундай касиеттерге ээ. Каракул болсо трилогиянын биринчи бөлүгүнөн эле укмуштай аяр. Ал болсо Коңурбайдын жылкычыларынын башчысы катары берилет.

Трилогиянын экинчи бөлүгүндө да Семетейлер Каракулга жылкы башында жүргөн жеринен жолугушат. Капысынан кармалып калган Каракул өзүн Семетейге кырымдык кылып көрсөтүп, Каныкей, Чыйырдыдан бери сурап жибергенде баатыр уялып калат. Амалданган Каракул Коңурбайга Семетейлердин келгендиги жөнүндө кабарлайт. Айбандардан, адамдардан койгон кароолдордун баарынан өтүп келген Семетейлерди Каракул ушинтип аярлыкка салып алдап кетет.

Так эле жогоркудай амалды Күлчоро да колдонот. Кароолдо туруп уктап калган жеринде Коңурбай келип калат. Күлчоро Алмамбеттин баласы экендигин, кытайга качып бараткандыгын билдирет. Ага Коңурбай ишенип калганда Күлүс артынан найза саят. Күлчоронун амалы алгачкы беттешүүдө Коңурбайдын жеңилишине бирден бир себепчи болот.

Күлчоронун айла-амалы Коңурбай менен болгон экинчи беттешүүдө да чечүүчү ролду ойнойт. Байкатпай Таласты басып кирген Коңурбай Тайбуурулду колго түшүрүп, орго салат. Семетейлерди курчап, шаарга чоң сууну буруп жиберет. Ушундай учурда Күлчоро душмандарынын суга койгон кароолун жайлап, кийимин кийип, Коңурбайга чайчы болуп алып, Тайбуурулдун дайнын табат. Аны ордон алып чыгып, Семетейге жеткирет. Ошондон кийин эки жак катуу беттешип, кытайлар жеңилүүгө учурайт. Күлүс кытайлардын сырын тартып, Тайбуурулду бошотуп чыкпаганда Чачыкейдин тили менен Айчүрөктү салбар кылып тууган-уруктарынын, чоролорунун баарынан «кетип», сарайында магдырап уктап жаткан Семетей сөзсүз жеңилүүгө учурамак.

«Семетей» эпосундагы аярлык — алдоо же кубулуу мотиви «Манастагы» аярлардын кылык-жоруктарынан (Сагымбай Орозбаковдун варианты эске алынып жатат) айырмаланып, турмуштук сценаларга бир топ жакындаштырылып мотивировкаланат. Мында бир түрдөн экинчи түргө өтүп кубулбастан, өзүн экинчи бир элдин (душманынын) өкүлү катары көрсөтүп, ошол элдин башчысынын ишенимине кирип алып өз эли үчүн

кызмат өтөйт. Бул учурда айрыкча тил жана сырткы кебете-кешпир (кийим дагы) негизги ролду ойнойт. Жалпы караганда Күлчоронун бул ыкмада жасаган аракеттери «Чоң казаттагы» Алмамбеттин Бээжинге киргендегисин эске салат. Каракулдун болсо «Манастагы» жүрүш-турушу «Семетейде» андан ары улантылып отурат.

Коңурбайдын өлүшү сөз болуп жаткан вариантта эпостук мүнөзгө, баатырлык салтка анчейин жуурулуша бербегенсийт. Анткени кыргыздын жерин, Манастын кунун берүүгө, Семетей менен достошууга, кудалашууга макул болуп элчи катары келген Коңурбай менен Нескараны отурган жеринде Күлчоро баштарын шыпыра чабат. Бул элчинин ыйыктыгына байланышкан элдин салтына Манастан бери келаткан куралсыз, унаасыздар менен беттешпеген эрдиктин эрежелерине аз да болсо көлөкө түшүрүп турат. Мындай учурлар арамзалыктын, коркоктуктун белгиси катары бааланып, сырткы душмандарга, айрыкча Коңурбайга тиешелүү болуп берилчү. Маселен, куралсыз Манас даарат алып, мунарага чыгып намаз окуп жатканда (Бээжинде) жашырынып турган Коңурбай айбалта менен чабат (С. Каралаевде), Манасты конокко чакырып дос болуп, анан бешинчи күн дегенде Коңурбай, Шоодай, Каракулдар айбалта тартууламак болушуп туруп, ошол айбалта менен Манасты башка чабат (Тоголок Молдодо), ажыдан келген Манас замбиректин огу тийип, Аккуладан ажырап курал-жараксыз турганда Коңурбай айбалта чабат (С. Орозбаковдо) ж. б. Ошондой болсо да бул вариантта Күлчоро Коңурбай менен Нескараны өлтүрүшүнө себепчи болгон бир топ аргументтер бар. Маселен, эки жак сүйлөшүп жатканда Күлчоро ары-бери бастырып турган. Ошол моментте Тайбуурул Алгараны тээп жиберет. Ага ичи ачышкан Коңурбай Семетейге: «Тетиги кулуңду тыйсаңчы, аялуу ат майып болуп калса эмне болот, кул кутурса кузгунга жем», — дейт. Коңурбайдын мындай төмөнсүнткөн сөзүнө чыдабаган Күлчоро ачууланып Ачалбарс менен баштарын шыпыра чапканы айтылат. Саякбай Каралаевдин вриантында да бул момент Тоголок Молдонукуна бир аз жакындашат, бирок анда Коңурбай менен Нескара өздөрү келбестен, Күлчоронун алдоосу аркылуу колго түшүп беришет. Коңурбайды Семетей, Нескараны Күлчоро өлтүрөт.

Тоголок Молдонун вариантында Семетейдин өлүмүнө байланышкан да айрым өзгөчөлүктөр бар. Мында Семетей, бардык варианттарда белгиленгендей эле, Канчоронун кастыгы аркылуу өлүм табат. Бирок айрым варианттарда бирден бир негизги себепчи болгон Тайбуурулду Үмөтөйдүн кунуна берип жиберүүгө байланышкан мотив (С. Каралаев, В. Радловдун варианттарында) жок. Тоголок Молдодо эски кегин эстеген Канчоро Семетейге Ополдо оолугуп жүргөн Кыязды басып, Кашкардан алым алып, Кытайга чейин жол чалгысы келип турганын айтат. Уруксат алган Канчоро Кыязга барып Семетейге болгон ич күйдүсүн айтып, аны атасы Толтойдун кунун алууга тукурат. Кыяз Кайнарды басат, Канчоро Семетейди алдап куш салууга алып чыгат да, Ала-Көлгө бараткан жолдо айбалта чабат. Мында Семетей Тайбуурулду мингени же минбегени жөнүндө ачык айтылбайт. Бирок эч кандай курал-жараксыз, чоролорусуз бейгам чыкканы тууралу кабар бар.

Жанга кабар бербестен,
Чоролор чогуу келбестен,
Акшумкарды кондуруп,
Жөнөп калды Эр Семең.
Келе жаткан жолунда
Кең Таластын боюнда
Жарагы жок, шайман жок,
Учурап калды душманга[1]

Демек, башка варианттардагыдай эле, сөз болуп жаткан вариантта да Семетей эч нерседен кабарсыз, согушууга зарыл болгон жабдыктары жок турганда Канчорого алдырып коюп, ошондон өлүм табат. Бакай Акшумкарды учуруп, Кумайыкты агытып, өзү чилтендерге кошулуп кетет. Мында Саякбай Каралаевдегидей Семетейдин кайып болуп кеткендиги жөнүндө айтылбайт. Тескерисинче Күлчоро Семетейдин жазатын (сөөгүн) Кең-Колдун башындагы Ыдырыс байгамбар тирүү боюнча кирип кеткен мазарга алып бардырып, кан болгон кийими менен коюу керектигин айтат. Бирок кайып болуу жөнүндөгү мотивдин бир чети Тоголок Молдонун вариантында да кылтыйып тургандыгына Бакайдын чилтендерге кошулуп кетиши күбө болот. Кыскасы, Үмөтөйгө байланыштуу окуялардын Тоголок Молдонун вариантында жок болушу айрым мотивдердин (масе-

[1] *Тоголок Молдо.* Семетей, инв. 1078, 223-бет.

лен, Семетейдин Чачыкейге үйлөнүшү, Семетейдин Канчородон өлүшү ж. б.) варианттарда өзгөчө жыйынтыкталышына шарт түзгөн. Ошондон улам сөз болуп жаткан варианттын айрым жерлериндеги идеялар башка варианттардан өзгөчө берилген учурлары кездешип отурат.

## 10

**«Сейтек» «Манас» трилогиясынын эпилогу же жыйынтыгы** катары кызмат кылат. Манастын кунун Семетей кууса, Семетейдин Канчоро, Кыяздарда калган өчүн Сейтек алып, Таласка келип атасынын ордун басканы айтылат. Тоголок Молдо жазып өткөргөн «Сейтек» 2230 саптан туруп, трилогиянын бул бөлүмүнө мүнөздүү болгон, негизги деп аталган, бардык эпизоддорду камтыйт. Бул манасчынын варианты боюнча жазылган «Сейтек» эпосу биздин иликтөө планыбызга кирбесе да, анын «Манасы», «Семетейи» жөнүндө сөз козгоп, аздыр-көптүр жалпылоого аракет жасаган соң, «Сейтегин» да кыскача камтый кетүү зарыл. Сөз болуп жаткан варианттын кыскача мазмуну мындайча: Семетейди өлтүрүп, Күлчорону колго түшүргөндөн кийин Канчоро Чачыкейге үйлөнүп, Таласка кан болуп калат. Каныкейге кементай кийгизип бээ саадырат, Жезбилек менен Калыйманды Чачыкейге күң кылып берет. Кыяз Айчүрөктү алып Күлчоронун далысын ойдуруп, жылкыларга отунчу кылып коёт. Айчүрөк:

Эки күнү толготуп,
Карагай бакан койдуруп,
Кара торпок сойдуруп,
Өпкөсүн алып чаптырып,
Бакшы менен бүбүнү
Элден издеп таптырып[1]

Сейтекти төрөйт. Ал төрөлгөндө үнү баркырап чоң кишилердикиндей болот. Аны уккан Кыяз коркуп, тегин бала болбосуна көзү жетип, өлтүрүүгө аракеттенет. Айчүрөк «Аккуу кейпимди кийип Акунканга кабар салсам оңбой каласың», — деп Кыязды коркутат. Сейтек эр жете баштайт. Айчүрөк башынан өткөндөрүн айтат.

---

[1] *Тоголок Молдо.* Сейтек, инв. 1078, 268-бет.

Күлчорого кеңеш суроо үчүн Сейтекти жиберет. Сейтек кытайдын 60 аяр табыптарына Күлчорону дарылатат. Дарылыкка *Кызыл кырма, Кайнатма кара, Барпы, Куну, Жанбас* деген дарыларды, *Өлбөстүн кызыл гүлүн, Шамарандын тилин, Убал куштун жүнүн* пайдаланышат. Күлчоронун жаратына алты ай казы бөлөшөт.

Айчүрөк Семетей бар кезде эле келечекте төрөлүүчү балдарын (эгер бири уул, экинчиси кыз болсо) баш коштуруу максатында антташып кудалашып койгон Кашкардын Акат аттуу канына барып келаткан Кыяздан Тоо торусун Сейтек менен Күлчорого таштайт. Жылкыга келген Кыязды Күлчоро кулак, мурдун кесип өчүн алат. Ошентип Ополго Кыяз тарабынан айдалып барган кыргыздарды Таласка көчүрүп келишет. Сейтек Канчорону жазалайт. Ушуну менен эпос аяктайт.

Жогоруда көрүнгөндөй Саякбай Каралаевдин вариантына тиешелүү болгон кыргыздарга Желмогуздун уулу Сарыбайдын кол салышы, ага каршы Кайыпчал кызы Куялынын күрөшү сыяктуу окуялар, Кара дөө, Көк мончокко байланыштуу мотивдер Тоголок Молдонун вариантында кездешпейт. Дарыгер Момунжандын ролун бул вариантта 60 кытай аткарат. Ушул өңдүү «бөксөлөрүнө», көлөмүнүн аздыгына карабастан Тоголок Молдонун варианты боюнча жазылган «Сейтек», айрым-айрым жерлердеги схемалуулуктарын эске албаганда, букта жана бир топ деңгээлде көркөм экендигин айта кетишибиз керек. Вариантта артыкбаш кайталоолор, идеялык олку-солкулуктар, жадатма жерлер учурабайт. «Сейтектин» сөз болуп жаткан варианты «Семетей» сыяктуу эле атайын изилдөөгө татыктуу. Бул жагдайда, жалпы эле «Сейтек» эпосу жөнүндө жазылган эмгектер, макалалар бар экени белгилүү[1]. Бирок алардын көбү Саякбай Каралаевдин вариантына таянышып, ошол жөнүндө пикир айтышкан. Ушундан улам, Тоголок Молдонун «Сейтегин» кеңири иликтөө келечектин иши болуп кала бермекчи.

---

[1] *Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас». — В кн.: Киргизский героический эпос «Манас», 1961, 186—191-беттер; *Сыдыкбеков Т.* О народности поэмы «Сейтек» — третьей части трилогии эпоса «Манас». Жогорку китептин 269—282-беттеринде; *Юнусалиев Б. М.* Об опыте создания сводного варианта эпоса «Манас», жогорку китептин 282—298-беттеринде; *Керимжанова Б.* Сейтек. В кн.: «Семетей» и «Сейтек», 1961, 37—50-беттер; *Асаналиев К.* Кириш сөз. Сейтек. 1960, 13—16-беттер.

* *
*

Илимий журтчулукта кеңири сөз болуп, коомчулукка да кеңири белгилүү болгон эмгектерди, кийинки учурларда жаралып жаткан илимий изилдөөлөрдү, айрым газеттик, журналдык макалаларды эске алганда да «Манас» трилогиясын илимий иликтөө багытында али «чети оюла элек казына» дешке болот. Себеп дегенде, трилогиянын жалпы көлөмү башка элдердин эпосторуна салыштырмалуу караганда көп. Окумуштуу фольклорист Самар Мусаевдин сөзү менен айтканда: «Азыркы мезгилде Кыргыз ССР илимдер Академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн Кол жазмалар фондусунда эпостун үч бөлүгү боюнча 30 жомокчудан жазылып алынган 2 миллиондон ашык ыр саптарынан турган 42 вариант сакталып турат»[1]. Алардын ичинен илимий чөйрөдө, негизинен, манасчылар С. Орозбаков менен С. Каралаевдин жана окумуштуу фольклористтер: В. В. Радлов, Ч. Ч. Валихановдор жазып калтырган варианттарынын тегерегинде гана сөз болуп келатат. Айрым варианттар жөнүндөгү атайын изилдөөлөрдү эске албаганда (алар да экөө-үчөө эле)[2] калгандары али илим элегине салына элек.

Иште варианттын бардык жагын камтуу жөнүндө милдет койгон эмеспиз. Антүүгө таптакыр мүмкүн болбостугу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Анткени Тоголок Молдонун вариантына байланышкан проблемаларды (вариант трилогиянын үч бөлүгүн тең камтыйт) терең болбосо да жалпылаган түрдө баяндап чыгуунун өзү — бүткүл «Манас» трилогиясына тиешелүү маселелерге аздыр-көптүр кайрылуу деген сөз. Ал эми аталган эпоско байланыштуу илимий изилдөөлөр XIX кылымдан тар-

---

[1] *Мусаев С.* От редактора. — В кн.: «Манас» — героический эпос киргизского народа. — Фрунзе, 1968, 5-бет.

[2] *Рахматуллин К. А.* Творчество манасчи. — В кн.: «Манас» — героический эпос киргизского народа.—Фрунзе, 1968, 75—147-бет. *Абдылдаев Э.* Манасчы Багыш Сазанов жана анын вариантынын өзгөчөлүгү. Известия АН Кирг. ССР. Серия общественных наук, т. VI, выпуск II (литературоведение), 1964, 69-бет; *Мамыров М.* «Семетей» эпосу—«Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү (С. Каралаевдин вариантындагы «Семетей» жөнүндө.—О. С.).—Фрунзе, 1963; *Джакишев У.* Особенности трилогии «Манас» по варианту Ш. Рысмендеева. ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 5108, 216-бет; *Кыдырбаева Р.* Эпос Манас (идейные мотивы и стилистика варианта Сагымбая Орозбакова). ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв. 5111, 138-бет.

тып эле жүргүзүлүп келатканы белгилүү. Ошондуктан сөз болуп жаткан манасчынын вариантындагы өзүбүз уруттуу деп эсептеген, айрыкча сюжеттик жактан болгон өзгөчөлүктөргө токтолдук. Эпостун уюткусу катары эсептелген «Чоң казат», «Кичи казат» эпизоддорун мотивдерге бөлүп, ошол мотивдерди Тоголок Молдо, С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттары боюнча салыштыруу, сөздүн түз маанисинде айтканда, өтө тактыкты талап кылат. Максат кандайдыр бир зарылдыктан ушул эпизоддорго кайрылып калган тигил же бул киши үч вариант боюнча тең толугураак маалымат алып калсын деген ой.

Трилогиянын киришүү бөлүмү катары «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» аттуу эпизодду Тоголок Молдо С. Орозбаковдун вариантынан эркин ыр түрүндө кайра көчүрүп чыккандыгына, «Чоң казаттын» баш жагы да аталган манасчынын вариантына өтө жакын келгендигине карабастан, Тоголок Молдонун варианты өз алдынчалыкка ээ. «Чоң казаттын» аягы, «Кичи казат» толук бойдон, мотивдерге бөлүп салыштырганда көрүнгөндөй, башка варианттардан айырмаланып, эпоско тиешелүү окуялар өзүнчө чыгармачылык менен чечилген. Ошондой эле вариантка «Манастын ашы» аттуу эпизоддун кириши да Тоголок Молдонун эпоско чыгармачылык менен мамиле кылуудагы аракетинин күбөсү.

Тоголок Молдо жазып өткөргөн трилогиянын биринчи бөлүмү «Манаста» традициялуу эпизоддордун көпчүлүгү жок болгондугуна карабастан, илимий изилдөөлөр үчүн зарыл материалдардан болуп саналат. Андагы тилдик, стилдик, сюжеттик жана тарыхый фактылар жагынан болгон өзгөчөлүктөр зор кызыгууларды туудурары шексиз.

Трилогиянын «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндө болсо бул эпосторго мүнөздүү болгон традициялык эпизоддордун бардыгы сөз болуп жаткан вариантта өз нугунда сакталып, жогорку чеберчиликте аткарылган. Идеялык-көркөмдүк жагынан Тоголок Молдонун варианты жыйырмадан ашык варианттардын ичинен өзүнчөлүккө ээ. Толук жана мыкты деп эсептелген Саякбай Каралаевдин варианты менен теңтайлаш турат. Демек, Тоголок Молдонун вариантындагы трилогиянын «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү «Манас» трилогиясын изилдөөчүлөрдүн негизги объектиси болуп кала бермекчи. Ушундан улам Тоголок Молдонун варианты басма бетине чыгууга муктаж экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү.

## Мазмуну

Сөз башы . . . . . . . . 3

Манас . . . . . . . . . . 17

Тоголок Молдонун вариантындагы «Чоң казаттын» негизги мотивдери . . . . . . . . 27

Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы «Чоң чабуулдун» негизги мотивдери . . . . . . 29

Саякбай Каралаевдин вариантындагы «Чоң казаттын» негизги мотивдери . . . . . . . . 31

Семетей . . . . . . . . 76

«Сейтек» «Манас» трилогиясынын эпилогу же жыйынтыгы катары . . . . . . . . 117

*Омор Сооронов*

ЭПИЧЕСКИЕ МОТИВЫ В ТРИЛОГИИ «МАНАС»

(по варианту Тоголока Молдо)
*(на киргизском языке)*

Басманын редактору *Б. Шамшиев*
Худ. редактор *В. Ф. Роек*
Тех. редактор *Э. К. Гаврина*

Басууга 28.01. 1981 ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 84×108 1/32. Көлөмү 6,15 басма табак, 6,4 учеттук басма табак. Д—00370. Тиражы 500 экз. Заказ 182. Баасы 1 с.

Фрунзе шаары, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын басмасы, Ленин проспектиси, 265а.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын басмаканасы, Пушкин көчөсү, 144.